# IMAM SARAHSI'S EFFECT ON SECULAR LAW SYSTEMS

*Kariev Aiitmamat Akjolovich*
*Doctor of teological sciences, senor teacher*
*k.aytmamat@gmail.com*
*Karabuk University*
*Karabuk, Turkey*

***Abstract.*** *In the humanity history there was the custom or writen law system in the control of society. And all these legal system was domanited on the public opinion. It was true that won't be able to deny. The legal system of Muslims was domanited to their beliefs, customs, traditions and rituals. Muslims were also established their law system of government and the system of international law. In this article, Imam al-Sarakhsiy regulates this legal system of Muslims, and even writes a thirty-volume work, al-mabsut, in the usual codified nature, as well as an important book of special international law, Sharkh al-Siyar al-Kabir. And finally, we'll research as Imam Sarakhsiy's influence on the modern international legal systems.*

***Keywords:****Imam Sarakhsiy, international law, sharkh al-siyar al-kabir, al-mabsut,jurisprudence.*

**Киришүү.** Жергебизде актуалдуу талаш-тартышты жаратып жаткан диний иденттүүлүк маселеси, ар башка топтордун өздөрүнүн кызыкчылыктарынын негизинде ишке ашырылбашы, бул маселенин өзүбүздүн дүйнө-таанымыбызга, үрп-адатыбызга, каада-салтыбызга ылайыктуу түрдө чечилиши зарыл. Мына ушул максатта, Имам Сарахсийдин фикх, тактап айтканда, укук жана эл аралык укук түшүнүгүн, кыскача изилденип, элибизге тартуулоонун убагы келип турат. Бул илимий макалада, Имам Сарахсийдин өмүр-таржымалы, жазып калтырган эмгектери, эл аралык укук системасына кошкон салымы изилденмекчи.

Имам Сарахсийдин толук аты жөнү Абу Бакр Шамс аль-Аимма Мухаммед б. Ахмад Абу Сахл аль-Сарахсий деп аталат. Ал 400/1009-1010-жылы азыркы Түркмөнстандын Сарахс шаарында төрөлүп,[4, 23-б] 483/1090-жылы бул дүйнө менен кош айтышкан жана сөөгү Өзгөн шаарыбызга коюлган [13, 107-110-б]. Имам Сарахсийдин устаздары Шамс аль-Аимма ал-Халваий (ө. 452/1060) жана Абу аль-Хасан (Хусейин) Рукн аль-Ислам Али б. Аль-Хусайн б. Мухаммед аль-Сугдий (ө. 461/1068) өңдүү, ошол доордун эң атактуу аалымдары болгон. Анын шакирттери Абу Бакр Мухаммед б. Ибрахим аль-Хасирий (ө.500/1107), Рукн аль-Дин Масуд б. Хусайн аль-К(у/а)шаний (ө.520/1126), Бурхан аль-Аимма Абдулазиз б. Умар б. Мааза (ө.536/1141), Усман б. Али б. Мухаммед аль-Б(и/а)йкандий (ө.552/1157), Абу Хафс Умар б. Хабиб (ө. ?), Махмуд б. Абдулазиз аль-Узжандий (Өзгөндий) (ө.1196) өңдүү аалымдар болгон. Имам Сарахсийдин чейрек кылымдык абак

жашоосу, [3, 5-б] анын жалпы мусулман коомчулугунун акы-укуктарын жана таламдарына кызмат кылуучу укуктук системаны курушуна себеп болгон [2, 142-143-б.]. Тактап айтканда, ал өзүнүн укук жана мамлекет түшүнүгүн толук ырастап алган соң, төмөндөгү аябай маанилүү китептерин жазып калтырган.

**Имам Сарахсийдин бизге чейин жетип келген эмгектери.**

Имам Сарахсий “аль-Мабсут”, “аль-Усул”, “Шарх аль-Сияр аль-Кабир”, “Шарх Зиядат аль-Зиядат (Нукат)”, “Шарх аль-Жамиъи аль-Сагир”, “Шарх аль-Жамиъи аль-Кагир”, “Шарх Китаб аль-Касб”, “Шарх Мухтасар аль-Тахавий”, “Сифат Ашрат аль-Саъат” өңдүү, аябай баалуу укуктук мүнөздөгү эмгектерди жазып калтырган. Анын бул китептерин окуган соң, ханафий мазхабынын чыныгы укуктук мүнөзүн толук аңдап-түшүнүүгө, Ислам укуктук системасынын кадимки дүйнөбий укуктук системалардын арасында орун-очок табышын көрө аласыз [10, 125-138-б]. Анын жогорудагы эмгектери өзүнөн кийинки фукаха [11, 79-97-б] жана усулчуларга аябай чоң таасир жараткан [9, 24-б].

**Имам Сарахсийдин эларалык укук системасына кошкон салымы.**

Имам Сарахсийдин Өзгөн мунарасындагы бир бөлмөдө 479/1086-жылдын Зулкаъда айынын алгачкы күндөрүндө окуучуларына жаздыртып баштаган “Шарх аль-Сияр аль-Кабир” аттуу эмгеги бар. Бул китеп Имам Мухаммеддин “аль-Сияр аль-Кабир” аттуу эмгегин чечмелеген (шарх) китеп. Имам Сарахсий жогорудагы эмгегинин “аль-Шуруут” бөлүмүнө жеткенде абактан чыгарылган. Андан соң Ферганалык Амир Хасандын үйүнө барып, ошол жерде окуучулары менен чогуу китепти аягына чейин жазып чыгышкан [6, 186-б]. Менимче, Имам Сарахсий абакта жатса да, өз мамлекетиндеги ичара чыр-чатактарга туура багыт берүү максатында, [7, 152-б] мына ушул китепти жазган [8, 12-б]. Анткени, бул китептин маани-маңызы, мамлекеттер ортосундагы эл аралык мамилелер менен байланыштуу болгон [1, 5-б].

Мамлекеттердин ортосундагы эл аралык мамилелер маселесинде маанилүү орунга ээ болгондугунан, [12, 583–598-б] бул китеп 1241/1826-жылы Осмон Империясында, Даббагзаада Мехмед Муниб Айинтабий тарабынан түрк тилине которулуп, Стамбул шаарында басылып чыккан. Арапчасынын басылышы дээрлик бир кылымдан кийин гана жүзөгө ашкан. Балким, бул айырмачылык, эки элдин мамлекет түшүнүгүнүн эки башка болушунан болсо керек. Бул китепти тахкик кылууга бел байлаган аалым Салахуддин аль-Мунажжид болсо да, анын жарым калган иши Абдулазиз Ахмад тарабынан толукталган. Айинтабий, жогорудагы китепти түрк тилине

которуу менен гана чектелбестен, кыскача “Тайсир аль-Масир фи Шарх аль-Сияр аль-Кабир” деген аталышта, кыска-нуска абалда арапча хашия жазган.

Бул чыгарма болсо ЮНЕСКОнун (UNESCO) талабына ылайык, Мухаммед Хамидуллах тарабынан француз тилине оодарылып, Түркия Диянат Фонду тарабынан басылып чыгылган. Мунун өзү эле, азыркы Франциянын атуулдугун кийинчерээк алган мусулмандар менен француздардын ортосундагы солгундай түшкөн мамилени жөнгө салууда, оболу, мусулмандарга кандай гана таасирдүү болгонун, ошону менен бирге дүйнөлүк деңгээлде Имам Сарахсийдин тээ илгерки заманда эле эл аралык маселерди талкуулагандыгын далилдейт. Демек, ал ошол доордогу айткан пикирлери менен эле, азыркы күндөгү укуктук системаларга өз таасирин тийгизген. Анткени, аты аталган китепти колуңузга алып көз чаптырганыңызда, чындыгында, Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) доорунан тарта Имам Сарахсийге чейинки убакытта, мусулмандардын динди жеткизүү максатында жана фатх саясатынын негизинде, көптөгөн кайырдиндер менен ымаала түзүүгө, муну Ислам динин негизинде жүргүзүүгө мажбур болуп, акыр-аягында дүйнөбий укуктук системалардын арасында, кадимки Ислам укуктук системасын түзө алышкандыгына күбө болосуз.

Тайсир аль-Масир фи Шарх Сияр аль-Кабир китебинин түрк тектүү элдер үчүн маанилүүлүгүн айгинелеп, бул чыгарма азыркы түрк тилине “İslam Devletler Hukuku/Мусулман мамлекеттеринин эл аралык мамилелер укугу” деген аталышта, [5, 1-1845-б] М. Саид Шимшек жана Ибрахим Сармыш тарабынан которулган. Басылып чыккан күнүнөн тарта азыркы күнгө дейре, жогорудагы китеп аябай көп окулган китептердин арасынан орун алып, алкышка арзый турган китеп, чындыгында. Муну менен бирге, Имам Сарахсийдин бул китеби бир топ Европа өлкөлөрүндө да, университеттерде классикалык мааниге ээ, эл аралык булак катары окутулуп келет.

**Корутунду.** Булардын баары Имам Сарахсийдин бир гана Ислам укуктук системасына эле эмес, азыркы күндөгү эл аралык укук системасына да, чындыгында, зор салым кошкондугун айгинелейт. Ошону менен бирге, анын жазып калтырган “Шарх аль-Сияр аль-Кабир” аттуу, өзгөчө эл аралык укуктук мүнөзгө ээ болгон эмгеги, автордун бул тармакка ат көтөргүс чоң салым кошкондугунун далили болуп саналат. Имам Сарахсий жана анын аты аталган эмгеги, мына ушул перспективадан терең изилденип, атайын диссертациялар жакталып, терең мазмундуу эмгектердин жазылышы, замананын талабы.

**Адабияттар**


1. Сарахсий, Абу Бакр Мухаммед б. Ахмад б. Абу Сахл, *Шарх аль-Сияр аль-Кабир*, Бейрут: Даар аль-Кутуб аль-Илмиййа, 1997, 11-17-б.
2. Сарахсий, Абу Бакр Шамс аль-Аимма Мухаммед, *Усул аль-Сарахсий*, Басмага Даярдаган: Абу аль-Вафа аль-Афганий, Бейрут: Даар аль-Кутуб аль-Илмиййа, 1414/1993, 5-б.
3. Сарахсий, Шамс аль-Аимма Мухаммед б. Ахмад Абу Сахл, *аль-Мабсут*, Бейрут: 1398, 15-т, 142-143-б.
4. Mustafa Cevat Akşit, *Mebsût-u Serahsî (Mebsût Tercümesi)*, İstanbul: Gümüşev Yayıncılık, 2015, c. 1, s. 23.
5. İbrahim Sarmış-M.Sait Şimşek, *İslam Devletler Hukuku (Şerhü Siyeri'l-Kebir)*, Konya: Eğitaş Yayınları, 2000, 1-1845-б.
6. Ахмад б. Мустафа Ташкөбрузаада, *Мифтах аль-Саъада*, Каир: 2-т, 186-б.
7. Gafurov, B. G., *The rise and fall of Samanids*, New Delhi: Studies in Islam, 1968,152-б.
8. Nelson Frye, Richard, *The Samanids*, Cambridge University Press, 1975,12-б.
9. Кариев, Айитмамат, *Ислам укугу методологиясы*, Бишкек: Эконом принт, 2020, 24-б.
10. Kariev, Aiitmamat, "Karahanlılar Devrinde Yetişmiş Orta Asya Fukahası ve Onların İdaredeki Yeri", Mizânü'l-Hak İslâmî İlimler Dergisi, Sayı: 6, 2018, ss. 125-138.
11. Кариев, Айитмамат, "Ханафий мазхабынын фуруъ аль-фикх жана усул аль-фикх жаатындагы негизги колдонмо адабияттары", Ош мамлекеттик университети Теология факультети илимий журналы, 24/2018, 79-97-б.
12. Lewinstein, Keith, "Notes on Eastern Hanafite Heresiography", Journal of the American Oriental Society, No: 114, 1994, ps. 583–598.
13. Nusret Çam, "Kırgızistan'ın Özkent Şehrinde Serahsî'ye Atfedilen Mezar", Erdem, No: 54, 2009, ss. 107-110.

*ПОЛИТОЛОГИЯ*

УДК 32.322. (261.7)
DOI: 10.52754/16947452_2022_4_99

# КЫРГЫЗСТАНДЫН КООМДУК-САЯСИЙ ТУРМУШУНДА ДИН ЖАНА ДИНИЙ УЮМДАРДЫН ОРДУ

*Козукулов Тимур Алимбекович, саяс.и.к., доцент,*
*t.kozukulov@oshsu.kg*
*Маметова Мээрим Равшановна, аспирант,*
*m.mametova07@gmail.com*
*Ош мамлекеттик университети,*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *Бул макалада Кыргызстанда дин менен диний уюмдардын орду жана ролу каралат. Кыргызстандын коомдук-социалдык жашоосундагы диндин элементтери аны менен бирге диний уюмдардын структуралык жана функционалдык өзгөчөлүктөрүнө токтолобуз. Ал уюм Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы (КМДБ) аны менен бирге Муфтият да деп аталат. Орто Азия мамлекеттеринин жакынкы тарыхында, тагыраак айтканда СССР доорунда Орто Азия жана Казахстан мусулмандарынын диний башкармалыгы (ОАКМДБ) деген мекеме саясий жактан пассив көрүнгөнү менен саясий айдында орчундуу орун ээлегенин айтууга болот. Коммунизм доорунда калк диний мекеме катары муфтият бар экендигин гана билишкен, бирок аны жакындан тааныган эмес деп айтууга болот. Бул уюм белгилүү чөйрөгө гана тиешелүүдөй, кол жеткис же кол тийбестей алгыланганбы деген ой келет. Кыргыз коомчулугунда активдүү болбогон диний мекеме, эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин КМДБ маанилүү орунду ээлегендигин көрүүгө болот. Учурубуздагы Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы башкача айтканда Муфтият ОАКМДБнын мураскорубу же жаңыдан куралган уюм катары иш алып баруудабы деген суроо туулат. Азыркы КМДБнын тарыхчасын карасан Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондо жаңыдан пайда болгон уюм катары сыпатталууда. Чындыгында коммунизм доорундагы диний уюмдан айырмаланып кандай өзгөчөлүк киргизилди деген маселе үстүндө азыркы учурга чейин эч ким изилдөөгө алган эмес деп айтсак жаңылыштык болбосо керек. Учурда кыргыз коомчулугунда диний мекемеге тагыраак айтканда КМДБга наразы болгондор басымдуу экендиги анын айланасында болуп өткөн окуялардан улам айтууга болот. КМДБ кыргыз коомчулугунун ишенимине ээ боло алдыбы деген ой ар бир мусулманмын деген жараанды кызыктырбай койбойт. Коомчулукта талкуу болуп келгени менен анын өзгөчөлүгү, кайсыл функцияларды аткарат жана милдеттерин ойлоп коюшпайт. Коомчулук жөн гана сырткы феноменинин үстүндө гана талаш талкуу жүргүзүп келүүдө. Чындыгында илимий чөйрөнүн да сыртында жашап келүүдө. Коомчулук менен саясий чөйрөгө белгилүү учурда гана актуалдуу болот мезгил өтүүсү менен унутта калып да кетет. Коомдун жашоосунда өзгөчө орун ээлеген Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын тарыхы, түзүлүшү жана аткарган милдеттерине структуралык-функционалдык талдоо жасалат. Макалабызда жогоруда токтолгон проблематикаларга илимий анализ жасаганга аракет кылабыз.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Кыргызстан, дин, ислам, муфтият, мечит, медресе, хатибият.*

# РОЛЬ РЕЛИГИИ И РЕЛИГИОЗНЫХ ОРГАНИЗАЦИИ В СОЦИАЛЬНО-ПОЛИТИЧЕСКОЙ ЖИЗНИ КЫРГЫЗСТАНА

*Козукулов Тимур Алимбекович, к.полит.н., доцент,*
t.kozukulov@oshsu.kg
*Маметова Мээрим Равшановна, аспирант,*
m.mametova07@gmail.com
*Ошский государственный университет,*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *В данной статье рассматривается место и роль религии и религиозных организаций в Кыргызстане. Будут рассмотрены элементы религии в общественной жизни Кыргызстана, а также структурно-функциональные особенности религиозных организаций. Эта организация называется Духовным управлением мусульман Кыргызстана (ДУМК), а также носит название Муфтията. Можно сказать, что в новейшей истории стран Центральной Азии, точнее, в советское время, Духовное управление мусульман Средней Азии и Казахстана (ДУМСАК) было политически пассивным, но занимало важное место в политической сфере. Можно сказать, что в коммунистическую эпоху население лишь знало о существовании муфтията как религиозного института, но близко его не знало. Возникает вопрос, воспринималась ли эта организация как недосягаемая или неприкасаемая, как принадлежащая только определенным кругам. Можно заметить, что ДУМК, религиозный институт, не проявлявший активности в кыргызском обществе, занял важное место после обретения независимости. Назревает вопрос, является ли нынешнее религиозное управление мусульман Кыргызстана, иными словами Муфтият правопреемником ДУМСАК или же оно ведёт деятельность как новообразованная организация. Историю нынешнего ДУМК описывается как вновь образованная организация после обретения независимости Кыргызстана. На самом деле не будет ошибкой сказать, что до сих пор никому не удавалось изучить вопрос о том, какая именно особенность вводилась в отличие от религиозной организации коммунистической эпохи. Можно сказать, что большинство кыргызстанцев недовольны религиозным институтом, точнее ДУМК, в связи с происходящими вокруг него событиями. Каждого гражданина, который считает себя мусульманином интересует вопрос, удалось ли Духовному управлению мусульман Кыргызстана завоевать доверие кыргызской общины. Хотя это и обсуждалось публично, но не задумывались о его особенностях, функциях и обязанностях. Общественность обсуждала только внешние явления. По сути, она жила вне научной сферы. Она актуальна для общественной и политической сферы только в определенное время и со временем забывается. Будет проведен структурно-функциональный анализ истории, устройства и обязанностей Духовного управления мусульман Кыргызстана, занимающего особое место в жизни общества. В нашей статье мы попытаемся провести научный анализ упомянутых выше проблем.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызстан, религия, ислам, муфтият, мечеть, медресе, хатибият.*

# THE ROLE OF RELIGION AND RELIGIOUS ORGANIZATIONS IN THE SOCIO-POLITICAL LIFE OF KYRGYZSTAN

*Kozukulov Timur Alimbekovich,*
*candidate of political sciences, associate professor,*
*t.kozukulov@oshsu.kg*
*Mametova Meerim Ravshanovna, postgraduate*
*m.mametova07@gmail.com*
*Osh state university,*
*Osh, Kyrgystan*

***Abstract.*** *This article discusses the place and role of religion and religious organizations in Kyrgyzstan. The elements of religion in the public life of Kyrgyzstan, as well as the structural and functional features of religious organizations will considered. This organization called the Spiritual Administration of the Muslims of Kyrgyzstan (SAMK), and bears the name of the Muftiyat. It can be said that in the recent history of the countries of Central Asia, more precisely, in Soviet times, the Spiritual Administration of the Muslims of Central Asia and Kazakhstan (SAMCAK) was politically passive, but occupied an important place in the political sphere. It can be said that in the communist era, the population only knew about the existence of the muftiate as a religious institution, but did not know it closely. The question arises whether this organization was perceived as inaccessible or untouchable, as belonging only to certain circles. It can be seen that the SAMK, a religious institution that has not been active in Kyrgyz society, has taken an important place after independence. The question is brewing whether the current spiritual administration of the Muslims of Kyrgyzstan, in other words, the Muftiyat, is the legal successor of SAMCAK, or whether it operates as a newly formed organization. The history of the current SAMK described as a newly formed organization after the independence of Kyrgyzstan. In fact, it would not be a mistake to say that so far no one has been able to study the question of exactly what kind of feature introduced in contrast to the religious organization of the communist era. It can said that the majority of Kyrgyzstanis are dissatisfied with the religious institution, or rather the SAMK, in connection with the events taking place around it. Every citizen who considers himself a Muslim is interested in the question of whether the Spiritual Administration of the Muslims of Kyrgyzstan managed to win the trust of the Kyrgyz community. Although it was discussed publicly, but did not think about its features, functions and responsibilities. The public discussed only external phenomena. In fact, she lived outside the scientific sphere. It is relevant for the public and political sphere only at certain times and forgotten over time. A structural and functional analysis of the history, structure and responsibilities of the Spiritual Administration of the Muslims of Kyrgyzstan, which occupies a special place in the life of society, will carried out. In our article, we will try to conduct a scientific analysis of the problems mentioned above.*

***Keywords:*** *Kyrgyzstan, religion, Islam, muftiate, mosque, madrasas, khatibiat*

**Киришүү.** Борбордук Азиядагы өлкөлөрдүн коомдук-саясий турмушунда дин өзгөчө макамга ээ болуу менен өз ордун сездирип келүүдө. Динди четке кагуу же ага көңүл бурбай коюу бул чоң катачылыктарга алып барарын 70 жылдык коммунизм доорундагы же болбосо Кыргызстандын мисалында эгемендүүлүк жылдарындагы абал күбө экендигин белгилеп кетүүгө болот. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн арасынан Кыргызстан динге мүмкүн болушунча либералдуу эркиндик таанып дин маселесине анча кийгилишпеген, бирок убакыт өтүүсү менен ал багытты туура эмес деген жыйынтыкка келишкен. 3-февраль 2014-жылы Коргоо Кеңешинин (учурда КРнын Коопсуздук Кеңеши) отурумунда “Мамлекеттин динге кийгилишпөө саясаты туура эмес болгон, мындан кийин ал маселени өз карамагына алат” [6] деген чечим келишкен. СССР учурунда азыркы диндердин түрдүү агымдары же уюмдары тууралуу калк арасында эч кандай маалымат жок болгон. Ал учурда Ислам дини (эл арасында Имам Аззам мазхабынданбыз) деген аң-сезим орун алган. Ташкенттеги муфтият жана орустардын чиркөөсү гана тууралуу маалымат болгон. Элдин аң-сезиминде 2 гана динден башка диндер жок сыяктуу эле. Борбордук Азия өлкөлөрү СССРдин таркашы менен эгемендүүлүктү алгандан кийин эл аралык мамилелерди өз алдынча жүргүзө баштагандыктан сырттан ар түрдүү диндин өкүлдөрү кире баштašканда дүйнөдө экөөнөн башка дагы толтура дин жана диний агымдар бар экендиги элге көрүнө баштаган. Ошентип эгемендүүлүккө ээ болгон эл ар кандай диндер жана алардын өкүлдөрү менен бетме бет келишти. Кыргыз коомчулугу өмүрүндө укпаган (карапайым калк жөнүндө, интеллегенциянын кабары болгон аз болсо да) дин жана диний агымдар тууралуу маалыматтарга ээ боло баштašты. Мисалы, протестантизм, ваххабийлик, саентология жана башка улуттук диндер. Коммунизм доорунда Орто Азия мусулман калкынын буддизм тууралуу дүйнөлүк дин катарына киргенине карабай маалыматтары болбогондугун айтсак жаңылыш болбосо керек. Орто Азия мусулмандары Имам Аззам мазхабы дүйнөдө жалгыз дегендей гана кабыл алышкандыгы ыктымалдуулук жогору экендигин белгилеп кетүү керек. Эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин Борбордук Азия мамлекеттеринин ичинден Кыргызстанга жамгырдан кийин чыга келген козу карындай ар түрдүү диндер жана диний агымдар пайда боло калышты. Мындай абал бир гана Кыргызстанда эле эмес калган Борбордук Азия өлкөлөрүндө да окшош эле деп айтууга болот. Аларда Кыргызстандын деңгээлиндей болбошу мүмкүн. Казакстанда ислам багыты боюнча учурда жетишерлик көйгөй жаралганы көрүнүп турат. Ал түшүнүктөр Борбордук Азия калкынын аң-сезиминдеги эмес жат көз-караш импорттолгон деп айтууга болот. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн баарында бар

экендигин эч ким танбайт. Бирок Өзбекистан менен Туркменистанда жагдай бираз жумшак болушу ыктымал. Себеби бул өлкөлөрдө эгемендүүлүктү алгандан баштап дин мамлекеттин катуу көзөмөлүндө экендиги маалым. Ал эми христиандык багыттагы миссионерлик бардык өлкөлөрдө исламга салыштырмалуу тыкыр көзөмөлгө алынбаган деп айтсак жаңылыш болбосо керек. Борбордук Азия өлкөлөрүндө диний уюм жана жамааттарга ар кандай жандашат. Мисалы Кыргызстандан башка өлкөлөрдө “Таблиги Жамаат” тыйу салынган. Алар бир гана Кыргызстанда өз ишмердүүлүктөрүн кеңири жүргүзүшөт [5]. Анын себеби эмнеде деп суралганда, андай уюм мамлекет тарабынан катталбагандыктан юридикалык жактан тыйу салына турган объекттин жок экендиги менен түшүндүрүшүп келишүүдө. Кыргызстанда сырттан келген ар түрдүү исламий жамааттар жана христианствонун протестантизм багытынын секталары жайланышкандыгын эч ким жокко чыгара албайт. Аны коомчулук да мамлекет да танбайт. Конституция да ар бир жараан каалаган динине ишенүүгө жана окуусун үйрөнүүгө эркин экендигин, ошону менен бирге эч бир динди мамлекеттик деп тааныбайт жана кайсыл бир динге артыкчылык бербейт деп кепилдеген. Бирок 2014-жылдагы 3-февраль күнкү Коргоо Кеңешинин чечиминде Кыргызстанда салттуу динге көңүл буруулары белгиленген. Ал салттуу дин дегени Исламдын Ханафи-матуридилик жана христанчылыктын Православ багыты. Кыргызстанда ханафи-матуридиликти күчтөндүрүү максатында мамлекет тарабынан бир канча атайын чечимдер жана пландар иштелип чыгып кабыл алынган. Мамлекет ханафи-матуридилик багытына басым жасаганы менен ошол эле учурда мусулмандардын диний уюмдары кандай болуш керек деген суроого көңүл бурулбагандай. Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы – Муфтияттын ишмердүүлүгүнө функционалдык-структуралык анализ жасалган эмес экендигин айтууга болот. Коргоо Кеңешине чейин кандай ишмердүүлүк жүргүзүп келишкен болсо учурда деле өзгөрүү болбогонун көрүүгө болот. Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы мекемесинин ишмердүүлүгүнө коомдук жана мамлекеттик ишмерлер, эксперттер, илимпоздор ар кандай көз-караштарын билдирип келүүдө. Бирок аны тарыхый салыштырмалуулук менен комплекстүү функционалдык-структуралык анализ толук кандуу жасалган деп айтууга болбойт. Биз тарыхый салыштырмалуулук менен структуралык-функционалдык анализ жасайбыз.

**Изилдөөнүн каражаттары жана ыкмалары.** КМДБнын тарыхы, структурасы жана функциясын анализдөө. Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы эгемендүүлүктү алгандан баштап түзүлүп

ишмердүүлүгүн жүргүзүп келүүдө деп танууланып келүүдө. Чындыгында ал кантип, кандайча болуп калды деген ой эч кимди кызыктырбагандай. Муфтияттын сайтында Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын тарыхы тууралуу 1991-жылы курулган деп жазылууда [10]. Чындыгында 1991-жылга чейин эле иштеп жаткан, ал эми СССР доорунда Кыргызстан мусулмандарынын казыяты аталышында өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келген. Кыргызстан эгемендүүлүгүн алгандан кийин Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы – Муфтият сөздө айтылып келингени менен расмий болгон эмес. КМДБ – Муфтият официалдуу 17-сентябрь 1993-жылы каттоодон расмий өткөн. Демек ал расмий статусун 1993-жылы алган [8, 181]. 1991-жылы Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийин алгачкы Кыргызстан мусулмандарынын алгачкы Курултайы өткөрүлүп Кимсанбай ажы Абдырахманов Муфтий болуп шайланган деген маалымат муфтияттын сайтында жазылып турат. Андай болгону менен жогоруда белгилегенибиздей расмий каттоодон 2 жылдан кийин өткөн.

Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын эң жогорку башкаруу органы Кыргызстан мусулмандарынын Курултайы андан кийинки орган Кыргызстан Аалымдар Кеңеши. Өз алдынча көз карандысыз болуп эсептелген орган Борбордук текшерүү комиссиясы БТК да бар. Ал комиссиянын төрөгасы жана мүчөлөрүн Кыргызстан мусулмандары Курултайы тарабынан шайланат. Муфтияттын жетекчиси Азирети муфтий эсептелет. Азирети муфтийдин 2 кээде 3 орун басары болот, аларды Наиб муфтий деп атап коюшат. Аны менен бирге муфтияттын аппаратын жетектеген аппарат башчысы да жетекчилик кызмат болуп эсептелет.

Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы коомдук уюм болуп эсептелет. КМДБ борбордук жана өкүлчүлүгү бар уюм. КМДБнын башкаруу органы борбор шаар Бишкекте жайгашып, ал эми ар бир облус менен Бишкек жана Ош шаарларында баары биригип 9 өкүлчүлүгү бар. Борбордук органы Муфтият, ал эми облустардын борборундагы өкүлчүлүк Казыят, райондордо Хатибият, айыл өкмөттөрдө болсо Имам-хатип деп аталат. Башкаруу-өкүлчүлүк структурасы жогоруда белгилеп кеткенибиздей иерархия болуп түзүлгөн.

Кыргызстанда Муфтият расмий каттодон өткөндөн кийин ар бир облуста өкүлчүлүктөрү Казыяттар түзүлгөн. Алгачкы болуп Ош облусунун Казыяты түзүлгөн. Ага Ош облусу менен Ош шаары баш ийген. 2004-жылы Ош шаары 2-борбор статусун алгандан кийин Ош шаардык Казыяты өз алдынча түзүлгөн. Ал эми калган облустарда 1996-жылдан баштап түзүлө

баштаган. 2000-жылы Баткен облусу түзүлгөндөн кийин Казыят да кошо ачылган.

Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын борбордук кенсесинде Муфтиятта бир канча бөлүмдөн турган структурасы бар. Алар 1) мечит жана медреселер, 2) аппарат жана муфтияттын катчылыгы 3) даават, үгүт насаат 3) маалымат бөлүмү 4) фатва, диний адабияттар 5) бухгалтерия бөлүмдөрү. Мурда курулуш бөлүмү бар эле, учурда кайсыл бир бөлүмгө кошулса керек. Ал эми облус казыяттарында деле ушундай бөлүмдөр түзүлүп облустук деңгээлде иш алып барышат.

Кыргызстан мусулмандары Курултайынын делегаттары (200 адамдан турат. Ар бир облус жана шаарларга бөлүнүп берилет) Кыргызстан Аалымдар Кеңешинин мүчөлөрүн шайлашат. Аалымдар Кеңешинин мүчөлөр саны 25 адамдан турат. 2014-жылга чейин 25тен 35 мүчөгө чейин көбөйтүлүп учуру келгенде кыскартылып турган. 2014-жылга чейин муфтий автоматтык түрдө Аалымдар Кеңешинин төрөгасы болгон. 2014-жылдын 3-февралындагы Коргоо Кеңешинин отурумунан кийин муфтияттын уставына өзгөртүүлөр киргизилип муфтий Аалымдар Кеңешинен мүчөлүктөн чыгарып салынган. Кыргызстан Аалымдар Кеңеши Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын башчысы муфтийди бекитишет. Ал эми муфтий бөлүм башчыларын, облус казыларын дайындайт. Казылар өз орун басараларын, казыят кызматкерлерин жана райондук райхатиптер менен медресе мүдүрлөрүн бекитет. Ошондой эле имамдарды да облус казысы райхатиптин сунушу менен дайындайт.

Кыргызстан эгемендүүлүктү алган учурда республиканын аймагында 33 гана мечит болгон [3, 37]. Ал учурда казыят болуп турган. Кыргызстанда курулган бардык мечит жана медреселер Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгына автоматтык түрдө менчигине өтөт. Жеке адам атасына атап же соопчулук үчүн курган мечити же медресесине муфтият ээ болуп, ал имараттар адамдын карамагынан чыгат. Андай жагдай эч бир мыйзамда каралган эмес, бирок эмнегедир ушундай болуп калган.

Бардык мечит, медресе жана диний борборлор юстиция министрлигинен ар бири өз алдынча диний уюм болуп катталат. Мыйзамда ушундай жазылып белгиленген. Комплекстүү караганда Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы катары бир жалгыз уюм катары көрүнөт. А чындыгында андай эмес, себеби ар бир объект өзүнчө уюм катары каралат. Анын өзүнүн уставы, күбөлүгү жана мөөрү болот. Ошондуктан Кыргызстанда ислам багытында үч миңден ашык уюм бар деп айтылат.

Эгемендүүлүк алганда 33 мечиттен учурга чейин 3000ден ашык мечит, медресе жана диний уюмдарга көбөйдү [7, 187]. Кыргызстанда дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты эгемендүүлүктөн алгандан бери учурга чейин 2 доорго бөлсөк болот. Алгачкысы 1991-жылдан баштан 2014-жылга чейин. Ал эми экинчиси 2014-жылдан кийин мезгил. 1991-жылдан 2014-жылга чейинки мезгилди мамлекеттин динге болгон жумшак мамилесин жана ага либералдуу эркиндик бергендигин айтууга болот. Чындыгында мындай эркиндиктен дагы жогоркусу жок болсо керек. Ал доорду коомдо дин жаатындагы анархия, баш аламандык катары сыпаттаган эксперттер, илимпоздор, адистер да жок эмес. Ал мезгилде диний уюмдар жана дин адамдары эркин болушкандыгын айтышууда, ошол эле учурда мамлекет тарабынан катуу көзөмөл болуусу шарт деген ойлорун да айтып келишкен. Ал учурда салттуу дин түшүнүгү атайын жыйын же төгөрөк стол менен конференцияларда гана айтылганы менен, ал эмне жөнүндө экендигине көпчүлүк маани бербеген.

2014-жылы 3-февралдагы Коргоо Кеңешинин отуруму өткөндөн кийин гана салттуу дин эмне экендиги тууралуу коомчулукка маалымат кеңири таратыла башталды деп айтсак болот. Жогоруда белгилегенибиздей салттуу дин же салттуу ислам деп ханафи-матуридилик айтылат. 2014-жылга чейин салттуу ислам же салттуу дин дегенде бир гана Имам-Аззам мазхабын (ханафиликти) түшүнүп келишкен. Ал эле эмес ханафи сөзү да коомчулукка жаңы нерсе катары туюлду. Матуридилик түшүнүгү кыргыз коомчулугу үчүн жаңылык болду. Бирок матуридилик ханафи мазхабы дегенде эле ошонун ичинде экендигине көпчүлүк маани берген эмес. Салттуу ислам деп Имам-Аззам гана аталып келгенди, илимий тилге салынып ханафи-матуридилик деп атала баштады. Ханафилик-матуридилик эмне деген суроого диний кызматкерлер тарабынан алгылыктуу жооп жок экендигин айтууга болот. Ошондой эле 2012-2013-жылдары Арабаев университети кайсыл бир мекеме менен жүргүзгөн социологиялык сурамжылоодо кайсыл мазхабдансын деген суроого 1839 респоденттен 1000 билбеймин, 519 жооп бере албаймын ал эми 231 ханафи, 45 малики, 16 ханбали, 28 шафилерденмин деп жооп беришкен. Бул сурамжылоо университет жана диний окуу жайларында окуган жаштардан арасында жүргүзүлгөн. Учурда абал кандай болуп, кайсыл жакка өзгөргөндүгүн айтуу кыйын. Указдын негизинде атайын мамлекет тарабынан даярдалган иш-чаралар түзүлгөн. Ошол иш пландын негизинде мамлекет дин чөйрөсүндө саясатын жүргүзүп жатат. Ал иш пландын негизги таянычы “КРнын дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаты” концепция. Ал концепция 2014-2020-жылдар аралыгына түзүлүп бир канча иш-чара өткөрүлдү. Андан

кийин 2021-2026-жылдар аралыгына кайрадан түзүлүп КРнын президенти тарабынан Указдын негизинде бекитилип учурда ар кандай иш-чаралар уюштурулууда. Бул иштин баарын КРнын президентинин аппаратына караштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия тарабынан көзөмөлдөнөт.

**Жыйынтыктар жана талкуулар.** Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы эгемендүүлүккө жетишкенден кийин жаңыдан түзүлгөн мекеме катары таанытылганы менен ал СССРдин учурундагы Орто Азия жана Казакстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын мураскери караты ошол эле макетти алган деп ойлойбуз. СССРдин учурунда да ушундай эле система менен куралып, түзүлүп иштеп келгендигин көптөгөн булактардан көрүүгө мүмкүн. Учурдагы диний уюмдун түзүлүшү жана структурасы СССРдин продукту деп айтууга болот. Ташкентте борбору муфтият калган өлкөлөрдө казыят болгондугун жогоруда белгилегенбиз. Ошол эле система Кыргызстанда казыят болгон. Аны борбору Бишкек шаарындагыны муфтият ал эми облустардагы өкүлчүлүктөрү казыят деп аталууда. Муфтиятты СССРдин продукту деп ойлобууздун себеби диний уюм жана динге 1928-жылы катуу тыйу салынгандыктан жабылган. Кийин экинчи дүйнөлүк согуш учурунда кайрадан жаңыдан түзүлгөн. СССР доорундагы менен ага чейинки доордогу диний уюмдардын функционалдык-структуралык түзүлүшү тууралуу салыштырмалуу изилдөөлөр жетишээрлик деңгээлде эмес деп айтууга болот. Мына ошондуктан СССРдин продуктусу деп эсептөөгө негиз бар.

1943-жылы ноябрь айында Орто Азия жана Казакстан мусулмандарынын Курултайы Ташкент шаарында өткөрүлгөн. Беш өлкөдөн Курултайга делегаттар катышып Орто Азия жана Казакстан мусулмандарынын диний башкармалыгыны негиздешкен. Борбору Муфтият Ташкент шаарында жайгашып ал эми Кыргызстан, Өзбекстан, Казакстан, Таджикистан жана Турменистанда өкүлчүлүктөр Казыяттар түзүлгөн. Беш өлкөнүн Казыяты Ташкенттеги борбор Муфтиятка баш ийип турган [1]. Мусулмандардын Курултайы деле ошол СССРдин учурундан калган система экендигин көрүүгө болот.

Кыргызстанда Муфтият кандай болуш керек деген дискурс дайым коомчулуктун көңүлүндө болуп келүүдө. Коомчулук тарабынан муфтият темасы унутта калат да, качан гана муфтийлердин бир кемчилдиктери жалпыга маалым болуп кеткенден кийин дискурс башталат. Белгилүү бир убакыт өтүүсү менен кайра унутта калып кетет. Негизи оңдоо, реформа кылуу керек деген талаптар көп айтылат. Бирок негедир ага кадам жасалбай

келет. Кандайдыр бир кызыкчылыктардын негизинде эч нерсе жасалбай жатабы деген ой келет экен. Коомчулук муфтиятты личность менен байланыштырышат. Муфтият дегенде личностттор эске келет. Ал эми диний уюмдун структуралык-функционалдык системасы жөнүндө ой жүгүртүшпөйт. Чындыгында личностко такалган нерсе дайым бир жерге барганда такалып андан наары жылышы кыйын. Ал эми система бар жерде эч качан личнострорго байланыштырылбайт жана такалуу болбойт. Системада болгону замандын талабына карата өзгөртүүлөр киргизилип такалбастан уланып кете берет. Муфтият тууралуу талкуу коомчулукта 2005-жылдан баштап ар бир муфтий алмашкан сайын болуп келүүдө. Айрыкча 2010-жылдагы апрель окуяларындан кийин көптөгөн талаш-тартыш болду. Кийинчерээк 2014-жылдын башында муфтий тууралуу видеотасмадан кийин кайра эле талкууга алынды. Андан кийин скандалдуу муфтийден кийин муфтий болгон личносттун финансылык маселеси боюнча да структура тууралуу өтө көп талкуу болду. Бирок натыйжада эч кандай жыйынтык жок, мурда кандай болсо ошондой эле уланып келүүдө деп ойлойбуз. Ал эми экс-президент А.Атамбаев Коргоо Кеңешинин отурумунда, Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармасын катуу сындады. Өзгөчө акыркы учурда муфтиятта финансылык маселелер кыжырдантууда. Муфтият ыйык ислам дининин диний жана агартуу борборунан узакташып финансы маселеси менен алектенген коммерциялык мекемеге айланып жаткандай сезиле баштады акыркы күндөрү деп белгиледи [4].

Кыргызстан Орто Азия өлкөлөрүнөн айырмаланып жаңыча жандоону туура көргөн болчу. Дин-мамлекет байланышы тууралуу кыргыз мамлекети акыркы учурларда жаңычылыктарды киргизүү менен эски түзүлүштөрдү өзгөртүүгө аракет жасоодо. Бирок азыркы учурга чейин толук кандуу модель таба элек [2, 127]. Кыргызстан мамлекет катары ар дайым динге урмат сый жана либералдуу жандаган. Мамлекет жетекчилери дини радикализм коопсуздугуна карабастан динге көп чектөөлөрдү киргизген эмес [9, 102].

**Корутунду.** Дин маселеси өтө назик экендиги айтпасада түшүнүктүү. Дин коомдун маданий, саясий жана экономикалык жашоосундагы ажырагыс элементтеринен бирөөсү экендиги талашсыз. Динсиз коомдун жашоо образын элестетүү мүмкүн эмес. Кээ бир коомдук жана мамлекеттик ишмерлер диндерге тыюу салуу керектигин баса белгилешет. Тыюу салуу аркылуу ийгиликке жетүү кыйын. Ошондой эле диний уюмдарга чектөөлөрдү киргизүү керек экендигин белгилегендер да жок эмес. Ал сунушта чечим жолу эмес деп эсептейбиз. Негизи диний уюмду замандын талабына жараша жаңычылдыкты киргизүү менен реформалар болуп туруш

керек. Ошондо гана диний уюмдар мамлекеттин жана коомчулуктун талаптарына жооп бере ала турган уюмга айланаары шексиз. Кыргызстан СССР доорунан баштап учурга чейинки тарыхын терең анализдеп өзүнүн моделин тапса жакшы болот. Ал модель албетте мамлекеттин жана коомдун кызыкчылыгына жана баалуулуктарына төп келе турган болуш керек. Бул маселеде мамлекет же коомчулук тарабынан көңүл кош мамиле жасалбашы абзел. Бүгүнкү жасалган аракет эртеңки өнүгүү, ал эми көңүл коштук мамиле келечекке балта чабуу. Канткенде да реформа жасоо, жаңылануу адамзатка оор көрүнөт. Албетте каршылык көрсөткөндөр чыгат. Өзгөрүүсүн каалабагандар өз кызыкчылыгын бүгүнкүсүн гана ойлогондор деп айтсак жаңылыш болбосо керек.

**Адабияттар**


1. История САДУМ, “Первые казы и муфтии Кыргызстана http://prevention.kg/?p=1937&fbclid=IwAR3ePDwbL3KfIiFNlzusIumxdf2Erbr1fdLS8u3pW3X2IuX9sENRzfE6SQU.
2. Козукулов, Т. А. Мамлекет менен диндин байланышы жана светтик принцип / Т. А. Козукулов, И. Жумабай Уулу, М. Р. Маметова // Вестник Ошского государственного университета. – 2022. – No 3. – P. 94-107. – DOI 10.52754/16947452_2022_3_94. – EDN LVOYIW.
3. Мамаюсупов О., “Религиозная ситуация в Кыргызской Республики”, //Борбордук Азияда Ислам эл аралык конференциянын макалалар жыйнагы. Ош, 2004. 36-42.
4. Под председательством Президента Алмазбека Атамбаева на заседании Совета обороны рассматривается вопрос о государственной политике в религиозной сфере. https://www.president.kg/ru/sobytiya/novosti/1753_pod_predsedatelstvom_prezidenta_almazbeka_atambaeva_na_zasedanii_soveta_oboroni_rassmatrivaetsya_vopros_o_gosudarstvennoy_politike_v_religioznoy_sfere
5. Религия.kg. Как отличить проповедь от пропаганды? 12/02/14 10:29, Бишкек, Канатбек Мурзахалилов специально для ИА «24.kg». http://www.24.kg/community/171861-religiyakg-kak-otlichit-propoved-ot-propagandy.html
6. УКАЗ Президента Кыргызской Республики от 7 февраля 2014 года УП № 24 О реализации решения Совета обороны Кыргызской Республики о государственной политике в религиозной сфере https://www.president.kg/ru/sobytiya/ukazy/1771_podpisan_ukaz_o_realizacii_resheniya_soveta_oboroni_kirgizskoy_respubliki_o_gosudarstvennoy_politike_v_religioznoy_sfere
7. Kozukulov, Bağımsızlık öncesi ve sonrası kırgız toplumunda din ve dinî kurumlar üzerine bir analiz. Hitit Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi, Cilt: 19, Sayı: 1. 2020. 173-206 https://doi.org/10.14395/hititilahiyat.669036
8. Kozukulov, Kırgızistan’da dini kurumsallaşma ve toplum, //Sosyal Bilimler Enstitüsü Dergisi. 2015/1. 177-209
9. Kozukulov, Kirgizistan’da devletin din siyaseti. Akademik Hassasiyetler. 2017/ 6 (1). 85-104
10. https://muftiyat.kg/муфтияттын-тарыхы/

*ФИЛОСОФИЯ*

УДК 17.0
DOI: 10.52754/16947452_2022_4_110

# САЛАМАТТЫКТЫ САКТООДОГУ БИОЭТИКАНЫН ДҮЙНӨКАРАШТЫК МИЛДЕТТЕРИ

*Сейдалиева Мира Кошмаматовна, доцент*
mseidalieva.72@mail.ru
*Жаркынбай кызы Айназ, магистрант*
jarkynbaevna@gmail.com
*Жаркынбай кызы Жанара, ординатор*
zhanara.mira@gmail.com
*Ош мамлекеттик университети*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *Макалада руханий кубулуш катары дүйнөкараштын мазмуну, ролу талданды. Адам ишмердүүлүгүндөгү дүйнөкараштык принциптердин маанилүүлүгү белгиленди. Биоэтикага байланыштуу проблемалардын актуалдуулугу медицинадагы жана илимдеги баалуулук багыттарынын өзгөрүшү менен түшүндүрүлүп, бул тармак аркылуу медицинанын гумандашуусу камсыздалгандыгы аныкталды. Биомедициналык технологиялардын революциясы шартында «илим үчүн адам» эмес, илимдин адам кызыкчылыгы үчүн кызмат кылуусу жана адамдын биосоциалдык бүтүндүгүн сактоонун маанилүүлүгү белгиленди. Илимдин, практиканын жана маданияттын өнүгүү деңгээлине ылайык дүйнөкарашты калыптандырууда философиянын, гуманитардык багыттагы илимдердин орду каралды. Демократиялык өнүгүүнүн негизги жетишкендиктеринин бири катары биоэтикалык плюрализмге баа берилип, мындай шартта нравалык, гумандуу мамилени калыптандыруу зарылдыгы аныкталды.*

***Ачкыч сөздөр:*** *дүйнөкараш, объективдүү реалдуулук, баалуулуктук мамиле, плюрализм, жашоо принциптери, биомедициналык технология*

# МИРОВОЗЗРЕНЧЕСКИЕ ЗАДАЧИ БИОЭТИКИ В ЗДРАВООХРАНЕНИИ

*Сейдалиева Мира Кошмаматовна, доцент*
mseidalieva.72@mail.ru
*Жаркынбай кызы Айназ, магистрант*
jarkynbaevna@gmail.com
*Жаркынбай кызы Жанара, ординатор*
zhanara.mira@gmail.com
*Ошский государственный университет*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *В статье анализируются содержание и роль мировоззрения как духовного феномена. Подчеркнута важность мировоззренческих принципов в деятельности человека. Актуальность проблем, связанных с биоэтикой, объясняется*

*изменением ценностных ориентиров медицины и науки, посредством которых обеспечивается гуманизация медицины. В условиях революции в биомедицинских технологиях подчеркивается, что наука служит интересам человека, а не «человек для науки», и что важно сохранять биосоциальную целостность человека. Рассмотрена роль философии и гуманитарных наук в формировании мировоззрения в соответствии с уровнем развития науки, практики и культуры. Как одному из основных достижений демократического развития дается оценка биоэтическому плюрализму и определяется необходимость в этих условиях формирования нравственного, гуманного подхода.*

***Ключевые слова:*** *мировоззрение, объективная реальность, ценностный подход, плюрализм, жизненные принципы, биомедицинская технология.*

## WORLDVIEW TASKS OF BIOETHICS IN HEALTHCARE

*Seidalieva Mira Koshmatovna, associate professor*
*mseidalieva.72@mail.ru*
*Zharkynbai kyzy Ainaz, master student*
*jarkynbaevna@gmail.com*
*Zharkynbai kyzy Zhanara, medical resident*
*zhanara.mira@gmail.com*
*Osh State University*
*Osh, Kyrgyzstan*

***Abstract.*** *The article analyzes the content and role of worldview as a spiritual phenomenon. The importance of ideological principles in human activity is emphasized. The relevance of the problems associated with bioethics is explained by the change in the value orientations of medicine and science, through which the humanization of medicine is ensured. The revolution in biomedical technology emphasizes that science serves the interests of man, not "man for science", and that it is important to preserve the biosocial integrity of man. The role of philosophy and the humanities in the formation of a worldview in accordance with the level of development of science, practice and culture is considered. Bioethical pluralism is assessed as one of the main achievements of democratic development and the necessity in these conditions for the formation of moral, humane approach is determined.*

***Keywords:*** *worldview, objective reality, value approach, pluralism, life principles, biomedical technology.*

**Киришүү.** Биоэтика - биомедициналык чөйрөдө өнүгүүнүн азыркы баскычында келип чыккан этикалык-гуманисттик маселелерди жана нравалык нормаларды изилдөөнүн методологиясы, социумдун кызыкчылыктарын илимдин агрессиясынан коргоочу өзгөчө илимий тармак.

Биоэтиканын баштапкы максаты болуп медицинадагы жана биологиядагы негативдүү таасирлерден адамдын өмүрүн, ден-соолугун коргоо саналат. Ал техникалык мүмкүнчүлүктөр менен жалпы

адамзаттык баалуулуктардын ортосундагы өз ара карым-катнашта көрүнөт. Аталган билимдер системасынын маңыздуу милдети – саламаттыкты сактоо коомчулук менен бирге биомедицина тармагында маанилүү чечимдерди кабыл алуу, биоэтикалык, гуманисттик дүйнөкарашты калыптандыруу.

XX кылымдын ортосунан илим жетишкендиктерине чек коюуну, адам табиятын сактоону талап кылган, биотехнологиянын пайдакор мамилесине каршы пессимисттик көз караштар жайылып, илимге күмөн саноо, ишенбөө менен анын терс жактарын гана көргөн тенденциялар пайда болгон. Мында илим суроо-талаптарды канааттандыруучу өндүрүшкө айланып, бизнеске кызмат кылышы бир канча коркунучтарды жаратып, биоэтиканын келип чыгуусуна түрткү болгон. Айрым жагдайларда илимдин максаты акыйкат жана жалганды айырмалоо эмес, натыйжалуу жана натыйжасыз деген түшүнүктөргө барып такалууда. Илимдин жашоо аксиологиясынан четтөөсүнүн натыйжасы иретинде биоэтика пайда болду. Этикалык окуулар менен турмуштук практика ортосундагы ажырым, салттуу медициналык этиканы четке кагуу биомедициналык прогрессти жөнгө салуучу, технологиялардын колдонуу чектерин аныктоочу биоэтиканын жаралышына өбөлгө түзгөн.

XX кылымга чейин медицинадагы моралдык маселелердин баары салттуу түрдө жабык эшиктер артында талкууланган. Өткөн жүз жылдыктын ортосуна чейин дарыгерлер пациенттин өмүрү жана саламаттыгына байланыштуу проблемаларды чечүүдө жалгыз өздөрүн гана компетенттүү деп эсептешкен. Медицинадагы көпчүлүк маселелер моралдык мазмунга ээ болуп, алардын корректтүү чечилиши үчүн дарыгердик билим жана тажрыйба жетишсиз. Биоэтика жана адам укуктары жөнүндөгү декларацияда төмөндөгүчө жазылат: «Акыл-эстүү нравалык чечим кабыл алуу мүмкүн болушунча эртерээк адистердин жана кеңири коомчулуктун диалогу менен байланыштуу болушу жана каралып жаткан технология түзүлүп, колдонууга берилгенге чейин жүргүзүүсү зарыл. Социум мындай диалогдор кылдат жана реалисттик формада өтүүчү атайын жайларга муктаж, аны биоэтика ишке ашырат» [3].

Биоэтикага байланыштуу проблемалардын актуалдуулугу медицинадагы жана илимдеги баалуулук багыттарынын өзгөрүшү менен да түшүндүрүлөт: адамдын жыргалчылыгына эмес, илимий изилдөөлөрдүн натыйжасына кызыгуу же саясий тапшырмаларды аткаруу (индивиддердин үстүнөн күчкө салып эксперименттерди жүргүзүү, кандайдыр-бир дарттын натыйжасында укуктарын жана эркиндиктерин өз алдынча коргоо жөндөмдүүлүгүн

жоготкон адамга карата алдоолор, кемсинтүүлөр) тууралуу көз караштарды талдоо – биоэтиканын негизги маселелеринин бири [4].

Социумдагы руханий кырдаалдын өзгөрүшү, коомдук аң-сезимди демократиялаштыруу процесси, илимий технологиялардын адам өмүрүнө кийлигишип, манипуляциялап, тездик менен өнүгүүсү дарыгерге бир канча маселелерди жаратты. Алардын бирөө – биоэтикалык дүйнөкарашка, аң-сезимге, жоопкерчиликке ээ болуу.

**Изилдөө каражаттары жана ыкмалары.** Моралдык проблемалардын курчуп кетишине байланыштуу медициналык кызматкердин алдында биоэтиканын руханий-нравалык маселелери жөнүндө философиялык рефлексиянын, ой жүгүртүүнүн зарылдыгы келип чыгууда. Биоэтика медициналык илимдин жана практиканын моралдык чөйрөсү катары биомедицинаны жана адамды дарылоонун заманбап технологияларын дүйнө караштык, аксиологиялык баалоого муктаж. Медициналык ишмердүүлүктө биоэтиканы феноменологиялык талдоо анын дүйнөкараштык мүнөзүн чагылдырып көрсөтөт.

Дүйнөкараш – бул адамдын реалдуулукту кабылдоосуна мүмкүндүк түзгөн руханий кубулуш. Анын мазмуну философиянын негизги маселесин чечүүнүн айланасына топтолуп, эки тибин бөлүп кароого болот: философиялык-диний, философиялык-илимий. Ал түшүнүктүк-категориалдык формада жеке илимдин жетишкендиктерине таянат. Объективдүү реалдуулукту чагылдыруу жана ага баалуулуктук мамиле аркылуу дүйнөкараш жөнгө салуучу-чыгармачыл роль ойноп, ааламдын жалпы сүрөтүн түзүүнүн методологиясы катары кызмат аткарат. Дүйнөкараашта адамдын ишмердүүлүгүнүн мүнөзүн аныктаган жашоо принциптери аныкталат. Андыктан дүйнөкараш өмүргө жана өлүмгө карата белгилүү мамилени иштеп чыгууга, татыктуу жашоого жардам берген идеялык ишенимде чагылдырылган практикалык турмуш маанисине ээ. Дүйнөкарашка болгон муктаждык дүйнө деген эмне?, андагы адамдын орду кандай?, жашоонун маңызы эмнеде?, жашоодон кийин да турмуш болобу? деген суроолорго жооп издөөнүн натыйжасында келип чыккан. Дүйнөкараштык проблемалардын булагы болуп адамдын болмушу, жашоо ишмердүүлүгү, биотехнологиялык революция шартында жашоосунун келечеги жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрү саналат. Философия менен биоэтиканы реалдуулукту өздөштүрүүнүн руханий-практикалык формалары катары талдоодо алардын инсандын реалдуу жашоо ишмердүүлүгүнүн бардык жыйындысын чагылдырышын белгилөөгө болот. Анткени адам жалгыз гана абстракттуу таанып-билүүчү субъект

эле эмес, ал – сезимдик-практикалык ишмердүүлүккө ээ болгон индивид. Адамдын ишмердүүлүгү реалдуулукту өздөштүрүүнүн предметтик, сезимдик жана руханий формасы болуп саналат.

**Жыйынтыктар жана талкуулар**. Биоэтиканы этикалык илимдин бир бөлүгү катары алып карасак, анын философия, этика, укук менен болгон катышы зарыл жана мыйзам ченемдүү көрүнүш иретинде каралат. Философиянын онтологиялык функциясынын маңызы илимдин, практиканын жана маданияттын өнүгүү деңгээлине ылайык дүйнөкарашты иштеп чыгууда турат. Бул жагдайда төмөнкү суроолор пайда болот: дүйнөнүн жаратылышы кандай?, анын себеби эмнеде?, адамдын табияты кандай?, эмне үчүн адам курчап турган ааламды таанып-билүүгө жөндөмдүү?, болмушта табияттан тышкаркы күчтөр барбы? ж.б. Философиянын дүйнөкараштык функциясы ааламдын универсалдуу, бүтүн сүрөтүн иштеп чыгууда турат. Демек, реалдуулукту философиялык таанып-билүү менен биоэтика диалектикалык мүнөздө байланышкан. Аталган эки кубулуштун жалпылык жактарын, биримдигин төмөнкүлөрдөн көрүүгө болот: философиядагы жана биоэтикадагы жашоо болмуштун субстанциалдуулугун изилдөөнүн өзгөчө көрүнүшү болуп саналат. Бул өңүттө биоэтика жашоо философиясы маанисине ээ. Философия менен биоэтика адам болмушун коргоо жана жашоону сактоо проблемасынын үстүнөн ой жүгүртөт. Болмушту дүйнөкараштык жана аксиологиялык мааниде коргоо жашоону сактоону билдирет.

Дүйнөкараш объективдүү реалдуулукка, андагы адамдын ордуна жана индивиддин өзүнө карата мамилесин, субъекттердин ишенимдерин, идеалдарын, таанып-билүүнүн жана ишмердүүлүктүн принциптерин, баалуулук багыттарын чагылдырат. Диний көз караштан айырмаланып, философиялык илимий дүйнөкараш түшүнүктүк категориалдык формада жеке илимдердин жетишкендиктерине таянып дүйнөнү аныктайт [1]. Реалдуулукка карата баалуулуктук көз караш жөнгө салуучу-чыгармачыл ролду ойноп, дүйнөнүн жалпы сүрөтүн түзүүнүн методологиясы иретинде кызмат өтөйт. Дүйнөкараштa адам ишмердүүлүгүнүн мүнөзүн аныктаган жашоо принциптери калыптанып, идеялык ишеним иретинде практикалык мааниге ээ.

Жашоо жөнүндөгү билимдер дүйнөкараштык проблематика менен тыгыз байланышкан. Жашоонун маңызына, болмуштун диалектикасына карата бирдиктүү көз караш таанып-билүүчүлүк эле эмес, аксиологиялык да зор мааниге ээ. Философия менен биоэтиканын гносеологиялык функцияларынын окшоштугу алардын дүйнөкараштык

системасы аркылуу түшүндүрүлөт. Дүйнөкараш билимдердин белгилүү жыйындысы менен эле чектелип калбастан, инсандын иш-аракеттеринин максаты, принциптери, ишенимдүүлүгү, анын мотивациялык чөйрөсү катары да көрүнөт. Дүйнөкараштa реалдуулукту чагылдыруунун таанып-билүүчүлүк жана баалуулуктук, объективдүү жана субъективдүү компоненттери бирдиктүү аракеттенишет. Дүйнөкараштык системада адамдын курчап турган объективдүү реалдуулукка карата руханий-практикалык, таанып-билүүчүлүк, теориялык жана ишмердик-практикалык мамилеси камтылган. Мындай мааниде дүйнөкараштын руханий-практикалык компонентине идеалдарды кошууга болот [4].

Дүйнөкараштык идеалдар адамдын жашоо программасын аныктап, анын жашоо ишмердүүлүгүнүн маанисин камтыйт. Алар сезимдик-жалпыланган образдар формасында көрүнөт. Ал эми дүйнөкараштын таанып-билүүчүлүк-теориялык компонентине принциптер кирет. Дүйнөкараштык принциптер адам жашоосунун концепциясын, курчап турган реалдуулуктун мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүүнү аныктайт. Ошондой эле субъектке баалуулуктук-таанып-билүүчүлүк багыт берип, ишмердүүлүктүн идеалын түзүүгө жардам берет, инсандын нравалык позициясын калыптандырат. Дүйнөкараштын руханий-практикалык компоненти ишенимдерди да камтыйт. Алар индивиддин жашоо багытын, көз карашын аныктап, күнүмдүк ишмердүүлүктө адамдын реалдуулукка карата мамилесин ишке ашырууга жөндөмдүүлүгүн мүнөздөйт.

Дүйнөкараштык плюрализм – мамлекеттердин, аймактардын, жалпы ааламдын чегинде дүйнө түшүнүүнүн түрдүү формаларынын биримдикте жашашы. Бул демократиялык өнүгүүнүн негизги жетишкендиктеринин бири болуп ар түрдүү дүйнөкараштардын тең укуктуу функцияланышын кабыл алуу эсептелет. Жандуулар үчүн жоопкерчилик биотехнологиянын коркунуч шартында алардын жашоосун коргоо зарылдыгын, биоэтикалык дүйнөкараштын актуалдуулугун баса белгилейт.

Акыркы мезгилдерде плюрализмди аңдап-сезүү эле жогорулабастан, философиянын баштапкы милдетин түшүнүүдө түрдүү философиялык багыттардын биримдигин да эске алуу басымдуулук кылууда. Бул жагдай адамдын жашоосун коргоого жеке жоопкерчиликти аңдап-сезүү, адам болмушунун көрсөткүчү иретинде гуманизмди бекемдөө катары көрүнөт [4].

Биоэтика үчүн демократиялык коомдогу руханий турмуштун өзгөчө мүнөздөрүнүн бири болуп эсептелген дүйнөкараштык плюрализм, бири-

бирине карама-каршы турган моралдык-дүйнө таанымдык багыттардын функцияланышы, түрдүү дүйнөкараштык системалардын диалогун зарыл көрүнүш катары кабыл алуу маанилүү. Плюрализмге багыт алуу индивиддердин өз ойлорун чагылдыруу формаларынын ар тараптуулугун, түрдүү карама-каршылыктуу кызыкчылыктардын, баалуулуктардын, идеялардын жана жашоо стилинин тең укуктуу аракеттенишин билдирет.

Биоэтикадагы плюрализмди глобалдык ченемдеги факты катары изилдеп, И.Т. Фролов мындай дейт: “Бүткүл дүйнөдө бири-биринин кызыкчылыктары менен эсептешүүгө аракет жасаган, глобалдык жоопкерчилик идеясына умтулган адамдардын саны өсүүдө. Глобалдык жүрүм-турум принциби кесиптик этиканын чегинен чыгып, активдүү жарандык ишмердүүлүккө үндөө аркылуу жалпы адамзаттык проблемаларды чечүүгө жардам берүүгө өбөлгө түзүшү зарыл” [2].

Биоэтикадагы плюрализм нравалык мамилелердин системасына орчундуу таасирин тийгизип, салттуу моралдык элестөөлөргө каршы турат. Бул жагдайда А.А. Гусейнов төмөнкүчө ойду чагылдырат: “Плюрализм кайсы нравалык принциптерге негизделет же ал моралдан жогору туруп, коомдук турмуштун башка тармактарындай эле адептик чөйрөгө да кеңири жайылганбы? Башкача айтканда, плюрализм этикасы сөзсүз түрдө этика плюрализмине өтүүнү билдиреби? Дүйнөгө болгон көп түрдүүлүк шартындагы кызматташтык белгилүү этиканын, адамдардын жеке жашоо позициясына карата укугун эске алып, урматтаган, ошондой эле плюрализмдин аксиологиялык мазмунун бекемдеген толеранттуулук этикасынын негизинде гана мүмкүн. Плюрализм этикасы диалог этикасын түшүндүрөт. Баарлашуу учурундагы айырмачылыктар диалогдун негизги шарты болуп саналат, бирок ошол эле учурда ал айырмачылыктар диалогдун андан ары өнүгүшүнө тоскоолдук көрсөткөн чекке ээ [5]. Андыктан азыркы интеллектуалдык турмуштун негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп дүйнөкараштын гуманисттик башатын издөө эсептелет. Социомаданий ар түрдүүлүк шартында кызматташтыкка өбөлгө түзгөн жалгыз негиздеме катары инсандын баалуулугун, анын ар-намыска жана бакытка карата укугун, кесиптик, улуттук жана башка ушул сыяктуу чөйрөлөрдөгү адам укугунун артыкчылыктарын бекемдөө каралышы зарыл. Адамгерчилик эң жогорку баалуулук иретинде кабыл алынган чөйрөдө плюрализм менен монизм да баштапкы орунду ээлейт, андыктан гуманизм плюрализмди негиздөө менен бирге эле белгилүү даражада ар түрдүүлүктү чектөөчү функцияны аткарат. Социум адамзат үчүн

бирдиктүү болгон нравалык мыйзамга муктаж. Этикалык плюрализм "гуманисттик монизм этикасын", ошондой эле "глобалдык жоопкерчилик этикасын" түшүндүрөт [5].

**Жыйынтыктар.** Базар мамилелери, демократиялык процесстер нравалык жоготуулар менен коштолуп, мамлекетке, илимге, билим берүүгө жаңы талаптарды, этикалык стандарттардын жаңы блогун иштеп чыгуу зарылдыгын коюуда. Нравалык прогресстин өзгөчө касиети төмөндөгүдө: нравалуулук менен илимий-техникалык өнүгүү синхрондуу же бир мезгилде жүрбөйт; нравалык негиздер илим жана техника менен түздөн-түз аныкталбайт; моралдын алгачкы талашсыз жоболору геометриялык фигура сыяктуу далилденбейт; нравалык прогресс - татаал, карама-каршы кыймыл; моралдын түрдүү компоненттеринде бирдей өлчөмдө прогресс болбойт. Биоэтикалык аң-сезимге, дүйнөкарашка, клиникалык ой жүгүртүүгө ээ болгон медкызматкерде ишмердүүлүгүндө адам жашоосуна кийлигишкен заманбап технологияларды колдонуу чектерин аныктай алуучу, өз ишмердүүлүгүн укуктук жана моралдык жактан жөнгө салуу жөндөмү калыптанат.

Жаңы биотехнологиялык жетишкендиктердин өнүгүшүнүн натыйжасында пайда болгон антропологиялык, моралдык, социалдык жана юридикалык проблемаларды изилдөө менен бирге биоэтика жашоо жана өлүмдүн жаңы каражаттарын колдонуунун чегин аныктоо менен гана чектелип калбастан, адамга, жалпы эле жандууларга, бизди курчап турган объективдүү реалдуулукка карата нравалык, гумандуу мамилени калыптандыруусу зарыл.

**Адабияттар**

1. Дубинин Н.П., Карпец И.И., Кудрявцев В.Н. Генетика, поведение, ответственность: О природе антиобщественных поступков и путях их преодоления. - М.: Политиздат, 1982.
2. Фролов И. Т., Юдин Б.Г., Этика науки: Проблемы и дискуссии. -М.: Книжный дом «ЛИБРОКОМ», 2009.
3. Всеобщая Декларация о биоэтике и правах человека Генеральной конференции ЮНЕСКО / Биоэтика и СМИ: рекомендации для журналистов под ред. П.Д. Тищенко, Б.Г. Юдина. -М.: Союз журналистов России. При поддержке Бюро ЮНЕСКО, 2008. -60-б.
4. Засухина В.Н. Аксиология жизни как основа биоэтики в России дис.... д-ра философских наук: 09.00.01. -Чита.: -2012.
5. Гусейнов А.А. Философия между знаниями и ценностями, // Философские науки. - 2001. - №2. - 47-66-б.

*ИСТОРИЯ*

УДК 392.390
DOI: 10.52754/16947452_2022_4_118

# КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ КИЛЕМ ТОКУУ ӨНӨРҮНҮН ТАРЫХЫНАН

*Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевна, к.и.н., доцент*
chynyhan@bk.ru
*Ош мамлекеттик университети,*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *Бул макалада түктүү токулган килем материалдык маданияттын тенденцияларын үйрөнүү үчүн мыкты булак катары каралат. Килем жасоонун технологиялык аспектилери жана декоративдик комплекстерин семиотикалык мааниси изилдөө үчүн артыкчылыктуу маселелердин бири. Салттуу материалдык жана руханий маданияттын ажырагыс бөлүгү болуп объективдүү дүйнөнүн прикладдык жана ошол эле учурда эстетикалык өнүгүүсү менен байланышкан элдик-декоративдик прикладдык искусство алдынкы орунду ээлеп турат. Килем токуу өнөрү колдонмо искусстводо этностук топтордун көркөм экспрессиясынын бир түрү катары белгиленет. Ар бир жеке маданий компонентте болуп жаткан процесстерди жана кубулуштарды талдоо бүтүндөй коомдун маданиятынын өнүгүү тенденциясы жана абалы жөнүндө бирдиктүү сүрөттү калыбына келтирүү үчүн зарыл шарт болуп саналат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *маданият, килем, салт, килем токуу өнөрү, колдонмо искусство, кол өнөрчүлүк, ичкилик уруулары, тарыхый булак.*

# ИЗ ИСТОРИИ ТРАДИЦИОННОГО КОВРОТКАЧЕСТВА КЫРГЫЗОВ

*Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевна, к.и.н., доцент*
chynyhan@bk.ru
*Ошский государственный университет*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *В данной статье рассматривается тканый ковер как отличный ресурс для изучения тенденций материальной культуры. Технологические аспекты ковроделия и семиотическое значение декоративных комплексов являются одними из приоритетных вопросов для исследования. Как неотъемлемая часть традиционной материальной и духовной культуры народно-декоративно-прикладное искусство, связанное с прикладным и одновременно эстетическим освоением предметного мира, занимает ведущее место. Отмечается ковроткачество как форма художественного самовыражения этносов в прикладном искусстве. Анализ процессов и явлений, происходящих в каждом отдельном компоненте культуры, является необходимым условием восстановления единой картины тенденции развития и состояния культуры общества в целом.*

***Ключевые слова:*** *культура, ковер, традиция, ковроткачество, прикладное искусство, ремесла, племена ичкилик, исторические источники.*

# FROM THE HISTORY OF TRADITIONAL KYRGYZ CARPET WEAVING

*Satybaldieva Chynykhan Topchubaevna, candidate of historical siences, associate professor*
*chynyhan@bk.*
*Osh State University,*
*Osh, Kyrgyzstan*

***Abstract**. This article examines the woven carpet as an excellent resource for studying trends in material culture. Technological aspects of carpet making and the semiotic significance of decorative complexes are among the priority issues for research. As an inseparable part of traditional material and spiritual culture, folk-decorative applied art, which is connected with the applied and at the same time aesthetic development of the objective world, occupies a leading place. Carpet weaving is noted as a form of artistic expression of ethnic groups in applied arts. Analysis of the processes and phenomena occurring in each individual cultural component is a necessary condition for restoring a unified picture of the development trend and state of the culture of the society as a whole.*

***Keywords:** culture, carpet, tradition, carpet weaving, applied arts, handicrafts, ichkilik tribes, historical sources.*

**Киришүү.** Кыргызстандагы салттуу килем жана килем жасалгаларын изилдөө жана аларды заманбап искусствого киргизүү аймактын элдеринин заманбап маданиятын өнүктүрүүгө өбөлгө болот.

Кыргыз элинин маданияты менен тыгыз байланышта болгон килем токуу өнөрү көптөгөн муундардын талыкпас эмгегинин эбегейсиз тажрыйбасын камтыйт, ошондуктан бүгүнкү күнгө чейин элдердин каада-салттарынын казынасы болуп өз маанисин жоготпой келет, заманбап искусство ушул жерден чыгып, кыргыздардын прикладдык чыгармачылыгын көркөм чагылдыруунун мыкты каражаты катары каралып өз **актуалдуулугун** арттырып келет. Бул байланыш салттуу көркөм искусствонун бардык түрлөрүндө, атап айтканда килемдерде да өз көрүнүшүн табат. Макаланы изилдөөнүн негизги **максаты** кыргыз элинин салтуу килем токуу тенденцияларын, килем буюмдарын токуу ыкмаларын, жасалгалоо жана алардын семантикасына этнографиялык анализ берүү .

**Изилдөө каражаттары жана ыкмалары.** Салттуу килем токуу маданиятынын жана каада-салтынын өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн, ошондой эле кыргыздардын башка элдер менен этногенетикалык жана этномаданий мамилесин изилдөө негизги максаты болуп, этномаданиятты изилдөө үчүн баалуу булак катары каралат. Эгер килем токуу салтынын башатына кайрыла турган болсок, анда 1949-жылы Улаган бөксө тоосундагы Пазырык

бейитинен дээрлик бүтүн токулган килем табылган. Ал эми азыркы Монголиянын аймагында дагы бир токулган килем, тагыраак айтканда, токулган түктүү килемдин калдыктары табылды. Бул укмуштуудай табылгалар I-миң жылдыктын ортосунда адамдын кол эмгегинен жаралгандыгы илимий дүйнөдө сенсация жаратты деп айта алабыз. Бул теманы окуп үйрөнүү мезглинде негизги теориялык жана эмпирикалык изилдөө методдорун колдонулуп тарыхый-салыштырмалуулук принциптери сакталды.

**Негизги бөлүк.** Дээрлик Борбордук Азиядагы токулган килем жөнүндө белгилүү эмгектер бар. Алар аркылуу XIX кылымдын аягы - XX башында кыргыз килемдери жөнүндө да маалыматтар белгилүү боло баштаган. Алардын бири А.А.Боголюбовдун түзгөн альбому болуп саналат.

Автор өзүнүн бул эмгегинде токулган килемдердин кенири коллекциясына токтолгон жана илимий эмгегинин 2-таблицасында 4 чакты килемдин сүрөтүн чагылдырган. Айрыкча Боголюбов Фергана өрөөнүндөгү Андижандагы кыргыздардын анын ичинен ичкилик урууларынын (кыпчак жана кыдырша) килем токуучулук өнөрү менен алектенгенин баса белгилеген. Демек кыргыз элинин килем токуу өнөрү эзелтеден калыптанган байыркы кол өнөрчүлүк экендигин маалымдаган [1].

Кыргыз элине таанылдык болгон килемдери жөнүндө А. Фелькерзам өз эмгегинде жазып калтырган. Автордун баамында килем токуу өнөрү негизинен ичкилик урууларына гана таандыктай айтылат. Андан тышкары А. Фелькерзам килем менен алектенген Орто Азия элдеринин тарыхы жана жайгашуусу, килемдердин түрлөрү жана материалдары жана жасоо техникасына кенири токтолуп кеткени менен өзгөчөлөнгөн.

Килемдерди классификациялап жатып, окумуштуу Фергана чөлкөмүндөгү Андижан жана Ош уезддеринин уруулары килем токуунун чеберлери экенин тастыктап кетет. А. Фелькерзам Чыгыш Туркестандагы кашгар килем ошол жерде жашаган жергиликтүү кыргыздар токуган деп тыянакка келген. Кыргыз килем буюмдарын чыгарууга арналган кийинки изилдөө - барон А. Фелькерзамдын эмгеги. Ал кыргыз килемдерин түздөн-түз изилдөөчү жана ичкилик урууларынын, Анжиян жана Фергана аймактарынын килем токуусун кылдат изилдеген [2].

Ал эми орус окумуштуусу В.К. Розвадовский атайын кустардык өндүрүш менен кол өнөрчүлүктүн жана искусствонун айрымачылыгын териштирип кеткен. Кустарь (буюмду жасаган уста) буюмду жасап жатканда кардардан көз каранды болгон эмес, анын жасаган эмгегинде көркөм инстинкт негизги ролду ойногон. Кустарь – бул өзүнүн жасаган буюмунун

кардары белгисиз болгон, ал атайын стандартка ылайык товар жасаган эмес, анын жасаган буюму ой –чабытынан маанайынан жараша иштелип чыккан.

Ал эми кол өнөрчүлүк менен алектенген адам атайын кардарлар үчүн иштешет. Алар кардардын суроо–талабына жана табитине жараша буюмдарды жасашат. Ошондуктан, бул жерде атайын чыгармачылыкка жол тосулуп, кардардын табити менен чектелүү байкалат. Килем токуучулук өнөрүндө да кээ бир кустарлык элементтер сакталып калган жана бул килем токуу өнөрү ушул күнгө чейин өзүнүн актуалдуулугун сактап келе жатат.

В.К. Розвадовский азыркы Өзбекистандагы Андижан областындагы Айым кыштагындагы кыргыздардын килем токуу салтын изилдөөгө алган. Ал жердеги кыргыз аялдарынын килем токуу процессине активдүү катышкан деп белгилеп кеткен. Бул айылдын айланасындагы Чангы-таш, Ак-мечит, Дардак, Лук-Казаткусу келсе деген аймактарда аялдар килем өндүрүү чарбасы менен алектенишкен. Бул жердин эли килем токуткусу келсе чебер аялдарды жалдап токутушкан. Розвадовскийдин оюу боюнча килем токуучулук өнөрүн аркалагандар бул жерде негизинен кыргыз аялдары болушкан [3].

**Жыйынтыктар жана талкуулар.** Кыргыздар беш түрдүү малды асырап багышкан: кой, эчки, ийри мүйүздүү мал, жылкы жана төө. Айрыкча майда жандыктарды көп кармашкан. Кой жаныбарынын бир эле түрүн аздектеп багышкан, ал кыргыз кою деп аталган. Бул койдун өзгөчөлүгү куйруктуу болгон, эттүү жана куйруктуу келип кыргызга белгилүү болгон орус жана калмак койлорунан алда канча көлөмдүү болушкан, бирок, жүнү анча майын болбогонуна карабай кыргыз аялдары жүн сырьесунан ар кандай тиричиликке жарамдуу болгон кийиз, өрмөк, килемдерди жасашкан. В.В. Радловдун айтышы боюнча жүндөн ийрилген жиптерди түштүк кыргыздары жана Ташкент кыргыздары гана жасашкан [4].

Килем токууда эчкинин жүнүн да кеңири колдонулганы тууралуу илимий басылмаларда айтылып келет. Кыргыздар кыргыз эчкиси деп аталган эчкинин да бир эле түрүн асырашкан. Ошол мезгилде кыргыздарга маалым болгон орус эчкисине караганда көлөмү боюнча кичинерээк болгон. Ал эми жүнү орточо узундукта болуп, сапсагай жана катуу келген. Аны килемдерге иштетишкен. Айрыкча килем буюмдардын чачысына жана таар килемдерине да жумшашкан.

Күздүн жылуу күндөрүндө койлорду суудан айдап өтүшкөн, мунун натыйжасында койлордун жүндөрү кыйла тазарган, андан кийин алардын жүнүн кыркууга киришишкен. Жүндү кыркуу баарыны эле колунан келе берген эмес. Атайын жүн кыркууга аламдарды башкача айтканда

кыркмачтарды жардамга чакырышкан. Аларга атайын кыркуу акысын төлөп беришкен. Кээ бир кыркмачтар абдан тажрыйбалуу болгондуктан, койдун куйругунан баштап буттарынан, мойнуна чейин кайчыны чыгарбай кыркып бүтөт. Ал эми кыркылган жүн болсо койдун терисиндей эле абалда болот. Туура кыркылган жүндүн ийрилген жиптердин сапаты көз каранды болгон.

Андан тышкары П.Толстойдун изилдөөлөрүнө таянсак, Орто Азиядагы элдердин ичинен сарттар менен тажиктер килем токуучулук менен алектенишкен эмес. Негизинен кыргыздар жана өзбек, түркмен элдери гана килемди токуу өнөрү менен алектегендигин баса белгилейт. Мында колунда бар киши созсүз үйүндө килем токуткан. Килем токуу процесси татаал болгондуктан, көп каражатты жана кыймыл аракет жетишээрлик болуу керек, андан тышкары атайын килем учун темир кайчылар жана тыт жыгачынан жасалган токмоктор чоң ролду ойногон [5].

Орус элинин дагы бир окмуштуусу М. Достоевский да Орто Азиянын килемдерин классификациялап, категорияларга бөлүп кеткен. Айрыкча мусулмандардын токуучулук өнөрүнө көңүл бурган [6].

Улуу окумуштуу Д.Н. Логофет да Орто Азиядагы килем чарбасына токтолуп кеткен. Айрыкча түркмөндөрдүн жашоосу жана этникалык тарыхы жана алардын чарбасы, кол өнөрчүлүгүн изилдеген [7].

Коло жана алгачкы темир мезгилдеринде токуучулук өнөрү өнүгүп ал кездеги эстеликтерде керамикалык ийрүүчү дөңгөлөктөр жана керамикалык токуу деп аталган үлгүлөр көп кездешкен. Кыргызстанда коло дооруна таандык археологиялык жайлар жөнөкөй станоктордун бар экендигинин ишенимдүү далилдерин тапты. Ошол эле учурда, жергиликтүү токуучулар кездемелерди боёну өздөштүрүшкөн, ал эми бул көрүнүш антикалык мезгилде бойоонун жогорку деңгээли жөнүндө кабарлайт [8].

Кыргыздар баланы эрезеге жеткирип, үйлөп-жайлап анан өзүнүнү тиричилигин улантып кетишине атасы милдеттүү түрдө көмөктөшкөн. Бул максатта ата баласына үй салып, малдын уй, кой, жылкысынан энчилеп берген. Н.И. Городековдун бул боюнча : “На отца лежит забота о снабжении каждого сына калымом и наделом энчи”-деп жазган [9]. Ошол эле учурда уул баланын энеси да “атаганым бар эле” деп өз колу менен токуган килемин салт катары ар бир баласына энчилеп тартуу кылган.

**Корутунду.** Макаланын жыйынтыгында килем токуу өнөрү кыргыздардын эн эле байыркы кол өнөрчүлүгүнүн бир түрү катары каралат. Анткени бир нече илимий эмгектерде кыргыздардын килем токуу өнөрү жөнүндө теориялык маалыматтар камтылган. Салттуу килем токуу өнөрү

кыргыздардын материалдык жана руханий маданиятын чагылдырган уникалдуу колдономо искусствонун бир түрү катары каралат.

**Адабияттар**


1.Боголюбов А.А. Ковровые изделия Средней Азии из собрания, составленного А.А.Боголюбовым, вып. 1-1. СПб, 1908-1909.

2. Фелькерзам А. Старинные ковры Средней Азии, “Старые годы” 1914, октябрь-декабрь, 1915, июнь

3. Розвадовский В.К. Опыт исследования гончарного и некоторых кустарных промыслов в Туркестанском крае. Ташкент.: 1916 г.- 51с.

4. Достоевский М. Старина и Быт Средней Азии. Культурная сокровище России. Издание. Т-ва. “Образование”. Москва. 1917.С. -62

5. Радлов В.В. Из Сибири: Страницы дневника (пер. с нем.). – М.: Наука, 1989. – 749 с.

6.Логофет Д.Н. На границах Средней Азии. Книга 2. Русско-Афганская граница Москва.”Книга по требованию” Изд. В. Березовский. С.Петербург. Колокольная улица.14. 1909 г. С-245 ] 147.-149 стр.Материальная культура народов Средней Азии и Казакстана. Институт этнографии имени Н.Н. Миклухо-Маклая. Наука, 1966. С-170

7.Пилий Толстой. Жизнь и Быт Средней Азии. 1915-г.

8. Латышев В. Известия древних писателей в Скифии и Кавказе. Т. 1. СПб, 1890. С. 7.)

9. Н.И.Городеков. Киргизы и каракиргизы Сырдарьинской области. Том 1. Юридический быт. – Ташкент. Типо-литография С.И. Лахтина, Романовская улица.1889 год. –С. -43:45)

*ПЕДАГОГИКА*

УДК 378.016
DOI: 10.52754/16947452_2022_4_124

# ФИЗИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮДӨ АКЫРКЫ АЧЫЛЫШТАРДЫ, ЖЕТИШКЕНДИКТЕРДИ ОКУТУУ МЕЗГИЛ ТАЛАБЫ

*Абдалиев Урмат Калмаматович, т.и.к., доцент,*
abdaliev.u@mail.ru
*Ош технологиялык университети жана Кыргыз Республикасынын*
*улуттук илимдер академиясынын түштүк бөлүмүнүн*
*жаратылыш байлыктары институту.*
*Сатыбалдыев Абдимиталип Баатырбекович, т.и.к., доцент,*
sabst@rambler.ru
*Ош технологиялык университети,*
*Ош, Кыргызстан.*

***Аннотация.*** *Макалада билимдин сапатын жогорулатуу билим берүүнүн мазмунунан жана окутуу технологияларын жакшыртуудан көз карандылыгы көрсөтүлдү. Анын негизи заман талабына ылайык адамдардын эркин өнүгүү мүмкүнчүлүгүн түзүүгө, чыгармачылык демилгени пайда кылууга, өз алдынча өнүгүүгө, мобилдүү болуга жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө негизделсе, жыйынтыгы студенттер турмуштан алынган кызыктуу материалдарды терең анализдешет жана маалыматты жакшылап өздөштүрүшөт. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыгынан, физиканын учурдагы жетишкендиктерин берүү, прикладдык тараптарынын мазмунун ар тараптуу ачуу, көрсөтүү эмоционалдык жагдайларды камтып, студенттердин эмоционалдык компетенттүүлүгүн калыптандырат, билим сапатын эффективдүү жогорулатат, окуу процессин уюштуруунун натыйжалуу каражаты болоорун тастыктайт.*

***Ачкыч сөздөр:*** *физикалык билим берүү, заманбап ачылыштар, жетишкендиктер, парадигмалар, прогресс.*

# ПРЕПОДАВАНИЕ НОВЕЙШИХ ОТКРЫТИЙ И ДОСТИЖЕНИЙ В ОБУЧЕНИИ ФИЗИКИ – ТРЕБОВАНИЕ ВРЕМЕНИ

*Абдалиев Урмат Калмаматович, к.т.н., доцент,*
abdaliev.u@mail.ru
*Ошский технологический университет и институт природных ресурсов*
*южного отделения национальной академии наук Кыргызской республики*
*Сатыбалдыев Абдимиталип Баатырбекович, к.т.н., доцент,*
sabst@rambler.ru
*Ошский технологический университет*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *В статье показано, что повышение качества образования зависит от содержания образования и совершенствования технологий обучения. В ее основе лежит способность людей свободно развиваться в соответствии с современными требованиями, создавать творческую инициативу, саморазвитие, мобильность и конкурентоспособность, в результате чего учащиеся глубоко анализируют интересный*

*материал из жизни и осваивают информацию. Результаты педагогического эксперимента показывают, что презентация современных достижений в физике, всестороннее раскрытие содержания прикладных аспектов, в том числе эмоциональных ситуаций, формирует эмоциональную компетентность учащихся, эффективно повышает качество обучения, является эффективным инструментом организации процесс обучения.*

***Ключевые слова:*** *физическое преподавание, современные открытия, достижения, парадигмы, прогресс.*

## TEACHING THE LATEST DISCOVERIES AND ACHIEVEMENTS IN TEACHING PHYSICS IS A REQUIREMENT OF THE TIME

*Abdaliev Urmat Kalmamatovich,*
*candidate of technical sciences, associate professor,*
abdaliev.u@mail.ru
*Osh Technological University and Institute*
*of natural resources in the southern branch of the*
*national academy of sciences of the Kyrgyz republic.*
*Satybaldyev Abdimitalip Baatyrbekovich,*
*candidate of technical sciences, associate professor,*
*sabst@rambler.ru*
*Osh technological university,*
*Osh, Kyrgyzstan*

***Abstract.*** *The article shows that improving the quality of education depends on the content of education and the improvement of teaching technologies. It is based on the ability of people to develop freely in accordance with modern requirements, to create creative initiative, self-development, mobility and competitiveness, the result is that students deeply analyze interesting material from life and master the information. The results of the pedagogical experiment show that the presentation of current achievements in physics, comprehensive disclosure of the content of the applied aspects, including emotional situations, forms the emotional competence of students, effectively improves the quality of education, is an effective tool for organizing the learning process.*

***Keywords:*** *physical education, modern discoveries, achievements, paradigms, progress.*

**Киришүү.** Илимий-техникалык прогресстин биринин артынан экинчисинин орун алуулары айрыкча физикалык билим берүүнүн жаңы баалуулуктарынын пайда болушун шарттады, б.а. коомдо өнүгүп жаткан социалдык-педагогикалык чөйрөнү долбоорлоого, студенттерди окутуунун психологиялык-педагогикалык шарттарын түзүүгө, билим берүүдө окуу пландарын өзгөртүп түзүүгө зарылчылыктар түзүлдү. Билим берүүнүн мындай системасына бир гана билимди, билгичтикти жана көндүмдү гана трансляциялаган эмес, инсандын жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө багыт жасаган, жөн гана дидактикалык маселелерди алдыга коюп жана аларды чечип гана тим болбостон, өнүктүрүүчү билим берүү пландарын иштеп чыгуу мезгил талабына айланды [1,2].

Билимдин сапатын жогорулатуу билим берүүнүн мазмунунан жана окутуу технологияларын жакшыртуудан көз каранды экендиги практикада тастыкталды. Билим берүүнүн максатынын жана ошого жараша мазмунунун өзгөрүүгө муктаж болушу заман талабына ылайык адамдардын эркин өнүгүү мүмкүнчүлүгүн түзүүгө, чыгармачылык демилгени пайда кылууга, өз алдынча өнүгүүгө, мобилдүү болуга жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө негизделген. Ушундай бир топ жаңы көз караштарга ылайык азыркы мезгилде окутуунун жаңы парадигмалары пайда болду. Жаңы парадигмалардын жаралышы табигый предметтерди, анын ичинде физиканы окутууда жаңы көз караштардын зарылдыгын жаратты [2].

Мындан, физикалык билим берүүдө окуу планын жаңы көз караншта түзүү, анын маанилүүлүгү, окутууну жаңыча уюштуруу зарылдыгы орун алып, окутууну жаңы программалар негизинде окутуу актуалдуу маселелерден экендиги келип чыгат.

Азыркы мезгилде инженердик багыттагы  жогорку окуу жайларында физикалык билим берүү бир же эки семестрге гана пландалып, аз убакытта жалпы физика курсун окутууда, өткөн кылымдардагы физикалык ачылыштарды камтыган бөлүмдөргө гана көп убакыт бөлүнүп, азыркы физиканын жетишкендиктерине жана иш багыттарына дээрлик көңүл бурулбай келет, тактап айтканда, окутуучу каралган аз мезгилде жалпы физика курсунун  негизги делген материалдарына гана токтолуп, Эйнштейндин салыштырмалуулук теориясын жана кванттык механиканы берүү менен гана чектелсе, анын эң негизги закондору 17-19-кылымдарда жана 20-кылымдын башында ачылган. Бул студенттер арасында физиканы өткөн кылымдын илими сыяктуу элес калтырып, мектеп программаларын кайталаган сыяктуу сезилип, физикага болгон кызыгуусун солгундатып келет.

Макаланы жарыялоонун максаты, бүгүнкү күндүн жана келечектин физикасына өзгөчө көңүл бурууну жана физиканын прикладдык тараптарын ачып көрсөтүүнү жандандыруу менен студенттердин физикага болгон кызыгуусун жогорулатуу жана терең билим алууга жетишүү. Мындай деңгээлде өтүлгөн сабакта физиканын учурдагы тенденциялары каралып, өтүлгөн сабак студенттерге физика жөнүндө биздин замандын «тирүү» илими жана илимий-техникалык прогресстин кыймылдаткыч күчү катары түшүнүк алууга мүмкүндүк берээри анык.

**Изилдөөнүн каражаттары жана ыкмалары.** Ош технологиялык университетинин инженердик багыттагы курулуш, энергетика адистиктери боюнча студенттерине изилдөөлөр жүргүзүлдү. Изилдөө, жалпы физика курсун окутууда учурдагы физиканын жетишкендиктерин, приклаттык тараптарын кошо берүү аркылуу эмоционалдык жагдайларын, эмоционалдык

компетенттүүлүгүнүн калыптануусун, билим сапатынын жогорулоосун, сабакка болгон кызыгууларынын өзгөрүүлөрүн байкоо аркылуу жүргүзүлдү.

**Жыйынтыктар жана талкуулар.** Бүгүнкү күндөгү студенттер тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө жашап жатышат, 2002-жылга чейин 5 экзабайт маалымат иштелип чыкса, 2017-жылы 167 экзабайт = 0,167 зетабайт маалыматка жеткен, 2020-жылы 40 зетабайтты түзгөн, бул иштелип чыккан маалыматтар 4 жылда 400 эсеге өскөндүгүн көрсөтөт [3]. Студенттер күн сайын чоң көлөмдөгү маалыматты көрүп, иштеп чыгып, өздөштүрүшөт. Маалыматты көңүлүн буруп, эстутумунда сактап калуусу оңой эмес. Андан сырткары көпчүлүк инженерлер физика менен өз адистигинин ортосундагы байланышты көрүшпөгөндүктөн, физиканы милдеттүү эмес предмет катары кабыл алышат. Азыркы студенттердин дагы бир өзгөчөлүгү – алар алган билимдердин практикалык пайдасын көздөшү. Жашоонун ылдам темпи жана иштелип чыгып жаткан чоң көлөмдөгү маалыматтарды өздөштүрүү зарылчылыгы студенттердин айтымында, кийинки жашоо үчүн пайдасыз болгон дисциплиналарды окууга убакыттарын жана каалоону калтырышбайт.

Ошондуктан студенттерге фундаменталдык жана прикладдык илимдин ортосундагы байланышты жеткирүү өтө маанилүү, аны конкреттүү мисалдардын жардамы менен гана ачууга болот. Ошол эле учурда келтирилген мисалдар студентти жакынкы келечектеги ишмердүүлүгү менен да байланыштырат, универсалдуу аспектилерге жеткирет.

Бүгүнкү күндө жалпы физика курсун окутууда маанилүү детал – бүгүнкү күндөгү физика менен байланыш жана материалдын прикладдык тарабын берүү жетишпей жаткандыгы. Заманбап физикада жакынкы эле жылдарда ондогон алда канча кызыктуу инновациялык иштеп чыгуулар бар экендиги белгилүү [4].

Студенттерге берилүүсү зарыл делген материалдардын кээ бирлерине токтолуп кетели: кванттык физика тармагындагы жетишкендиктерге – кванттык компьютер жана кванттык телепортация. Мында кванттык компьютердин прототиптеринин слайд-шоусу классикалык жана кванттык компьютердин ортосундагы айырманы баса белгилеп, кванттык физиканын негиздери жөнүндө сүйлөшүү үчүн эң сонун мүмкүнчүлүк болушу мүмкүн. Дүйнөдө кванттык компьютерлер үчүн жок дегенде ондогон программалоо тилдери бар экенин эске алганда, бул тема келечектеги программалык камсыздоо инженерлери үчүн өзгөчө кызыктуу болушу мүмкүн;

Кийинки кызыктуу жана актуалдуу маселе нанотехнологияларды жана аларды колдонуунун практикалык аспектилерин кароо. Бул жерде бир кызыктай жагдайды байкоого болот - бул терминди баары уккан, бирок анын эмне экенин бир нече гана адам түшүндүрө алат. Студенттердин басымдуу көпчүлүгү илимпоздор бул тармакта эмне иш кылып жатканын билишпейт.

Бул нанотехнологиялар чөйрөсүндөгү өнүгүүлөр биздин жашообуздун бир бөлүгү боло электигине байланыштуу болушу мүмкүн, ошентсе да наноработика жаатындагы заманбап изилдөө багыттары көңүл бурууга татыктуу. Маселен, нанороботтор мурда айыккыс ооруларга, анын ичинде рак ооруларына каршы күрөштүн келечектүү куралы катары каралган, бүгүнкү күндө бир нече ири илимий борборлор бул багытта изилдөө иштерин жүргүзүп, прототиптерин тартуулашты;

Биздин замандын дагы бир кызыктуу проблемасы — термоядролук реакторду түзүү. Студенттерге мындай реактордун артыкчылыктары менен кемчиликтерин баяндап, иштөө принцибин жана мындай реакторду жер үстүндөгү шарттарда ишке ашыруунун көйгөйлөрүн айтып берүү кызыгууну жаратуусу анык. Бүгүнкү күндө дүйнөдө бул багытта бир нече долбоорлор бар. Алардын эң белгилүүсү Францияда ишке ашырылган эл аралык ITER долбоору. Термоядролук синтездин энергиясы адамзатты көптөн бери өзүнө тартып келет, бирок аны ишке ашырууда белгилүү бир кыйынчылыктар жана түшүнүксүз келечек бар, бул азыркы мезгилде физикада талкууланып жаткан темалардын бири;

Туруктуу металл суутегин алуу да азыркы физиканын талкууланып жаткан маселелеринен, бул да аудиторияда талкуулоо үчүн кызыктуу тема болушу мүмкүн;

Физикалык билим берүүдө эффекттердин, процесстердин прикладдык тараптарын ачып берүү студенттин ар тараптуу өнүгүүсүнө алып келет. Мисал үчүн кавитация эффектин карасак, эффект суунун активдешүүсүнө алып келет, активдешкен суу ар кандай реакцияга катышууга жөндөмдүү болуп калат, суу зыянсыздандырылат, суу электр булагына айланат, эффект жылуулук генераторунун ролун да аткарып калат [5,6];

Биздин күнүмдүк жашообузду жакшыраак жана ыңгайлуу кылуу үчүн иштелип чыккан жетишкендиктерден тышкары, практикалык колдонулушу жок, бирок дүйнөнүн түзүлүшү жөнүндөгү билимибизди байытуучу прикладдык иштеп чыгуулар жаатындагы жетишкендиктер боюнча токтолуу да зарыл маселе. Бул өнүгүүлөр Хиггс бозондун жана чоң адрон коллайдеринде пентакварктын ачылыштарын, ошондой эле гравитациялык толкундарынын ачылышын, Жердин климатын физикалык жактан моделдөө, өзгөрмөлүүлүгүн аныктоо жана глобалдык жылуулукту ишенимдүү болжолдоо үчүн изилдөөлөрдү камтыйт. Изилдөөнүн мындай багыттары азырынча практикалык жактан колдонула элек болсо да, алар экспериментти түзүүнүн жүрүшүндө ишке ашырылганда жаңы технологиялар, изилдөөнүн жаңы ыкмалары иштелип чыгып, жаңы жабдуулар долбоорлонуп, уникалдуу технологияларга ээ жаңы адистер пайда болоорун баса белгилей кетүү керек.

Физиканын учурдагы жетишкендиктери тууралуу маалыматтарды берүүдө, эл аралык илимий долбоорлор жөнүндө сөз кылуу максатка ылайыктуу. Бул долбоорлорго LIGO, ошондой эле кара затты издөө боюнча долбоорлор, Марсты изилдөө долбоорлору жана башкалар кирет. Учурдагы эң перспективдүү материалдардын бири – графендин ачылышы россиялык окумуштуулар тарабынан ишке ашырылышы, ошондой эле химиялык мезгилдик системанын жаңы элементтеринин ачылышы жөнүндө айтып берүү да кызыгууну жаратышы анык.

Педагогикалык изилдөөнүн жыйынтыгында студенттердин физиканы окууга болгон кызыгуусу окуу жылынын башында 20-25 %ды түзсө, окуу жылынын аягында 75-90 % ды түзүп калды.

Физика — бул, натыйжалары азыркы коом тарабынан колдонулуп жаткан техникалык прогресстин деңгээлин жараткан илим. Бирок, физиканын негизги мыйзамдары жана жоболору гана айтылса, студенттер бул байланышты көрүшпөйт. Демек, конкреттүү мыйзамдын колдонулуучу тарабына дайыма көңүл буруу зарыл. Студенттерге физиканын фундаменталдык илим катары адамдын күнүмдүк турмушу менен байланышын ачып берүү маанилүү. Бул предметке болгон кызыгууну, катышууну жана аны окууга болгон мотивацияны бир топ жогорулатат. Ошондуктан, инженерлер үчүн жалпы физика курсуна канча сааттар бөлүнбөсүн, материалды баяндоону турмуштан иллюстративдик мисалдар менен коштоп, азыркы кездеги физиканын жетишкендиктерине, анын актуалдуу проблемаларына жана өнүгүү перспективаларына токтолуу зарыл.

Мындай деңгээлде уюштурулган сабактын жүрүшүндө студенттердин сабакка болгон кызыгуусу ар дайым позитивдүү болуп, активдүүлүгү артат. Студенттер физика адамзаттын көптөгөн көйгөйлөрүн чечүүчү заманбап жана актуалдуу илим экенин визуалдык түрдө көрө алышат.

**Корутунду.** Студенттер турмуштан алынган кызыктуу материалдарды терең анализдешет жана маалыматты жакшылап өздөштүрүшөт.

Педагогикалык эксперименттин жыйынтыгынан, физиканын учурдагы жетишкендиктерин берүү, приклаттык тараптарынын мазмунун ар тараптуу ачуу, көрсөтүү эмоционалдык жагдайларды камтып, студенттердин эмоционалдык компетенттүүлүгүн калыптандырат, билим сапатын эффективдүү жогорулатат, окуу процессин уюштуруунун натыйжалуу каражаты болоорун тастыктайт.

**Адабияттар**

1. Асанбекова, Д.Д. Формирование эмоциональной компетентности студентов при обучении общему курсу физики [Текст]: /Д.Д.Асанбекова// Проблемы современной науки и образования. – Москва, 2016. – №35(77) – С.94-96.

2. Курманкулов, Ш.Ж. Орто мектептерде физикалык билим берүүнү уюштуруунун илимий-методикалык негиздери [Текст]: педагогика илимдеринин доктору ... диссертация: 13.00.02 / Ш.Ж. Курманкулов. Бишкек, 2017. – 302 б.

3. https://ru.wikipedia.org/wiki/информационный_взрыв.

4. Сияев, Т.М. Педагогические основы создания положительного эмоционального фона на уроках физики. [Текст]: / Сияев Т.М., Асанбекова Д.Д. Молодой ученый, Международный научный журнал. Спецвыпуск Бекбоевские чтения -2. – Казань, 2017. – №4.1(138) – 93-94 бб.

5. Абдалиев У.К. Особенности электризации воды в процессе кавитации [Текст]: / У.К. Абдалиев // - Вестник Ошского государственного университета. – Ош, 2014. - № 2. - С. 170-173.

6. Абдалиев У.К. Термодинамические основы получения тепла с использованием водо-пузырьковой смеси на основе гидродинамической кавитации [Текст]: / У.К. Абдалиев, Ы. Ташполотов, А.Ы. Ысламидинов //- Новости науки Казахстана, 2014. - № 2 (120). - С. 171-180.

*ПЕДАГОГИКА*

УДК 37.796
DOI: 10.52754/16947452_2022_4_131

# СТУДЕНТТЕРДИН ИШКЕ ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮНӨ ЖАНА АКЫЛ - ЭС ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНӨ ФИЗИКАЛЫК КӨНҮГҮҮЛӨРДҮН ТААСИРИ

*Аблабекова Жанылча Кожоналиевна, п.и.к., доцент*
*jablabekova 20@ mail.ru*
*Окен уулу Шумкарбек, аспирант*
*shymkarbekazimbaev@gmail.com*
*Ош мамлекеттик университети,*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *Макалада физикалык көнүгүүлөрдүн студенттердин ишке жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга жана натыйжада алардын акыл-эс активдүүлүгүнө тийгизген таасири талкууланат. Дене тарбия жана спорт иш-чаралары төмөнкүдөй сапаттарды өнүктүрөт: максатка жетүүдөгү өжөрлүккө, чыдамкайлыкка, башкача айтканда пайда болгон тоскоолдуктарга жана кыйынчылыктарга карабастан, өз убагында алыскы максатка жетүүнү каалоону, кайраттуулук деп түшүнө турган өзүн-өзү кармай билүүнү, пайда болгон коркуу сезимине карабастан, ишти аягына чыгаруу жөндөмү, тыйуу (тыйноо) импульсивдүү, ойлонбой эмоционалдык реакцияларды басуу жөндөмүнүн (концентрация) кийлигишүүсүнө карабастан, аткарылып жаткан ишке көңүлүн топтоодо негизги мааниге ээ. Жогорку окуу жайларындагы дене тарбия сабагы жаштардын физикалык жактан дене түзүлүшүн чыңдоо проблемасын толук чече албайт.*

***Ачкыч сөздөр:*** *дене тарбия, дене тарбия көнүгүүлөрү, окуучулар, эмгекке жөндөмдүүлүк, акыл-эс ишмердүүлүгү.*

# ВЛИЯНИЕ ФИЗИЧЕСКИХ УПРАЖНЕНИЙ НА СПОСОБНОСТИ И УМСТВЕННУЮ АКТИВНОСТЬ СТУДЕНТОВ

*Аблабекова Жанылча Кожоналиевна, к.п.н., доцент*
*jablabekova 20@ mail.ru*
*Окен уулу Шумкарбек, аспирант*
*shymkarbekazimbaev@gmail.com*
*Ошский государственный университет,*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *В статье рассматривается влияние физических упражнений на повышение работоспособности студентов, а как результат - и на их умственную активность. Физическая активность и спорт развивают следующие качества: настойчивость в достижении цели, выносливость, т.е. Стремление к достижению долгосрочной цели вопреки препятствиям и трудностям, самоконтроль, под которым можно понимать смелость, способность выполнить задание вопреки страху, способность подавлять импульсивные, необдуманные, эмоциональные реакции (концентрация). Важно сосредоточиться на выполняемой работе, несмотря на*

*вмешательство. Физическое воспитание в высшей школе не решает полностью проблему физической подготовленности молодежи.*

***Ключевые слова:*** *физическое воспитание, физкультурные упражнения, студенты, трудоспособность, умственная деятельность.*

## THE EFFECT OF PHYSICAL EXERCISES ON THE ABILITIES AND MENTAL ACTIVITY OF STUDENTS

*Ablabekova Zhanylcha Kozhonalievna,*
*candidate of pedagogical sciences, associate professor*
*jablabekova 20@ mail.ru.*
*Oken uulu Shumkarbek, postgraduate student*
*shymkarbekazimbaev@gmail.com*
*Osh State University,*
*Osh, Kyrgyzstan*

***Abstract.*** *The article deals with the influence of physical exercises on increasing the working capacity of students, and as a result, on their mental activity. Physical activity and sports develop the following qualities: perseverance in achieving the goal, endurance, i.e.The desire to achieve a long-term goal in spite of obstacles and difficulties, self-control, which can be understood as courage, the ability to complete a task in spite of fear, the ability to suppress impulsive, thoughtless, emotional reactions ( concentration)It is important to focus on the work being done despite the interference. Physical education in higher education does not completely solve the problem of youth physical fitness.*

***Key words:*** *physical education, physical exercises, students, ability to work, mental activity.*

**Киришүү.** Дене тарбия сабагы бакалаврда окуган адистин кесиптик ишмердүүлүгүндө олуттуу роль ойноп, алардын иши адатта көңүл буруу, көрүү, интенсивдүү интеллектуалдык жана психикалык активдүүлүк кыймылы менен байланышкан. Дене тарбия нерв системасынын жана бүткүл организмдин чарчоосун кетирет, иш-аракетти жогорулатат, ден соолукту чыңдайт. Эреже катары, бакалаврда окуган адис үчүн дене тарбия сабактары активдүү эс алуу түрүндө өтөт жана студенттин эмоционалдык абалына таасирин тийгизет. Дене тарбия жана спорт иш-чаралары төмөнкүдөй сапаттарды өнүктүрөт: максатка жетүүдөгү өжөрлүккө, чыдамкайлыкка, кайраттуулука, өзүн-өзү кармай билүүгө андан сырткары пайда болгон коркуу сезимине карабастан максатка жетүү, эмоционалдык реакцияларды басуу жөндөмүнө (концентрация) карабастан аткарылып жаткан ишке көңүлүн топтоо негизги маниге ээ. Эрктүү сапаттарга жетүү үчүн адам баласына маанилүү болгон учурда чечим кабыл алуу мезгили минималдуу болушу үчүн мүнөздөлгөн чечкиндүүлүк жана жоопкерчиликти өзүнө алуу менен аныкталуучу демилге кабыл алынат [1]. Маалым болгондой, студенттердин окуу ишмердүүлүгү жумасына 36 саат академиялык окууну түзөт. Алар дене тарбия сабагын кошпогондо гигиеналык нормаларга жана

талаптарга дайыма эле жооп бербеген аудиторияларда жана лабораторияларда өткөрүлөт.

**Изилдөөнүн материалы жана методу.** Академиялык окуунун милдеттүү улаңдысы болуп изилденүүчү материалды консолидациялоо, курстук иштерге жана дипломдук долбоорлорго даярдануу максатында адабияттар менен өз алдынча иштөө болуп саналат, мунун баары кыймылсыз жашоо образын көрсөтүп турат, алардын кыймыл режими негизинен физикалык тарбиянын шарты менен аныкталат [2]. Жыйынтыгында, ден соолугунун абалы канааттандырарлык эмес, ашыкча салмактуу, тез-тез ооруга чалдыккан, дене түзүлүшүнүн жана таяныч-кыймыл аппаратынын бузулушу, көрүү кемчиликтери жана нерв-психиатриялык оорулары бар студенттердин саны  жогорку пайызды түзө баштайт. Бул жашоо активдүүлүгүнүн өзгөрүшүнүн шарттарында пайда болот: физикалык активдүүлүк кескин төмөндөйт, 30 мүнөткө чейин  күнүнө студенттер таза абага барууга жетишет, уйкусу жана тамактануусу жарым-жартылай бузулат.

Бул факторлордун бардыгы  студенттердин комплекстүү таасири терс эмоциялардын, өзүнө ишенбөөчүлүктүн, ашыкча толкундануунун, коркуунун ж.б. пайда болушуна алып келет. Ошентип, студенттерге педагогикалык байкоо жүргүзүүдө алардын 40% экзамен алдында күчтүү эмоционалдык чыңалууга дуушар болгондугу аныкталган, 60% мурунку түнү жакшы уктаган эмес [3].

Экзамендерди тапшыруу мезгилинде өз алдынча окуунун орточо узактыгы суткасына 8-9 саат болгондо, окуу мезгилине салыштырмалуу акыл эмгегинин интенсивдүүлүгү 85-100%ке жогорулайт. Студенттердин экзамен учурундагы байкоолору көрсөткөндөй, алардын жүрөктүн кагуусу мүнөтүнө 80-83 кагыштан 90-92 кагышка чейин тынымсыз жогорулайт. Экзамен  боло турган күнү эмоционалдык маанай, дененин бардык күчтөрүн мобилизациялоо ушунчалык чоң болгондуктан, экзамен өтүп жаткан аудиторияга киргенге чейин жүрөктүн согушу мүнөтүнө 120-145ке чейин жогорулаган. Ошентип, физикалык даярдуулуктун деңгээли организмдин эмоционалдык интенсивдүү тарбиялык иштерге туруктуулугун бир кыйла даражада аныктайт. Жогорку окуу жайларындагы дене тарбия сабагы жаштардын физикалык жактан чыңдоо проблемасын толук чече албайт. Студенттер үчүн биз физикалык активдүүлүктүн оптималдуу деңгээлин сунуштайбыз: күнүнө 3-5 км басуу, же ар кандай дене тарбия же спорттук иш-чараларды күнүнө 1,5-2,0 саатка чейин аткаруу керек. Физикалык көнүгүүлөрдүн дозасы алардын интенсивдүүлүгүнө, узактыгына, татаалдыгына, кайталануу санына, кыймылдын темпине жана ылдамдыгына жараша жүргүзүлөт [6].

Оптималдуу тандалган физикалык көнүгүү режими, физикалык көнүгүүлөр психикалык процесстерге, интенсивдүү интеллектуалдык активдүүлүккө психикалык каршылыктын калыптанышына оң таасирин тийгизет. Ар кандай физикалык активдүүлүк организмдеги зат алмашуу процесстеринин күчөшүнө алып келет. Оптималдуу тандалып алынган күчтөр, психикалык жана физикалык көрсөткүчтөрдү жогорулатат. Ошол эле учурда интеллектуалдык жана физикалык иш-аракеттердин көлөмүн жана интенсивдүүлүгүн олуттуу өсүшү адамдын тез чарчоосун, эмгектин натыйжалуулугунун төмөндөшүнө алып келет [4].

**Натыйжа жана талкулоо.** Көптөгөн изилдөөчүлөр физикалык активдүүлүк менен акыл-эс жөндөмүнүн ортосундагы байланыштын ар кандай аспектилерин изилдөөнүн үстүндө иштеп жатышат. Ошол эле учурда физикалык активдүүлүктүн оптималдуу деңгээли аныктала элек, анда адамдын интеллектуалдык активдүүлүгү жогрку деңгээлди көрсөтүлгөн.

Кыргызстандын медицина илимдер академиясынын илимий борборундагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн гигиенасы жана ден соолугун коргоо илим-изилдөө институтунун маалыматтарына караганда, кийинки жылдарда ден соолугу начар студенттердин саны беш эсеге көбөйгөн. Өсүп келе жаткан муундун ден соолугунун мындай кескин начарлашына балдардын дене тарбиясынын калыптанган системасынын жеткиликтүү эместиги жана денгээлинин төмөн болушу себеп болгон, анда психикалык жана физикалык өнүгүүнүн бирдиктүү принциби жок [7].

Бул позициянын негизги аныктоочу гиподинамиясы болуп саналат. Кыймылдаткыч активдүүлүктүн төмөндөшү менен зат алмашуунун жана булчуң рецепторлорунан мээге түшкөн маалыматтын төмөндөшү байкалат, бул мээнин регулятивдик функциясынын бузулушуна алып келет жана бардык органдардын ишине таасирин тийгизет. Ошентип, таяныч-кыймыл аппаратын өнүктүрүү, дене бузулушун алдын алуу, дем алуу жана жүрөк-кан тамыр системаларынын функциясын стимулдаштыруу аркылуу гана өсүп жаткан организмдин нормалдуу өсүшүнө жана өнүгүшүнө шарт түзүүгө болот.

Студент жаштардын физикалык даярдыгынын мааниси, коомдун өнүгүүсүнүн ушул этабында эффективдүү жумушчу күчүн талап кылгандыктан улам барган сайын актуалдуу болуп баратат. Мындан тышкары, дене тарбия жана спорт адамга физикалык кемчиликсиздикти гана сезбестен, ага күч берип, анын рухун калыптандырат. Бүгүнкү санариптешкен коом үчүн өтө зарыл болгон адеп-ахлактык сапаттардын деңгээлин көтөрөт. Дене тарбия инсанды калыптандыруу процессинде эбегейсиз зор мааниге ээ болот. Эгерде ал ага ар тараптан таасир этсе, адеп-ахлактык сапаттарды, духту калыптандырса жана физикалык абалга таасир

этип, жашоого жана ишке жаңыча мамиле жасоону, жаңы жетишкендиктерге жетүүнү жаратат. Туура жыйынтыкка келүү менен дене тарбия жана спорттун маанилүүлүгү студенттердин жашоосундагы эң маанилүү роль экенин түшүнүү керек. Алар дени сак жашоо образын баштоо үчүн аны кеч боло электе түшүнүшсө, абдан жакшы болот. Дене тарбия - адамдын физикалык жактан өркүндөшүнө, өнүгүшүнө жана билим алуусуна таасир этүүчү максаттуу жараян. Билим берүү социалдык жол менен алынган билимдин жыйындысы катары каралат, бул коомдун белгилүү бир түрү [8].

Спорт жана дене тарбия - дени сак жашоо мүнөзү гана эмес - кадимки жана сергек жашоо, бул күчтүү жана таланттуу нерселерди жүзөгө ашырууга көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Акыл - эси ордунда адам ушул жолду басып өтөт, ошондо ал өткөн жашоосу жемиштүү болуп, өзүнө жана айланасындагыларга кубаныч тартуулайт. Жашоонун прогрессивдүү ритми жаштардын барган сайын физикалык активдүүлүгүн жана даярдыгын талап кылат. Өмүр бою жаш муундардын мойнуна түшкөн бардык жүктөр физикалык жогорку деңгээлдеги кемелдикти талап кылат, ага дене тарбия аркылуу жетишүү чоң мүмкүндүк берет [8].

Бизге түшүнүктүү болгондой, азыркы изилдөөлөр көрсөтүп тургандай дене көнүгүүсү оң таасирин тийгизет мээге.

Бирок төмөнкүлөрдү эстен чыгарбоо маанилүү:

– интенсивдүү көнүгүү мээге көбүрөөк пайда алып келбейт,

– үзгүлтүксүз көнүгүү көңүл бурууну жана эс тутумду жакшыртат.

Жаш өткөн сайын машыгуунун оң таасири күчөйт. Ал жашоонун сапатын жакшыртатуу менен жашоонун узактыгын көзөмөлдөйт.

**Корутунду.** Аткарылган иштердин жыйынтыгын чыгарып, интенсивдүү физикалык активдүүлүктүн психикалык ишмердүүлүгүнө таасири, аларды тарбиялоонун жана акыл-эс жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун маанилүү каражаты болуп саналат. Лыжа тебүү, чуркоо, рюкзак менен кыймыл жана башка сыяктуу динамикалык көнүгүүлөр мээдеги коргоочу жана адаптация процесстеринин механизмдерин жана ыкмаларын кеңейтүүгө көмөктөшөт. Ден соолукту жана жалпы физикалык абалды чыңдоонун жолдору, дене тарбия жана спорт менен машыгуу студенттердин окуу жетишкендигине жакшы таасирин тийгизет деген тыянак чыгарууга болот.

Дене тарбия өзүнүн тарбиялоочу жана өркүндөтүүчү функцияларын дене тарбия сабагынын максаттуу педагогикалык процессинде толугу менен ишке ашырат, бул адеп-ахлактык жана эрктүүлүк сапаттарды калыптандырууга өбөлгө түзөт, социалдык адаптацияны өркүндөтөт, нервдик чыңалуу жана стресстин терс кесепеттерине туруштук бере алат.

Ошондуктан ар бир студент достордү дене тарбия сабактары менен өздөрүнүн келечек фундаментин сапаттуу куруугa үндөйбүз.

**Адабияттар**

1. Абаскалова Н. П. Теория и практика формирования здорового образа жизни учащихся и студентов в системе «школа — вуз»: автореф. докт. дис., Барнаул, 2017. — 112 с.
2. Агаджанян Н. А. Адаптация и резервы организма. — М.: ФК и С., 2018. — 118с.
3. Булич Е. В. Физиолого-гигиеническая характеристика влияния занятий физическим воспитанием на умственную работоспособность и психоэмоциональную устойчивость студентов. Ученые записки — СГУ, 2019,- 22с.
4. Виленский В. И. Физическая культура студента. — М: Гардарики, 2002 — 106 с.
5 Гущина С. В. Состояние здоровья учащихся в высших учебных заведениях // Проблемы здоровья человека. Развитие физической культуры и спорта в современных условиях: Материалы межрегиональной научно-практической конференции, Ставрополь: Изд-во СГУ, 2019. — 102 с.
6. Полиевский С. А., Кабачков В. А., Профессиональная направленность физического воспитания в вузах. — М: Высшая школа, 2009, — 12с.
7. Полиевский С. А. Стимуляция двигательной активности. — М.: Здоровье, 2012. — 100 с
8.Лукьяненко В.П. Физическая культура: основы знаний: Учебное пособие. - Ставрополь: Изд-во СГУ. - 2001. – 224 с.

*ПЕДАГОГИКА*

УДК 37.013
DOI: 10.52754/16947452_2022_4_137

# Б.АПЫШЕВДИН ОКУУ –МЕТОДИКАЛЫК ЭМГЕКТЕРИНДЕ ИЛИМИЙ ЖАНА ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН ИНТЕГРАЦИЯСЫ

*Алимбеков Акматали, п.и.д. профессор.*
*akmatali.alimbekov@manas.edu.kg*
*Кыргыз – Түрк "Манас" университети*
*Бишкек, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *Макалада  кыргыздын чыгаан, чебер окумуштуу педагогу Бекембай Апышевдин чейрек кылым аралыгында жарык көргөн педагогика багытындагы окуу куралдарынын мазмунундагы элдик жана илимий педагогиканын интеграциясы изилденген. Б. Апышевдин окуу куралдары мугалимдер жана студенттер арасында кеңири жайылышы жана анын негизинде өтүлгөн лекциялык сабактардын турмуштун дал өзүндөй  жандуулугунун  башкы себеби илимий жана элдик педагогиканын ортосундагы орток көз караштарды чебер айкалыштыра билгендигинде. Ал педагогика курсунун мазмунунун өзөгүндө өз тарыхынын өзөгүнөн өсүп чыгып, миң кылымдык сыноодон өткөн баалуулуктар турушун  жактап, аны окуу материал катары долбоорлоп, педагогикалык ишмердүүлүгүндө жүзөгө ашырган. Бул тажрыйбаны педагогика курстарынын окуу китебин түзүү, аны окутуу үчүн бөтөнчө модель  катары кароого болот.*

***Ачкыч сөздөр:*** *илимий, элдик,  педагогика, педагогика курсу,  интеграция, окутуу, тарбия*

# ИНТЕГРАЦИЯ НАУЧНОЙ И НАРОДНОЙ ПЕДАГОГИИ В УЧЕБНО-МЕТОДИЧЕСКИХ  РАБОТАХ Б.АПЫШЕВА

*Алимбеков Акматали,  п.и.д. профессор.*
*akmatali.alimbekov@manas.edu.kg.*
*Кыргыз – Түрк "Манас" университети*
*Бишкек, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *В статье рассматривается интеграция народной и научной педагогики в содержание учебных пособий в области педагогики, разрабатываемых блестящим и опытным кыргызским ученым и педагогом Бекембаем Апышевым на протяжении четверти века. В исследовании утверждаетя что,  главной причиной широкой популярности учебных пособий Б. Апышева среди преподавателей и студентов и жизненности его лекций кроются в его умении сочетать научной и народной педагогики. Он выступал за то, чтобы ядром содержания курса педагогики были ценности, выросшие из ядра его истории и прошедшие проверку тысячью веков, и спроектировал его как учебный материал и реализовал в своей педагогической деятельности.  Этот опыт можно рассматривать как своебразный  модель создания учебника курсов педагогики и преподавания по нему.*

***Ключевые слова:*** *научная, народная, педагогика, курс, интеграция, обучение, воспитание.*

## INTEGRATION OF SCIENTIFIC AND FOLK PEDAGOGY IN THE EDUCATIONAL AND METHODOLOGICAL WORKS OF B.APYSHEV

*Alimbekov Akmatali, doctor of pedagogical sciences, professor.*
*akmatali.alimbekov@manas.edu.kg.*
*Kyrgyz-Turkish University "Manas"*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

***Abstract.*** *The article discusses the integration of folk and scientific pedagogy into the content of teaching aids in the field of pedagogy, developed by the brilliant and experienced Kyrgyz scientist and teacher Bekembay Apyshev for a quarter of a century. The study states that the main reason for the wide popularity of B. Apyshev's textbooks among teachers and students and the vitality of his lectures lie in his ability to combine scientific and folk pedagogy. He advocated that the core of the content of the pedagogy course should be values that have grown from the core of its history and have been tested for a thousand centuries, and designed it as a teaching material and implemented it in his pedagogical activities. This experience can be regarded as a kind of model for creating a textbook for pedagogy courses and teaching on it.*

***Key words:*** *scientific, folk, pedagogy, course, integration, training, education.*

**Киришүү.** Б. Апышев - Кыргызстандагы жогорку педагогикалык билим берүүнүн мазмунун өнүктүрүүдө, мугалимдерди даярдоо практикасына жарым кылымдан ашуун активдүү кызмат өтөгөн жалпы агартуу тармагында жандуу легендага айланган залкар инсан, аттын кашкасындай белгилүү, чыгаан педагог аалым болгон. Анын өмүрү жана педагогикалык ишмердүүлүгү Советтик жана эгемендүүлүк эки доорлорго туш келген. Ошондуктан, коомдук саясий өзгөрүүлөрдөн улам билим берүү системасы анын ичинде мугалимдерди даярдоону аркалаган педагогика курсунунун мазмунундагы өзгөрүүлөрдү, оош-кыйыштарды ичтен билип, кем өксүктөрүн өркүндөтүүгө салым кошкондордун бири катары таанылган. Кыргызстанда педагогика дисциплинасын окутуу боюнча жаралыш, өнүгүш, калыптаныш тарыхын Б. Апышевдин илимий ишмердүүлүгүсүз элестетүүгө болбойт. Эгерде И. Бекбоев Кыргызстандын мектептери үчүн кыргыз тилиндеги "Математика" окуу китептерин иштеп чыгууга чыйыр салса, Б. Апышев улуттук духтагы педагогика боюнча окуу китептерин жараткандардын кат башында турат.

Кыргыз илимий педагогикасынын корунда элдик жана илимий педагогиканы интеграциялоо маселелери А. Алимбеков, Б. Муратбаев, Ф. Баитова ж.б.лардын эмгектеринде каралган. Ал эми азыркы педагогикалык

билим берүү чөйрөсүндө колдонулуп жаткан педагогика багытындагы окуу куралдардын мазмунундагы элдик педагогикалык билимдерди колдонууу тажрыйбалары атайын изилдене элек. Буга байланыштуу педагогика багытындагы кыргыз тилиндеги алгачкы оргинал окуу куралдарды катары Б. Апышевдин эмгектери олуттуу илимий практикалык кызыкчылык жаратат.

Сунушталган макала Б. Апышевдин педагогика курсунун мазмунун өнүктүрүү, айрыкча анын окуу куралдарындагы илимий жана элдик педагогиканы интеграциялоо боюнча тажрыйбасына илимий берүүгө арналат.

**Изилдөөнүн методу жана материалы.** Макала сапаттык изилдөө моделинин методологиялык принциптеринин алкагында жүзөгө ашты. Изилдөөнүн *обьектин* Б. Апышевдин окуу – методикалык эмгектеринин мазмуну, *предметин* илимий жана элдик педагогиканы айкалыштыруу багытындагы ишмердүүлүгүн баалоо маселелери түзөт. Биздин изилдөөбүздүн негизги булактары же материалы катары Бекембай Апышевдин педагогика дисциплинасы боюнча өзү тарабынан даярдалып, жарыяланган төмөнкүдөй окуу куралдары эсептелинет: «Жалпы дидактикалык негиздери» (1993), Педагогика (1993), Тарбия назарияты (1996), Педагогика (2003) ж. б. Изилдөөдө контент анализ талдоо методдору, мазмунду талдоо колдонулган.

**Изилдөөнүн натыйжалары жана аларды талкуулоо.** Педагогика илиминин мазмуну көп кырдуу интегративдик мүнөзгө ээ болуусу тууралуу кайчы пикирлер илим катары түптөлүү доорунан бери эле пайда болуп, дамамат уланып келет. Талкуунун чектери ченемсиз кеңейип олтуруп, анын илим экенинен шек санаган ойлор да ортого чыккан. Бул маселеге К.Д. Ушинский да катышып өзүнүн пикирин “Ар кандай илим менен анын жоболорун колдонуу аркылуу жашоо турмушту жакшыртууга багытталган искусство түзүлүшү мүмкүн, бирок илимди колдонуунун бул эрежелери илимди түзбөйт...” - деп билдирген [10]. Ушинский өзүнүн көз карашын далилдөө үчүн илимдин корутундуларын практикада колдонуу искусствосу адамдын өзүнүн каалоолору менен аныкталуучу жана дайыма өзгөрүп туруучу эрежелердин тутумунан турушу мүмкүн деген аргументти келтирет. Илимдин корутундулары кадыресе объективдүү, ал эми аларды практикада колдонуу ар бир адамдын субъективдүү чеберчилигинен көз каранды. Ар кандай педагогдун каалоо, ыкласына жараша өзгөрө бере турган эрежелерден айырмаланып, «илимий акыйкаттар өзүм билемдик менен эмес, адам кубулуштарынын көзгө көрүнгөн себептерине тереңирээк сүңгүп кирип олтуруп, обьекттин нукура маңызына көбүрөөк жакындашынан турат. Бул

арийне изилдөө аркылуу таанылуучу кубулуш. Ошону менен бирдикте практика менен тыгыз байланыштагы колдонмо билимдердин баарын эле илим эмес деген үстүрт пикир экендигин моюндоо абзел. Маселе педагогиканы окутууда анын илимий негиздери менен ага негизделген окутуу тарбиялоо искусствосунун гармониясына жетишүүдө турат. Педагогика боюнча таанымал окуу китептердин авторлорунун бири И.П. Подласый адилет белгилегендей: “Илим менен педагогикалык чеберчиликтин өз ара байланышы жөнүндөгү маселени күн тартибинен алууга болбойт. Педагогикалык кубулуштардын маңызын талдоонун негизинде белгиленген нормалар абстракттуу акыйкаттар гана. Аларды жандандырып жаңы маани берүү чыгармачыл мугалимдин иши. “Теория бул абстракция, аны колдонуу дайыма бийик искусство” [8]. Бул тезисти белгилүү педагог С. Соловейчик “Балдарды тарбиялоо жана окутуу – бул искусство, адамдык өнөрдүн эң татаалы. Ал эми педагогика – бул балдарды тарбиялоо жана окутуу өнөрү, жүз пайыз илим жана жүз пайыз искусство жөнүндөгү илим” - деп бекемдеген [9].

Педагогика илиминин табияты тууралуу абалтан уңгуланган көз караштар жогорку педагогикалык билим берүүчү уюмдарда окутулган “Педагогика” дисциплиналарынын мазмуну тууралуу көз караштардын жаралышына да өбөлгө болууда. Алсак, азыр педагогикалык билим берүүнүн анын ичинде педагогикалык дисциплиналардын мазмуну таза рационалдык билимдерге б.а. түшүнүктөр, терминдер, принциптер, идеялар, жоболор, теориялар, концепциялар, системалар, мыйзам ченемдүүлүктөргө негизделип, баланын реалдуу күнүмдүк турмушун курчап турган педагогикалык баалуулуктарды өз ичине камтый албай жаткандыгы өзгөчө көйгөй катары белгиленип келет. Арийне, педагогика курсунун мазмунун долборлоодо теориялык билимдердин аткарган функциясына шек келтирүүгө болбойт. Мугалимдин жана тарбиячынын практикалык ишмердүүлүгүнө даярдоо салттуу түрдө өсүп келе жаткан муундарды тарбиялоодо жана окутууда көптөгөн муундардын тажрыйбасын чагылдырган теорияны үйрөнүүдөн башталат. Педагогика курстарынын мазмунунда теориялык рационалдык билимдерге артыкчылык берүүнүн маанисин Б. Апышев да жактап: “....педагогикалык илимге негизделбеген таалим-тарбия медицинадагы эмчилик-домчулуктун деңгээлинен өйдө көтөрүлбөй жатат”,- деп жазган [4]. Студенттин бул тажрыйбаны түшүнүүсү анын педагогикалык ишмердүүлүк позициясынын жана стилинин калыптанышын аныктайт. Педагогикада теория бул баарынан мурда мугалимдин окуу – тарбия ишмердүүлүгүнүн негизи тууралуу жалпыланган билимдердин

системасы. Тарбиянын, билим берүүнүн жана окутуунун мыйзам ченемдүүлүктөрү жана мыйзамдары жөнүндө фундаменталдуу илимий билимдерди камтыган педагогикалык билимдердин кеңири тармагынан теориялык педагогиканы бөлүп алууну дүйнөнүн көпчүлүк изилдөөчүлөрү негиздүү жана мыйзамдуу деп эсептегени биз үчүн маанилүү. Илимий педагогиканын системасынын негизги компоненттери да аксиомалар жана принциптер болуп саналат. Конкреттүү сунуштар жана эрежелер аркылуу теория практика менен байланышкан. Педагогика курсунун контекстинде Н. В. Анохиндин имплициттик башкача айтканда, тексттер аркылуу эмес, жандуу баарлашуу аркылуу алынуучу билимдер жөнүндөгү тезиси өзгөчө актуалдуулукка ээ [1]. Б.С. Братустун психолого-педагогикалык билимдерде балдардын инсан катары калыптанышын шарттаган көптөгөн факторлорго байланыштуу билимдер долбоорлонбогондугу, долбоорлоо да кыйынга тураары ошондуктан таалим-тарбия тууралуу жалгыз эле китептерден өздөштүрүүгө болбойт деген оюнда да олуттуу акыйкат жатат [5].

Педагогиканын аныктамалары айтып тургандай баланы турмушка даярдоо, эл катарына кошуп өз алдынча инсан катары калыптандыруу аны күн санап курчап турган социалдык чөйрөнүн турмуштун педагогикалык таасирин кылдат эске алуусуз мүмкүн эмес. Социалдык-маданий чөйрөнүн педагогикалык таалим-тарбиянын мазмунун аныктоочу ролу жөнүндөгү ойлор өзүнчө түптүү түшүнүктөрү бар илим тармагы болуп эсептелет. Таалим-тарбия ишинде баланын өзү жашаган чөйрөнүн баалуулугун кылдат эске алуу зарылдыгын К.Д. Ушинский “Адамдар өзү жашаган чөйрөнүн таасири астында өсүшөт жана тарбияланышат, демек, алардын жан дүйнөсүнүн калыптанышына ошол чөйрөнүн таасири чечүүчү мааниге ээ” – деп тастыктаган [10]. Атактуу психолог Л. Выготскийдин пикири боюнча билим берүү процесси өзүнүн психологиялык маңызы боюнча турмуш менен өтмө катар чырмалышкан. Акыр-аягы, турмуш гана тарбиялайт, мектеп турмуш менен канчалык көп кырдуу жуурулушса, окуу процесси да ошончолук динамикалуу жана толук кандуу болот [7].

Арийне педагогика курсун окутуунун мындай деңгээлин камсыз кылуу окутуучуга теориялык билимдерди терең билүү жетишсиз. Ал тарыхый эс тутуму, инсандык нарк нускасы жетик, өз улутунун руханий дөөлөттөрүнө сыйчыл мамиле жасаган аны өздөштүрүү дымагы жогору, өзүн өткөн менен келечекти туташтырып туруучу көпүрө катары даярдоого карата сезим туйгулары реалдуу иш-аракеттери менен айырмаланган адис болушу зарыл.

Биздин пикирибизде Бекембай Апышев ушундай критерийлерге төп келген адам катары төмөнкүдөй сапаттары менен айырмаланган:

1. Б. Апышевдин эң сүйгөн педагогу В.А. Сухомлинский, ал эми сүйгөн китеби аталган педагогдун "Жүрөгүмдү балдарга беремин" (Сердце отдаю к детям) деген китеби болгон. Б. Апышевдин китептеринде В.А. Сухомлинскийдин китептеринен алынган цитаталар жыш учурайт. Б. Апышев Сухомлинскийдин жашоо өрнөгүнө арбалган аалым катары педагогикалык ишке жүрөк менен мамиле кылып, бүткүл аң сезимдүү турмушунда жүрөгүн педагогиканы окутууга, жан дүйнөсү бай мугалимдерди даярдоого арнаган. Эгерде кайсы бир учурда Түштүк Кыргызстанда мугалимдерге педагогикалык билим берүүнүн тарыхы изилдөөгө алынса, Б. Апышевдин жасаган иштери кат башында талдоого алынышы күмөнсүз.

2. Б. Апышев "Манас» эпосу баштаган улуттун руханий баалуулугун педагогикалык көз караш менен таанып, аларды кыргыз улутунун этникалык насилин сактоонун амалы катары жаралган руханий - педагогикалык баалуулук, билим катары кабылдап, урматтап бул жагдайда башкаларга өрнөк болгон.

3. Калк тарыхын чебер чечмелей билген, дээрлик акылы тунук, ата мурас, акыл тажрыйбаларга каныккан, *караңгыда көз тапкан, капилетте сөз тапкан*, адеп - наркы, нускасы, таалими менен бүтүндөй улуттун урмат - сыйына ээ болгон кеменгер, көсөмдөрдүн бири.

4. Элдик педагогикалык билимдерди ичтен изилдеп, илим жактаган белгилүү окумуштуу катары таанылган.

5. Педагогика курсунун мазмуну балдардын, элдин турмушундагы урунттуу педагогикалык көйгөйлөр фактылар менен туташ биримдикте куруп, лекцияларында ары салмактуу ой тыянактар, ары жүрөктөн өтүп, жүлүнгө жетээр жалындуу чакырыктары, тамаша, юмор, аскияга ширелген куйкум сөздөрдүн күчү менен таасирдүү жеткире алган. Бул жагынан ал бүтүндөй Фергана, Андижан өрөөнүнө таанымал аналогу жок, сейрек талантуу лектор болгон. Бир мезгилде белгилүү орус жазуучусу М.М. Пришвин "Жүрөктүн катышуусусуз ой жүгүртүүдөн корк» - деп чакырык жасаган. Б. Апышевдин болочок мугалимдерге айткан олуттуу насааттарынын бири "Жүрөктүн катышуусусуз сабак өтүүдөн кач" – деген девиз болгон. Анын пикиринде "Эриктирме, жадатма сабак мугалимдин тирүүлөй өлүмтүккө айландырат. Жадатма сабак берген мугалим өзүнө гана эмес, окуткан предметине карата да көңүл кайттыкты жаратат".

Б. Апышевдин педагогика багытындагы эмгектеринде илимий жана элдик педагогиканы интеграциялоо тажрыйбасы төмөнкүдөй багыттарда жүзөгө ашкан.

Алардын биринчиси болочок мугалимдерди улуттун этникалык насилин сактоонун шарты катары абалтан өнүгүп-өркүндөп келген элдик өрнөктүү каада-салт, үрп-адат, ырасым-жөрөлгөлөрдү урматтоо жана барктоого окуп-үйрөнүүгө иликтеп-изилдөөгө жана жайылтууга ынандыруу, активдүү иш аракетке багыттоо.

Б. Апышевдин педагогика багытындагы окуу китептеринин дээрлик баарынын аннотациясында илимий педагогикалык билимдер менен элдин тарбия тажрыйбаларынын ортосундагы байланышты камсыз кылуу тууралуу автордук ниет ачык белгиленген. 1993 –жылы жарык көргөн окуу китебинин кириш сөзүндө эгемен Кыргызстанда педагогика курсунун мазмунунун өзөгүндө өз тарыхынын өзөгүнөн өсүп чыгып миң кылымдык сыноодон өткөн баалуулуктар турушуна басым жасап мындай деп жазат “ Өткөн тарыхын астейдил иликтеп үйрөнүп, ага туура илимий баа бере албаган элде келечек жок. Ар кандай элдин өркүндөп өсүүсүн ошол элдин улуттук маданиятынын гүлдөшү камсыз кылат. Улуттук маданият элдин тарыхын, турмуштук тажрыйбасын, салтын, оозеки адабиятын, динин, тилин, дилин, улуттук өнөр ажарын өзүнө камтыйт” [3].

Автордун бекем ишениминде “...элдин кайра жаратуу ишинин уюткусун кыргыздын элдик педагогикасы жана азыркы дүйнөлүк педагогиканын ширетмеси түзүүгө тийиш” [3]. Б. Апышев кыргыздын элдик педагогикасын – ондогон жылдар бою кырындыдан чогултулуп келген нарк нускалуу каада салт, кудрети күчтүү руханий дарамет катары баалоо менен педагогикалык билим берүүнүн мазмунунда ата-бабалардын асыл баа керээздерин болочок мугалим тарбиячыларга ыраатуу жеткирүү таалим-тарбия жаатындагы эгемендүүлүктүн эң зарыл шарты катары эсептейт. Мындай иш-аракеттерге үстүрт, көнүмүш схематизмдердин көзү менен карагандарга өзүнүн эмоционалдуу экспрессивдүү лексикага негизделген кеби аркылуу бабаларыбыз «Каада жоголсо, калктан уят кетет, капкак жоголсо, иттен уят кетет» деген кепти айтып кеткен. Бабаларыбыздын мындай нускалуу идеяларын таназар албай, улуттук педагогикабызды жерип, бөтөн элдердин тарбиясына баш отубуз менен кирип кетсек, келечек муундарыбыздын тагдыры таш каппайбы деп эскертет.

Мындай позиция азыр кадыресе көнүмүш көз караш болгон менен эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында обьективдүү өбөлгөлөргө ээ өзгөчө көз караш болгон. Бул тууралуу М.Г. Тайчинов “Тоталитардык идеологиялык негиздеги улуттук мектептердин ишмердүүлүгү терс натыйжаларды көрсөттү. Бир нече муундардын улуттук тилден жана маданияттан тышкары тарбияланышы улуттук традициялардан ажырымга,

калктын бир бөлүгүнүн маргиналдашуусуна алып келди. Ушул эле мезгилде улуттук маданият жана жалпы адамзаттык баалуулуктар менен тааныштыруунун потенциалдык мүмкүнчүлүктөрү толук пайдаланылган жок”, – деп адилет белгилеген [11]. Обьективдүү шарттардан улам педагогика курстарынын мазмунунда элдик педагогикалык билимдер орун тапкан эмес.

Ырас, Б. Апышев педагогика курстарын жаза баштаганда жогоруда айтылган педагогикалык билим берүүнүн мазмунун элдик педагогикалык акыл ойлор жана тажрыйбалар менен айкалыштыруунун методологиясы жана методологиялык принциптери тактала элек болуучу. Алар кийинчерээк гана этнопедагикалык концепцияларда колго алына баштаган. Жалпысынан Б.Апышевдин илимий-методикалык эмгектеринде элдик педагогиканын интеграциясы автордун көп жылдык тажрыйбасына жана чыгармачыл интуициясына негизделген.

Аларды жалпысынан төмөнкүдөй аспекттерде бөлүп көрсөтүүгө болот.

1.*Элдик педагогиканы илимий педагогиканын жаралыш башаты катары кароого байланыштуу көз караштарды кыргыз материалдарынын негизинде тастыктоо.*

Буга байланыштуу автордун алгачы «Педагогика» (1993) китебинин 48 - бетине чейинки көлөмдүү бөлүмүн улуттук педагогиканын тарыхы боюнча өз алдынча көлөмдүү окума текст катары кароого болот. Мында макалдардан баштап, Манас эпосуна чейинки фольклордук чыгармалар педагогикалык баалуулуктарды таануунун булагы катары мүнөздөлгөн. Тигил же кубулушту же теориялык жобонун акыйкаттыгын элдик акылмандыктын үлгүлөрү аркылуу бекемдөө, тастыктоо.

Б. Апышевдин педагогика боюнча окуу куралдары элдик педагогикалык акыл менен тажрыйбаларга бай аналогу жок китеп. Алсак, «Педагогика» (2003) окуу куралында эл мектеп, китеп жок мезгилде эле курчап турган чөйрөгө акивдүү байкоо жүргүзүп, туулган жердин флора жана фаунасы боюнча ырааттуу билимге ээ болгондугун белгилеп мындай деп жазат: «Элибиз турмуш тиричилигине зарыл нерселердин баарын өсүмдүктөрдөн жасай алышкан. Алсак, боз үйдүн сөөгүн түрдүү жыгачтардан, ашкананы чийден токуп жасашкан, жыгачтан ээр чапкан, кыл кыяк, комуз, сурнай, чоор сыяктуу музыкалык аспаптарды жасаган, идиш-аяк жасоого колдонушкан, короосун тосуп, отун кылып жаккан, арча түтөтүп аластаган. Ышкындын түбү менен тери өңдөп, керегe, уук боегон. Өсүмдүктөрдү малга тоют гана эмес, өздөрүнүн тамак-ашына кошумча катары да пайдаланышкан». Ушул эле жерде кыргыздардын тоо-ташка, жер сууга, чөп-чарга, жан-жаныбарга

жасаган астейдил, аяр мамилесинин баары «убал» деген түшүнүккө (ишенимге) негизделгендиги тууралуу маалыматтарга кайрылган [4].

2. *Инсандын өнүгүшүнө байланыштуу мыйзам ченемдүүлүктөрдү ачыктоо чечмелөөдө макалдарды ирет-орду менен орундуу, таасирдүү колдонгон.* Макалдарда өткөн муундун турмуштук  тажрыйбаларынын негизинде келип чыккан акыл корутундулар, эч кандай шекти жаратпаган абстракттуу логикалык даяр формулалар,  белгилүү жүрүм турум нормаларын колдоо же айыптоо бүтүмдөрү бар. Буга байланыштуу автор баланы ашкере эркелетүүдөн алыс болуп, өзү үчүн зарыл болгон нерсени өзүнө аткартууга аракет кылуу гана баланы өнүктүрөөрүн аргументтөө үчүн  *«Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт»* деген макалды келтирип,  бала окутуп үйрөтүүнүн обьектиси гана эмес, субьектиси да экендигин айгинелеген терең акыл тажрыйба элде да болгонугун ырастайт [3]. А.С. Макаренконун жакшы ой, максат аркылуу тарбиялоо теориясындагы алыскы перспектива түшүнүгүнө аналог катары кыргыздын *«Жакшы ниет – жарым ырыс», «Жаштын тилегин Кудайым берет»* -деген макалдарын келтирет [3].

Эмгектин адамды жаратуучу кудуретин жана эмгек тарбиясынын методдорун түшүндүрүүдө «*Көрө-көрө көсөм болот, сүйлөй-сүйлөй чечен болот», «Энени көрүп кыз өсөт»,«Устадан шакирт озот»*-деген макалдарды колдонгон.  Инсандын калыптанышындагы  билим алуунун баалуулугун ырастоодо башка аргументтер менен бирдикте *«Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат»* - деген макалга кайрылат [3].

Жаш муундарды тарбиялоонун максатын  айрыкча уул балдардын гендердик иденттүлүгүн айкындоодо: *«Эр жигитке жетимиш  өнөр аздык кылат»* -деген эл макалына таянат. Чыныгы тарбия адамдардын жан дүйнөлөрүнүн карым-катнаш мамилелеринин натыйжасы экендигин *«Адам болор киши бар, адам болор кишинин адам менен иши бар»*- деген макал аркылуу негиздейт

Б. Апышев педагогикалык билимдердин элдик педагогика менен айкалыштыруу алкагында аларды кошумча илюстрациялоо өңүтүндө гана колдонбостон, айрым билимдерди элдик салттык билимдердин негизинде өркүндөтүү зарылдыгында белгилеп, реалдуу иш-аракеттерди жасаган. Алсак, анын тарбиялоо процессиндеги жазалоо методдорун *«Ата каргышы - ок»* деген макал аркылуу ачып берсек болорун белгилеп кеткен. Атаның назарынан калган бала эч качан эл жарытар эр болбойт, ал сөзсүз элдин да назарынан калат. *«Элдин назары - Кудайдын назары»* - деген  салттык таасир көрсөтүү методдору менен өркүндөтүүнү сунуш кылган жана ишенимдерге ынандырган [3].

Б.Апышевдин пикиринде «ата назары» - тарбия жараянында пайдаланылбай келе жаткан жазалоо методу. Таалим-тарбия ишинин үзгүлтүксүздүгү тууралуу мыйзам ченемдүүлүктүн маңызын ачып көрсөтүүдө *«Жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста»* -деген макалга таянган. Бул ойду улап Б. Апышев "Эгерде жерди пешене тер менен тынымсыз иштеп эгин, бак-дарак, гүлзар өстүрбөсө, анда аны сөзсүз уйгак басат. Уйгактын уругун эч ким сеппеген сыяктуу эле, баланын жан дүйнөсүн жамандыктан коргоп, жакшылыктын үрөнүн учурунда сээп калбаса, жамандык эч ким сеппей эле дүркүрөп өскөн уйгактай оожалат" –деп – жазат [2].

**Корутунду.** Б. Апышев Түштүк Кыргызстандын мугалимдер жана илимпоздор арасында аттын кашкасындай таанымал талантуу окумуштуу педагог болгон. Ал өзүнүн окуу китептеринде педагогика курсундагы түрдүү илимий билимдерди элдин турмушу, балдарды курчап турган реалдуу этномаданий мейкиндиктер, баалуулуктар менен байланыштыруу аркылуу болочок мугалимдерди элге, элдик педагогикага жакындатууга аракет жасаган. Таалим-тарбиянын мазмунун этнопедагогикалык баалууктардын негизинде өркүндөтүүнүн актуалдуулугу артып жаткан азыркы учурда Б. Апышевдин аталган багыттагы тажрыбасын андан ары өнүктүрүү зарыл.

**Адабияттар**


1. Анохина Н. В. (2010) Имплицитность как компонент структурысодержания текста и составляющая процессов его понимания. автореф.дис. … канд. филол. наук. Уфа,.
2. Бекембай Апыш (2011) «Педагогика» (окуу куралы) Толукталып, оңдолуп экинчи басылышы. Ош. 412 б.
3. Бекембай Апыш (1993) Педагогика (окуу куралы) . Ош.
4. Бекембай Апыш (1996) Тарбия назарияты. Ош. 138 б.
5. Братусь Б.С. (1985) Нравственное сознание личности. Психологическое исследование. Москва. 149 с.
6. Волков Г.Н. (1984) Этнопедагогические осмысления процесса современного воспитания. Русский язык и литература в киргизской школе. №2. С.33 - 41.
7. Выготский Л. С. (1991) Педагогическая психология.– Москва. 480 с.
8. Подласый И. (2007)Педагогика. 2-е изд. Москва. 463 с
9. Соловейчик, Симон. (2018) Педагогика для всех. Москва. 384 с.
10. Ушинский К. Д. (1974) Избранные педагогические произведения. Москва. 584
11. Тайчинов М.Г. (1999) Развитие национального образования в поликультурном, многонациональном обществе. Педагогика. № 2. – С. 30-35.

*ПЕДАГОГИКА*

УДК 377.1
DOI: 10.52754/16947452_2022_4_147

# ТААНЫП-БИЛҮҮ ИШМЕРДИГИН АКТИВДЕШТИРҮҮ БАГЫТЫНДА ОКУУ ТАПШЫРМАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ

*Борбоева Гулниса Маматкановна, ф.-м.и.канд, доц,*
*borbo71@mail.ru*
*Сейитказыева Гулнара Имамалиевна, улук окутуучу,*
*gseiitkazyeva@gmail.com*
*Абдуллаева Чолпон Хабибуллаевна, ф.-м.и.канд., доц.,*
*cholponabdulla@mail.ru*
*Ош мамлекеттик университети*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары окуп-үйрөнүүчүлөрдүн таанып-билүү ишмердигин активдештирүүгө багытталган деңгээлдик окуу тапшырмаларын иштеп чыгуу процесси каралды. Мындай деңгээлдик окуу тапшырмалары аркылуу окуп-үйрөнүүчүлөрдүн таанып-билүү ишмердигин активдештирүүнү уюштуруу жана аны баалоо максатында изилдөөлөр жүргүзүлдү. Мында байкоо, талдоо, жалпылоо, конкреттештирүү, эксперимент усулдары пайдаланылды. Жумуштун натыйжасы болуп, окуп-үйрөнүүчүлөрдүн таанып-билүү ишмердигин активдештирүүдө деңгээлдик окуу тапшырмаларынын артыкчылыгы көрсөтүлдү. Макалада деңгээлдик тапшырмалар мисал катарында физикада өтүлүүчү “жылдын төрт мезгилинин алмашуусу”, “күн менен түндүн алмашуусу” түшүнүктөрүнө байланышкан маалыматтарга карата Б. Блумдун таксономиясынын негизинде иштелип чыкты. Мында натыйжаларды пайдалануунун аймагы болуп, бардык окуу дисциплиналарын окутуу процесси саналат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *тапшырма, Блумдун таксономиясы, Жер, Күн, таанып-билүү ишмердиги, окуп-үйрөнүүчү, окуу ишмердиги.*

# РАЗРАБОТКА УЧЕБНЫХ ЗАДАНИЙ ДЛЯ АКТИВИЗАЦИИ ПОЗНАВАТЕЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ

*Борбоева Гулниса Маматкановна, канд.ф.-м.н, доц,*
*borbo71@mail.ru*
*Сейитказыева Гулнара Имамалиевна, ст.преп.*
*gseiitkazyeva@gmail.com*
*Абдуллаева Чолопон Хабибуллаевна, канд.ф.-м.н.,доц.,*
*cholponabdulla@mail.ru*
*Ошский государственный университет,*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *В данной работе предметом исследования является процесс разработки разноуровневых учебных заданий, позволяющие активизировать познавательные деятельности обучающихся. По этому процессу проведены исследования, результаты которых представлены в настоящей работе. В данной работе использованы следующие методы исследования: педагогическое наблюдение, анализ, конкретизация, обобщение, эксперимент. При решении проблемы активизации познавательной деятельности выход видится в разработке разноуровневых учебных заданий. Здесь представлены задания, разработанные по таксономии Б. Блума материалу, связанного с понятиями "смена времен года", "смена дня и ночи", формируемые в физике. Полученные результаты можно применить в процессе обучения всех учебных дисциплин.*

***Ключевые слова:*** *Задание, Таксономия Блума, Земля, Солнце, познавательная деятельность, обучающий, учебная деятельность.*

## DEVELOPMENT OF EDUCATIONAL TASKS TO ACTIVATE COGNITIVE ACTIVITY

*Borboeva Gulnisa Mamatkanovna,*
*candidate of physical-mathematical sciences,*
*associate professor*
*borbo71@mail.ru*
*Seiitkazyeva Gulnara Imamalievna,*
*senior teacher*
*gseiitkazyeva@gmail.com*
*Abdulaeva Cholpon Habibullaevna, candidate of physical-mathematical sciences, associate professor*
*cholponabdulla@mail.ru*
*Osh State University, Osh, Kyrgyzstan*

***Abstract.*** *The subject of research is the process of developing multi-level learning tasks that activate cognitive activities of students. Studies have been conducted on this process, the results of which are presented in this paper. The following research methods are used in this research: pedagogical observation, analysis, concretization, generalization, experiment.The development of multi-level educational tasks offers a solution to the problems of stimulating cognitive activity. These tasks were created using B. Bloom's taxonomy to the materials relevant to the physics concepts of "seasons changing" and "day and night cycle" . The findings can be used to improve teaching and learning in all academic disciplines.*

***Keywords:*** *task, Bloom's taxonomy, Earth, Sun, cognitive activity, students, educational activity.*

**Киришүү.** Окуп-үйрөнүүчүлөрдүн билимдеринин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн учурга ылайыктуу калыптандыруу жана калыптануу деңгээлин аныктоо, өлчөө жана баалоо окутуунун практикасындагы негизги

маселелерден болуп саналат. Окутуунун максаттары окуп-үйрөнүүчүнүн эмнени билиши керектигин, эмнени жасай алышы керектигин аныктаса, окутуунун милдеттери ошол коюлган максатка кантип, кандай жолдор менен жетүү керектигине жооп берет.

Окутуу максаттарын иш-аракеттерге которуу технологиясы XX кылымдын 50-60- жылдары ишке кирише баштаган. Ушул мезгилден баштап, окутуунун максаттары иш-аракеттер аркылуу туюндурула башталды. Окутууга мындай мамиле окутууну калыптандыруучу иш-аракеттер менен уюштурууну талап кылып, максаттарга жетилгендикти текшерүүгө жана баалоого мүмкүндүк бере баштады. Окутуу маалыматты эсте сактап калуудан жана аны кайра иштеп чыгуудан баштап, бар билимдерди аңдап-түшүнүп, аларды жаңы билимдер менен айкалыштыра ала турган билгичтиктерге ээ болуп, жаңы билимдерди өз алдынча алууга, иштеп чыгууга чейинки процесс болуусу керек болууда. Окутуунун максаттарына ушундайча жетүү окуп-үйрөнүүчүлөрдүн таанып-билүү ишмердигин жеңилдетет.

Таанып-билүү ишмердиги – сезимдик кабылдоонун, теориялык ой жүгүртүүнүн жана практикалык ишмердиктин биримдиги [1].

Билим менен аны өздөштүрүүнү камсыздоочу таанып-билүү ишмердиги татаал байланышта. Билим бул, тигил же бул таанып-билүү ишмердигинин туундусу. Билимди алуу процессин башкаруу таанып-билүү ишмердигин башкаруу аркылуу гана ишке ашат [2].

Таанып-билүү ишмердигинин бир түрү болуп, окуу ишмердиги эсептелинет.

Окуу ишмердиги – билимдерди алууну, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болууну, аларды түрдүү маселелерди чечүүдө пайдаланууну камсыздоочу иш аракеттердин (акыл-эс жана практикалык) системасы [1].

Окуу ишмердиги таанып-билүүнүн эмгек, оюн, баарлашуу ишмердиктеринен айырмаланып, атайын белгиленген жерде, бөлүнгөн убакыт ичинде уюштурулуп, иштелип чыккан технологиялар аркылуу системалуу жүргүзүлөт [3]. Окуп-үйрөнүүчүлөрдүн окуу ишмердигин активдештирүү менен гана алардын дүйнө таанымын өнүктүрө алабыз. Ишмердиктин таанып-билүүдөгү ролу тууралуу А.Н. Леонтьев “предмет же кубулушту түшүнүү үчүн, ошол предметти же кубулушту ар тараптан карап чыгууга мүмкүн болгон ишмердикти активдүү ишке киргизүү керек”, дейт [4]. Бул максатка жетүү үчүн окуу тапшырмаларынын орду жогору деп айтууга болот.

Окуу тапшырмасы – мугалимдин окуучуга кандайдыр бир окуу ишмердиктерин аткарууга багыттаган тапшырмасы [5].

Ошентип, окуп-үйрөнүүчүдө таанып-билүү ишмердигин активдештирүүгө түрдүү деңгээлдеги окуу тапшырмаларын түзүп, аларды аткартуу менен жете алабыз. Мындай тапшырмаларды түзүүдө Б. Блумдун таксономиясын маяк катары пайдаланууга болот.

Бенжамен Блумдун таксономиясы – (грек. taxis – иретке келтирүү + nomos мыйзам) – таанып-билүү ишмердигинин максатын талдап, жиктөөгө жана аны так ырааттуулукка келтирүүгө арналган система [6].

Б. Блум окутууну процесс катары кароо менен окутуучулар коюлган максаттарга окуучулардын жетишине өбөлгө түзө тургандай сабактарды жана тапшырмаларды иштеп чыгышы керек деп эсептеген. Ал сунуштаган ой жүгүртүү жүрүм-турумунун деңгээлдери, анын билим берүүгө кошкон чоң салымы болуп калды. Блум боюнча адамдын ой жүгүртүүсү татаалдыгы жогорулоочу, эң эле жөнөкөй билимди эстеп калуудан баштап, тигил же бул идеянын баалуулугу жана маанилүүлүгү жөнүндөгү ой пикирди иштеп чыгуудан турган процессти 6 деңгээлге бөлгөн: Билүү; Түшүнүү; Колдонуу; Талдоо (анализ); Топтоо (синтез); Баалоо [6].

1-таб. Б.Блумдун таксономиясындагы иш-аракеттер жана этиштер

| Ойлоо деңгээл-дери | Иш аракеттин мазмуну | Типтүү этиштер |
|---|---|---|
| Билүү | Конкреттүү фактылардан баштап, бүтүндө теорияны, үйрөнүлгөн материалды эске тутууну дана кайра иштеп чыгууну, аныктамаларды айтып берүүнү жана мааламаттарды бөлүп алуу | Эстеп калуу, кайра айтып берүү, аныктоо, баяндоо, маркировкалоо, саноо, атоо, билүү, билдирүү, табуу, тандоо, мисал келтирүү, жатка айтуу |
| Түшүнүү | Маалыматты бир түрдөн башка түргө өзгөртүп түзүү, материалды интерпретациялай алуу, кубулуштардын, окуялардын андан ары жүрүшү тууралуу божомолдоо, проблеманы өз сөзү менен айта билүү | Жалпылоо, түшүндүрүү, иллюстрациялоо, негизги идеяны берүү, классификациялоо, кайра сүйлөм түзүү |
| Колдонуу | Үйрөнүлгөн материалды конкреттүү шарттарда жана жаңы жагдайларда | Пайдалануу, демонстрациялоо, көрсөтүү, иллюстрациялоо, |

| | | |
|---|---|---|
| | пайдалана билүү | толтуруу, түзүү, эсептөө, колдонуу, чогултуу |
| Анализ | Маалыматты же концепцияны жакшыраак түшүнүү үчүн аны бөлүктөргө ажырата алуу | Салыштыруу, уюштуруу, изилдөө, талкуулоо, таанып билүү, уюштуруу, талдоо |
| Синтез | Жаңычыл касиеттерге ээ болгон бүтүндүктү алуу үчүн идеяларды, маалыматтарды бириктире алуу | Негиздөө, тандоо, жыйынтык чыгаруу, категорияны түзүү, ранжирлөө, корутунду чыгаруу, чечүү, баалоо |
| Баалоо | Үйрөнүлгөн же жаңы маалыматтарды баалоо, өз алдынча чыгармачыл ишмердик жүргүзө алуу | Долбоорлоо, куруу, пландоо, чыгаруу, ойлоп табуу, ойлоп чыгуу, иштеп чыгуу, жакшыртуу, түзүү |

**Изилдөө бөлүгү.** Блумдун таксономиясына таянып, деңгээлдик тапшырмаларды төмөндөгү текст үчүн иштеп чыгалы:

**Жердин төрт мезгилинин алмашуусу**

Жердин огу – жердин уюлдары жана борбору аркылуу өткөн шарттуу сызык. Жердин огунун айланасында айлануусунан улам күн менен түн алмашып турат. Жер огунун айланасында батыштан чыгышты карай, б.а. саат жебесине карама-каршы айланат да, бир айлануу 24 саатты түзөт.

Жер Күндүн айланасында саат жебеси боюнча эллипс формасында айланат жана ал Жердин орбитасы деп аталат. Жер Күндү 365 күндө толук айланып чыгат. Жердин огу орбитасынын тегиздиги менен болжол менен $23,5^0$ түзөт (1-сүрөт). Ошондуктан жылда төрт мезгил (кыш, жаз, күз, жай) болот. Эгерде Күндүн шоолалары Жерге $90^0$ менен түшсө, жыл мезгилдеринин алмашуусу болмок эмес жана күн менен түндүн узактыгы ар

дайым 12 саат болоор эле.




1-сүрөт. Жердин айлануусу

Жер Күндү айланганда, анын айлануу огу өзүнө жарыш жылгандыктан, Жер жыл бою бирде түндүк, бирде түштүк жагы менен Күнгө карата жантаюу абалында болот. Натыйжада Күн бирде Жердин түндүк, бирде түштүк жарым шарын жарык кылып, күчтүү ысытат да, түндүк жарым шарда жай болгондо, түштүк жарым шарда кыш жана тескерисинче болот.

Жер Күндү бир калыпта айланбагандыктан, жыл мезгилинин узактыгы да ар түрдүү болот. Декабрь (21-22) айында Жер перигелий (Жердин Күндөн эң жакын жайланышкандагы орду) аркылуу өтүп, тезирээк кыймылдайт жана Күнгө абдан жакындайт. Бирок күн нуру жер бетине абдан кыйгач, б.а. чоң бурч менен түшкөндүктөн, аба ырайы суук болот. Бул убакта эң узун түн, эң кыска күн болот жана кышкы күндүн турушу деп аталат. Ал эми июнь (21-22) айында Жер афелий (Жердин Күндөн эң алыс жайланышкандагы орду) аркылуу өткөндө, жайыраак кыймылдайт (күн шоолалары жер бетинде узагыраак кармалып турат) да, шоолалар жерге перпендикуляр түшүп, жылуулукту көбүрөөк берет. Бул убакта эң узун күн, эң кыска түн болот жана жайкы күндүн турушу деп аталат.

Ошондой эле сентябрда (22-23) жана мартта (20-21) Жер Күндөн бирдей алыстыкта болот да, күн шоолалары жердин бетине $90^0$ менен тиет, ошондуктан бул убактарда күн-түн теңелет. Алар тиешелүү түрдө күзгү жана жазгы күн-түн теңелүү күндөрү деп аталат.

**“Жылдын төрт мезгилинин алмашуусу” темасына карата деңгээлдик тапшырмалар**

**1. Билим**

1) Жер өз огунун айланасында канча саатта айланып чыгат?
2) Жер Күндүн айланасында канча убакытта айланып чыгат?
3) Канча жыл мезгили бар?
4) Жер Күндү ____________формасында айланып чыгат.
5) Жазгы күн-түн теңелүү ____________ болот.
6) Эң узун күн кайсы убакта болот?

а) 22-сентябрь; б) 21-декабрь; в) 22-июнь; г) 21-март

**2. Түшүнүү**

1) Эмне себептен күн түнгө өтөт?
2) Эмне себептен жыл мезгилдери алмашып турат?

а) Жер Күндү айлангандыгы үчүн;
б) Жер Күндү эллипс формасында айлангандыгы үчүн;
в) Жер өзүнүн орбитасынын тегиздигине жантайгандыгы үчүн;
г) Жер өзүнүн орбитасынын тегиздигинде жаткандыгы үчүн.

3) Азыркы мезгилде Күнгө Түндүк уюл жакынбы же Түштүк уюлбу?

4) Эмне себептен түштүк жакта түндүк жакка салыштырмалуу күн жылуу болот?

5) Эмне себептен кышында күн кыска, түн узун болот?

6) Түндүк жарым шарда кыш болсо, Түштүк жарым шарда жай болушун түшүндүрүп бергиле.

**3. Колдонуу**

1) Учурда эмне себептен күн жылуу болуп баратат?

2) Күн менен түндүн жана жыл мезгилдеринин алмашуусун глобустун жардамында түшүндүрүп бергиле.

3) Эмне себептен экваторго жакын аймактарда ысык болот?

**4. Анализ**

1) Текстке тема койгула.

2) Тексти маанисине карап, темачаларга бөлгүлө.

3) Жердин огунун кыш жана жай мезгилдеринде жайланышын салыштыргыла.

4) Төмөндөгү таблицаны толтургула:

| Жыл мезгилдери | Жердин Күнгө карата жайланышы | Жердин кыймылы |
|---|---|---|
| Кыш | | |
| Жаз | | |
| Жай | | |
| Күз | | |

**5. Синтез**

1) Күн-түн теңелүү убагы үчүн күн шоолаларынын жердин бетине тийген сүрөтүн бергиле.

2) Азыркы мезгил үчүн Жер менен Күндүн өз ара жайланышынын сүрөтүн бергиле.

3) Жер, тегиздик, кыш, Түндүк уюл, орбита, перпендикуляр деген урунттуу сөздөрдөн мааниси чын болгон сүйлөмдү түзгүлө.

4) Текстке карата кроссворд түзгүлө.

**6. Баалоо**

1) Окуган маалыматтардан жыйынтык чыгаргыла.

2) Жаныңдагы курбуңдун бул тексти түшүнгөндүгүн билүү үчүн суроолорду түз.

3) Жогорудагы текстке жаңы маалыматтарды кошкула.

4) Кыргыздар жыл мезгилдеринин алмашуусун кантип билгендиги тууралуу эссе жазгыла.

**Корутунду.** Ошентип, окуу тапшырмалары окуп-үйрөнүүчүнүн таанып-билүүсүн активдештирүүдө негизги каражат болуп саналат. Блумдун таксономиясы боюнча түзүлгөн тапшырмалар аркылуу окуп-үйрөнүүчүлөрдүн билгичтиктери жана көндүмдөрү калыптандырылат. Түрдүү деңгээлдерге жараша иштелип чыккан тапшырмалар, ошолорго жараша түрдүү көндүмдөрдү калыптандырууга шарт түзөт. Таксономиядагы алгачкы үч деңгээл (билүү, түшүнүү, колдонуу) репродуктивдүү көндүмдөрдү, б.а. мурда же учурда кабыл алынган маалыматтарды маанисин бузбай эске түшүрүү же кайра иштеп чыгуу ишмердиктерин калыптандырат. Анализ жана синтез деңгээлиндеги тапшырмалар когнитивдик (өнүктүрмө) көндүмдөрдү, б.а. ачык же туюк маалыматтарды трансформациялоого багытталган таанып-билүү билгичтиктерин талап кылуучу ишмердиктерди калыптандырат. Мындай ишмердиктердин ийгилиги алынган билимдерден көз каранды болот. Баалоо деңгээлиндеги тапшырмалар өз алдынча маалыматтарды алуу, иштеп чыгуу, талдоо, топтоо сыяктуу көндүмдөрдү калыптандырат.

**Адабияттар**


1. Якиманская, И.С. Педагогическая психология. (основные проблемы) [Текст]: учебное пособие / И. С. Якиманская. – Москва : Изд-во Московского психолого-социального ин-та; Воронеж : МОДЭК, 2008. - 646, [1] с. : ил.; 21 см. - (Серия «Библиотека психолога» / Российская акад. образования, Московский психолого-социальный ин-т)
2. Талызина, Н.Ф. Управление процессом усвоения знаний.[Текст] / Н.Ф. Талызина. Изд. 2-е, доп., исправ. – М.: Издательство Московского университета, 1984. – 345 с.
3. Борбоева, Г.М. Способ составления задач, при формировании пространственного мышления будущего учителя математики [Текст] / Г.М. Борбоева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2020. – №.12. – С.221-225
4. Леонтьев, А.Н. Деятельность. Создание. Личность. [Текст] / А.Н. Леонтьев. – Избранные произведения в 2-х томах, том II. – М., 1983. – С. 545.
5. Борбоева Г.М. «Жандаш бурчтар» түшүнүгүн калыптандыруунун мисалында мейкиндик ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө шарт түзүү [Текст] / Г.М. Борбоева, Каныбек к. М., Розибаева М.И., Мурзакматова Г. Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2021. – №2 (71). С. 20-26.
6. Алтыбаева, М. Кесиптик билим берүүдө окутуунун натыйжаларын долборлоо маселелери [Текст]: окуу методикалык колдонмо / М. Алтыбаева – Ош: “Book дизайн” компьютердик кызматтары; – 2018. –224 б.

*ПЕДАГОГИКА*

УДК 371
DOI: 10.52754/16947452_2022_4_155

# ЗАМАНБАП МААЛЫМАТТЫК КОММУНИКАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН ОКУУ ПРОЦЕССИНДЕ ЖАНА КҮНҮМДҮК ТУРМУШТАГЫ РОЛУ

*Сыдыкова Чынаргуль Жумабаевна, октуучу*
chynara84.kg@mail.ru
*Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогикалык колледжи*
*Бишкек, Кыргызстан*

***Аннотация***. *Макалада маалыматтык технологиялар түшүнүгү каралат. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын күнүмдүк жашоодогу жана окутуу процессиндеги ролу, мугалимдин функциялары көрсөтүлөт. Маалыматтык коммуникациялык технологиялардын ролу азыркы заманда абдан маанилүү болуп, өнүккөн мамлекеттердин бардыгы жаңы маалыматтык коомду түзүүгө өтүп жатышат б.а. аны индустриалдык коомдон кийинки жаңы баскычы деп атасак болот. Соңку учурда дүйнөдө компьютердик техниканы тез өнүктүрүү жана адамзат ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрүнө киргизүү процесси жүрүүдө. Окуу процессин заман талабына ылайык ыкчам жана эффективдүү уюштуруу үчүн мектептерди, жогорку окуу жайларды заманбап техникалык каражаттар менен камсыз кылуу зарыл экени азыр айдан ачык белгилүү болуп калды. Компьютер заманбап технологиялык каражат эле эмес, ал окуу процессинде колдонулган жаңы ыкма жана окуутуунун жаңы формасы болуп эсептелинет.*

***Ачкыч сөздөр***: *билим берүү процесси, маалыматтык технологиялар, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар, окутуу каражаты, бөлүштүрүлгөн маалыматтык ресурс, маалыматтык чөйрө, билим берүү мейкиндиги, педагогикалык процесстин системасы*

# РОЛЬ СОВРЕМЕННЫХ ИНФОРМАЦИОННО-КОММУНИКАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ПРОЦЕССЕ ОБУЧЕНИЯ И ПОВСЕДНЕВНОЙ ЖИЗНИ

*Сыдыкова Чынаргуль Жумабаевна, преподаватель*
chynara84.kg@mail.ru
*Педагогический колледж Кыргызского государственного университета имени Ишеналы Арабаева*
*Бишкек, Кыргызстан*

***Аннотация***. *В статье рассматривается понятие информационных технологий. Показана роль информационных и коммуникационных технологий в повседневной жизни и процессе обучения, функции учителя. Роль информационно-коммуникационных технологий в наши дни становится очень важной, и все развитые страны переходят к*

*созданию нового информационного общества т.е. мы можем назвать это новым этапом после индустриального общества. В последнее время в мире идет процесс быстрого развития и внедрения компьютерной техники во все сферы человеческой деятельности. Уже стало очевидно, что для своевременной организации учебного процесса оперативно и эффективно необходимо обеспечить школы, вузы современными техническими средствами. Компьютер-это не просто современный технологический инструмент, это новый способ обучения и новая форма обучения.*

***Ключевые слова:*** *образовательный процесс, информационные технологии, информационно-коммуникационные технологии, средство обучения, распределенный информационный ресурс, информационная среда, образовательное пространство, система педагогического процесса.*

# THE ROLE OF MODERN INFORMATION AND COMMUNICATION TECHNOLOGIES IN THE LEARNING PROCESS AND EVERYDAY LIFE

*Sydykova Chynargul Jumabaevna, teacher*
*chynara84.kg@mail.ru*
*Kyrgyz state university named after Ishenala Arabayev*
*pedagogical college*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

***Abstract.*** *It's considered the concept of information technology in this article. The role of information and communication technologies in everyday life and the learning process, the functions of the teacher is shown. The role of information and communication technologies is becoming very important nowadays, and all developed countries are moving to the creation of a new information society, i.e. we can call it a new stage after the industrial society.*

*Recently, there has been a process of rapid development and introduction of computer technology in all spheres of human activity in the world. It has already become obvious that for the timely organization of the educational process, it is quickly and effectively necessary to provide schools and universities with modern technical means. A computer is not just a modern technological tool, it is a new way of learning and a new form of learning.*

***Key words:*** *educational process, information technologies, information and communication technologies, learning tool, distributed information resource, information environment, educational space, system of pedagogical process.*

**Киришүү.** 21- кылым – жаңы технологиялардын доору. Алар адамдын иш-аракетинин дээрлик бардык тармактарына кирет. Адамдын социалдык чөйрөдө өз ордун ээлеши заманбап компьютердик технологияларды колдонуу зарылчылыгына алып келет.

Интернет, электрондук почта, санариптик телекөрсөтүү биздин жашообузда бекем орунду ээледи.

Заманбап билим берүү процессинин натыйжалуулугунун көйгөйү төмөнкү карама-каршылыктардын болушу менен шартталган. Бир жагынан,

студент кабыл алышы керек болгон маалымат агымы өсүп жатат. Экинчи жагынан, студент көбүнчө бул маалыматты өздөштүрүүгө мотивациясы өтө төмөн. [7; 8]. Мындан тышкары, заманбап жашоо шарттарына көнүү үчүн адам анда болуп жаткан процесстердин жана кубулуштардын өз ара байланышын эске алып, курчап турган дүйнөнүн маалыматтык сүрөтүн так көрсөтүшү керек. Азыркы учурда, көпчүлүк адамдар үчүн программалоо жөндөмү (программалоо тилдери менен компьютердик программаларды түзүү) эмес, компьютердик маалыматтык технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүгү актуалдуу болуп калды. Мындай маалымат алуу маданияты адамзаттын жалпы маданиятынын бир бөлүгү болуп калат.

**Изилдөөнүн каражаттары жана ыкмалары.** Маалыматтык коомго өтүү бүтүндөй коомго, анын ичинде билим берүү системасына да таасирин тийгизет. Бул маалыматтык-коммуникациялык технологиялар менен байланышкан жаңы түшүнүктөрдүн пайда болушу жана азыркы коомдун ишинин бардык тармактарында компьютердик техниканы колдонуу менен шартталган [1]. Мугалимдин милдети-студентти практикалык иш-аракеттерде андан ары колдонуу максатында белгилүү бир көлөмдөгү маалыматты өзгөртүүгө жана өздөштүрүүгө үйрөтүү [8]. Бул маселени чечүүдө мугалим окутуунун жана тарбиялоонун салттуу ыкмаларын заманбап маалыматтык технологиялар, анын ичинде компьютердик технологиялар менен айкалыштыра алат. Окуу процессинде компьютерди колдонуу бул процессти мобилдик, дифференциалдуу жана жекече кылууга мүмкүндүк берет [6,7]. Маалыматтык технологиялар маалыматтарды башкаруу жана иштетүү технологияларына, ошондой эле бул маалыматтарды түзүүгө, анын ичинде эсептөө техникасын колдонууга байланыштуу дисциплиналардын жана адамдардын иш-аракеттеринин кеңири классын билдирет. Ар кандай педагогикалык технология маалыматтык технология деп айтууга болот, анткени окуу процессинин технологиясынын негизи маалыматты алуу жана трансформациялоо болуп саналат. Адатта, окутуунун жаңы маалыматтык технологиялары деп компьютердик окутуу технологиялары түшүнүлөт, бул компьютердин жардамы менен мугалим тарабынан окуучуга маалымат даярдоо жана берүү процессин камтыйт [6].

Коомдо ар түрдүү маалыматтык булактар кызмат кылып келет. Атап айтсак, китептер, методикалык колдонмолор, радио уктуруулар, теле көрсөтүүлөр, аудио китептер, газета-журналдар, интернет жана андагы түрдүү сайттар, спутникалык жана цифралык маалыматтык каналдар, уюлдук телефондор ж.б. Мына ушул маалыматтык булактардын негизги мааниси – дүйнөнүн булуң-бурчунда жашаган түрдүү улуттагы жана рассадагы, түрдүү социалдык чөйрөдөгү адамдарды маалымат менен камсыздоо болуп саналат.

Маалыматтык камсыздоо татаал программалардын жана компьютерлердин жардамы аркылуу ишке ашат [9].

Инновациялык техникалык өнүгүүлөр жашообуздун ар түрдүү чөйрөсүнө: билим берүү системасына, өндүрүшкө, экономикага, архитектурага, бизнеске, сатып алуу чөйрөсүнө (Интернет дүкөн), социалдык катмарларга, элдер (адамдар) аралык байланышууда таасирин тийгизүүдө. Демек, азыркы учурда глобалдык сеттин аркасында көптөгөн адамдар аралыктан иштешүүдө (мисалы, программисттер, интернет аркылуу алып сатуулар, акча которуу ж.б.) аралыктан бизнес ишин жүргүзүүдө, аралыктан билим алышууда, ал үчүн жогорку квалификациялуу, профессионалдуу адис болуусу абзел.

Педагогикалык кесибибизде азыркы заманбап шартта окуучулардын маалыматтык технологияга деген өзгөчө жана өтө кызыгуусун эске алып, биз мындай мүмкүнчүлүктү башкача айтканда маалыматтык коммуникациялык технологияларды англис тили сабагында мотивацияны демитүүчү кубаттуу курал иретинде пайдалана алабыз деген кортундуга келдик. Англис тилин компьютердик программалардын жардамы менен окутуп үйрөтүү окуучулар арасында чоң кызыгууну туудурат. Тажырыйба көрсөткөндөй, чет тили баланын аң сезиминин өсүшүнө жана калыптануусуна жагымдуу көрүнүш катары саналат. Чет тилин окутуп үйрөтүүдө (анын ичинде англис тили) окуучулардын аң сезими, элестетүүсү, көңүл буруусу, байкоосу, сүйлөө жөндөмдүүлүгү, сөз байлыгы жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгү өсөт [9].

Коомду компьютерлештирүүнү жана маалыматташтырууну уюуштуруучу, коммерсиялык, административдик жана социалдык – политикалык аспектилерди, компьютердик техниканы жана маалыматтык коммуникациялык технологияларды (МКТ) жашоонун бардык чөйрөлөрүнө массалык ишке киргизүүнү азыркы замандын талабы десек болот. Демек, азыркы жашообузду компьютердик коммуникациялык техника жок элестетүүгө мүмкүн эмес. Азыркы күндө маалыматтык технологиялардын артыкчылыкка ээ болгон багыттарына төмөндөгүлөр кирет:

- эсептөө системаларын жана программалык камсыздоолорун иштеп чыгуу;
- маалыматтарды кабыл алуу, сактоо, өзгөртүү жана кайра берүү менен байланышкан процесстерди изилдөө маалыматтык теориясы;
- математикалык моделдөө, эсептөө жана колдонмо математиканын методдору жана алардын ар түрдүү чөйрөдөгү фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдөгү колдонулушу;

- жасалма интеллектин методдору, адамдардын интелектуалдык иш аракеттериндеги аналитикалык жана логикалык ой жүгүртүүсүн моделдөө методдору;
- экономиканын, башкаруунун, пландоонун жана илимдин татаал проблемалары боюнча чыгарылыштарды даярдоо жана далилдөө үчүн колдонулуучу методологиялык каражаттарын изилдөөчү системалык анализ;
- биологиялык системалардагы маалыматтык процесстерди изилдөөчү биоинформатика;
- коомдун информатизацияланыш процессин изилдөөчү социалдык информатика;
- мультимедиа каражаттары, анимация, машиналык графика методдору;
- телекоммуникациялык системалар жана сеттер (желелер), ошондой эле глобалдык компьютердик сеттер (желелер);
- өндүрүштү, илимди, билим берүүнү, медицинаны, соода – сатыкты, мамлекеттик башкарууну жана башка бардык чарбалык жана коомдук ишмердүүлүктү өзүндө кармаган ар түрдүү тиркемелер [6].

«Маалымат» латындын «informatio» деген сөзүнөн келип чыгып, маалымат, түшүндүрүү, билдирүү дегенди туюнтат. Бул терминдин кеңири тарагандыгына карабай, маалымат илимде абдан бир талаш –тартышты жараткан түшүнүктөрдүн бири. Мисалы, кимдир бирөөнү кызыктырган каалагандай берилиштерди же түшүнүктөрдү маалымат деп аташат. Өз учурунда, техникада, мисалы, маалымат деп белгилер же шарттуу берилиштер формасында берилген жаңылыктарды түшүнөт.

**Жыйынтыктар жана талкуулар.** Учурда билим берүүнү өркүндөтүүнүн концепциясына ылайык, окуу предметтерин анын ичинде чет тилин окутуунун негизинде окуучулардын билимдери, билгичтиктери жана көндүмдөрүнүн сапаты жогорулоо менен өз алдынча эмгектенүүгө үйрөнүшөт, окуп, таанып билүү кызыкчылыктары жогорулайт.

Окутуу жана тарбиялоо процессинде сабакты теориялык, практикалык жана методикалык жактан жеткиликтүү, талапка ылайык жогорку деңгээлде өтүү үчүн окутуунун жаңы формаларын, ыкмаларын колдонуу ар бир мугалимдин алдында турган орчундуу маселе болуп эсептелет.

Маалымат технологияларынын жана аларга шайкеш келген программалык каражаттардын күн сайын жаңыланып турушу адамзаттан талыкпаган эмгекти талап кылууда. Илим менен техниканын тынымсыз өнүгүп жаткан

мезгилинде бизге традициялуу болуп калган методдордон гана пайдалануу бүгүнкү күндүн талабына жооп бере албай калды [1].

Ошондуктан, мугалимдер азыркы замандын талабына ылайык өз билимдерин өркүндөтүү үчүн интернет менен иштөөнү, дистанттык окуу борборлору менен байланышты үйрөнүшүп, өздөрүнүн үстүнөн үзгүлтүксүз иштесе, сабак өтүүдө өз чыгармачылыгы менен жөнөкөй окуп-үйрөтүүчү программаларды түзүп, алардын жардамында окуу материалын жеткиликтүү жана жеңил өздөштүрүүмүмкүнчүлүгүнө ээ болот [9].

Ян Амос Коменский “Окуучулардын эмгеги – жан дүйнөсүнүн кубанычы жана акыл эмгегинен алган канааттануусунун булагы болууга тийиш” деп айтканындай эле ар бир алып жаткан билим окуучуга кубаныч тартуулап, предметке болгон кызыгуусун арттыруусу зарыл. Ал эми аларды билим алууга кызыктыруу жана активдештирүү мугалимдин дараметине башкача айтканда, педагогикалык устаттыгынын деңгээлине көз каранды болот.

Башталгыч класстын окуучуларынын көрсөтмөлүү-образдуу ойлоолору өтө күчтүү, ошондуктан аларды окутууда сапаттуу иллюстративдик материалдарды колдонуу менен көрүү, угуу, эмоционалдык жана элестетүүлөрүн гана эмес, өздөштүрүүнүн жаңы процесстерин өркүндөтүүгө шарт түзүү керек.

Чет тинин окутууда маалыматтык технологияларды колдонуу окуучулардын чет тилин билүү деңгээлин жогорулатып, аз убакыттын ичинде натыйжалуу жыйынтыктарга жетүүнү камсыз кылат. Материалды жекелештирип жана дифференциялап берүүгө шарт түзүлөт жана мугалимдин материалды берүү убактысы үнөмдөлөт [2].

Чындыгында балдар элестете албаган нерселерди сүрөттөр, буюмдар же фигуралар аркылуу чагылдырып жеткирүүгө компьютердин жардамчы ролун танууга болбойт. Компьютердик технологияны эффективдүү жана билгичтик менен колдонгон мугалим пайда болгон проблемаларын чечүүдө, жаңыча ойлонууга жана өзүнүн ишмердүүлүгүн уюштурууга башкача көз караш менен мамиле кылуусу байкалып турат[1].

Башталгыч класстарда компьютердик технологиянын каражаттарын сабаттуулук менен колдонууну ишке ашыруу үчүн Power Point программасынын мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланган ыңгайлуу. Программанын жардамында башталгыч класстардын чет тили сабагында алфавиттерди үйрөтүүдөн баштап жаңы темаларды түшүндүрүүдө, өтүлгөн теманы бышыктоодо башкача айтканда тест түрүндө билимин баалоодо, мугалим темага карата слайддарды түзүп, слайдга чет тилиндеги

мультфилимдерди байлоо менен сабакка пайдалануусу өтүлүп жаткан теманы бат кабыл алуусуна жана ошондой эле окуучулар үчүн ийгиликтерге жетишүүгө түрткү болот.

Презентацияны колдонуп өтүлгөн сабакта окуучулар предмет боюнча окуп-үйрөнүүчү, сурап-билүүчү программалар ж.б. адабияттар менен өз алдынча иштөөнү үйрөнүшөт жана аларда кошумча тапшырмаларды аткарууга болгон каалоолору жана кызыгуулары пайда болот [9].

Класс менен фронталдык иштөөдө экран балдардын көңүл буруусун өзүнө тартат, окуу материалын ачык-айкын, ишенимдүү көрсөтүп, аны жетишээрлик деңгээлде өздөштүрүүгө жана эске сактап калуусуна шарт түзөт. Презентацияны бардык класстардын сабактарынын бардык этаптарында: жаңы материалды түшүндүрүүдө, бышыктоодо, кайталоодо, билимдерин текшерүүдө, класстан тышкаркы сабактарда колдонууга болот. Мында бала изденүүгө, билим алууга умтулуучу, чарчабаган, чыгармачыл, тырышчаак жана эмгекчил болуп тарбияланат. Компьютердик технологиялык каражаттардын жардамында таанып билүү ишмердүүлүгүн башкарууга кеткен эмгек бардык жактан:

- билимдердин сапатын жогорулатат;
- баланы жалпы өнүгүүгө жетелейт;
- баланын турмушуна кубаныч тартуулайт;
- окуу процессиндеги мугалим менен окуучулардын өз ара түшүнүүсү жана алардын кызматташтыгы үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлөт;
- балынын активдүү таанып билүү жөндөмдүүлүгү таанып билүү иш- аракети аркылуу түзүлөт жана өнүгөт;
- өзүн-өзү баалоо жана баалоо жумушун так жана туура жүргүзүүгө өбөлгө түзөт [3].

**Корутунду.** Азыркы мезгилде билим берүүнү информациялаштыруунун бирден-бир актуалдуу багыты катары заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияга окутуунун мазмунун жана методикасын ылайыкташтыруу болуп саналат. Билим берүү системасындагы мындай өзгөрүүлөр билим берүүнү массалык коммуникациялоо жана маалыматташтыруу шартында жүрүп жатат

Англис тил сабагында компьютердин жардамы менен бир катар дидактикалык маселелерди чечүүгө болот: аалам желесиндеги материалдарды колдонуу менен окуу жөндөмдүүлүгүн жана көндүмдөрдү кабыл алуусун демитүү; окуучулардын жазуу көндүмүн жакшыртуу;

окуучулардын сөздүк корун байытуу; окуучулардын англис тилин үйрөнүүгө болгон ынтаасын калыпташтырат. Ошентип, бул теманын актуалдуулугу көйгөйдүн маңыздуулугуна аргументтештирилгендигинде жана ошол эле учурда мектеп шартында колдонуу анын жетишээрлик иштелип чыкпагандыгында.

Электрондук материалдарды жаңы темаларды түшүндүрүү үчүн пайдаланууга болот, окуучулар интерактивдүү тесттерди аткаруу аркылуу мурда алган билимдерин бекемдей алышат, кеп байлыгын өстүрүү максатында аудио-ресурстарды угуу жана тексттерди окуу менен жалпы ой жүгүртүүсүн кеңейтүү үчүн колдонууга болот.

Маалымат коммуникациялык технологиялардын жардамы менен окутуунун ыңгайлуу жагы бул каалаган убакта окуучу каалаган сабагын интернет булактарынан таба жана окуй алат. Мындай жагдай билим алууда жакшы ийгилик жаратат.

Чет тили мугалимдеринин IT-компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү проблемаларынын азыркы абалы педагогдорун үзгүлтүксүз билим берүү системасындагы болуп жаткан обьективдүү карама-каршылыктарды иликтөөгө өбөлгө түзөт.

**Адабияттар**


1. Биболетова М.З. Мультимедийные средства как помощник УМК “Enjoy English” для средней школы. ИЯШ, №3.2013.
2. Бим И. Л. Обучение иностранному языку. Поиск новых путей // ИЯШ. - 1989 - №1.
3. Базовая ИКТ компетенция –как основа Интернет –образования учителя: [Текст]: Тезисы доклада А.А. Елизарова на конференции RELARN./2004.–Ассоциация RELARN.
4. Гальскова Н.Д. Методика обучения иностранным языкам в средней школе [Текст] / Н.Д.Гальскова – М.: 2004.
5. Горбушина О. В. Повышение интереса младших школьников к изучению иностранных языков как методическая проблема / О. В. Горбушина // Сб. науч. тр. аспирантов и соискателей КГУ (педагогические науки). – Вып. 6. – Курган : Изд-во Курганского гос. ун-та, 2004. – С. 73-74.
6. Данилов О. Е. Применение информационных коммуникационных технологий в процессе обучения / О. Е. Данилов // Актуальные вопросы современной науки: Материалы XIII Международной научно-практической конференции (31 октября 2011 г.): Сборник научных трудов; Под ред.
7. Данилов О. Е. Решение педагогических задач, обусловленных низким уровнем информационной культуры учащихся / О. Е. Данилов // Учебный физический эксперимент: Актуальные проблемы. Современные решения: Программа и материалы четырнадцатой Всероссийской научно-практической конференции. — Глазов: ГГПИ, 2009. — С. 6–7.

8. Данилов О. Е. Формирование информационной культуры личности студента / О. Е. Данилов // Традиционные и инновационные технологии воспитания в образовательном процессе: Материалы IV Всероссийской научно-практической конференции с международным участием / Под ред. Я. А. Чиговской-Назаровой, А. В. Тутолмина. — Глазов.
9. Тюрина С.Ю. Английский язык в сфере информационных и компьютерных технологий/ Академия Естествознаний 2012

*ПЕДАГОГИКА*

УДК 371.3:513
DOI: 10.52754/16947452_2022_4_164

# ОКУТУУНУН ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫНАН ПАЙДАЛАНЫП МААЛЫМАТТЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮ КАЛЫПТАНДЫРУУ

*Талипов Алмамбет Тынычбекович, окутуучу,*
talipovalmambet@gmail.com
*Тагаева Дамира Абылкасымовна, п.и.к., доцент,*
tagaeva.69@mail.ru
*Ажибекова Айзада Токтогуловна, улук окутуучу,*
*Ош мамлекеттик университети,*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *Азыркы мезгилде билим берүү процессинде окутуунун жаңы технологияларынан пайдаланып окутуу замандын талабы болуп саналат. Мезгил талап кылып жаткандай, тез темпте өнүгүп жаткан технологиялардан пайдаланып окутуу аракеттеги мамлекеттик стандарттын талаптарына, окуу программа жана окуу пландарына туура келет. Жаңы технологиялардын колдонулушу мугалимдин, окуучунун компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы дагы бир баскыч болуп саналат. Макалада заманбап окутуу технологиялардан артта калбоо максатындагы окутуунун технологиялардын бири катары интерактивдүү тактайчаны пайдалануу ыкмаларына токтолобуз. Ошондой эле, жаңы платформалардын жетишкен жактарын предметтерди окутууда пайдаланууда билим сапатын көтөрүүгө, окутууга кызыктырууда зор өбөлгө жараларын белгилеп кетебиз.*

***Ачкыч сөздөр:*** *компетенттүүлүк, заманбап окутуу, интерактивдүү тактайча, окутуунун жаңы технологиясы.*

# ФОРМИРОВАНИЕ ИНФОРМАЦИОННЫХ КОМПЕТЕНЦИЙ С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ НОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ ОБУЧЕНИЯ

*Талипов Алмамбет Тынычбекович, преподаватель,*
talipovalmambet@gmail.com
*Тагаева Дамира Абылкасымовна, к.п.н., доцент,*
tagaeva.69@mail.ru
*Ажибекова Айзада Токтогуловна,*
*старший преподаватель,*
*Ошский государственный университет,*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *В настоящее время обучение с использованием новых технологий обучения в образовательном процессе является требованием времени. Время требует, чтобы обучение соответствовало требованиям действующего государственного*

*стандарта, учебного плана и учебной программы с использованием быстро развивающихся технологий. Использование новых технологий - это еще один шаг в формировании информационной компетентности преподавателя и ученика. В статье рассматриваются современные образовательные технологии с испоьзованием интерактивных досок как одной из образовательных технологий. Также в статье отметили, что использование новых платформ на уроках повысит качество знаний и мотивацию к обучению.*

***Ключевые слова:*** *компетентность, современное обучение, интерактивные доски, новые технологии обучения.*

## FORMATION OF INFORMATION COMPETENCIES WITH USE OF NEW TECHNOLOGY TRAINING

*Talipov Almambet Tynychbekovich, teacher,*
talipovalmambet@gmail.com
*Tagaeva Damira Abylkasymovna,*
*candidate of pedagogical sciences,*
tagaeva.69@mail.ru
*Azhibekova Aizada Toktogulovna,*
*senior lecturer,*
*Osh State University,*
*Osh, Kyrgyzstan*

***Abstract.*** *Currently, teaching using the latest learning technologies in the educational process is a requirement of modernity. Time demands that training using rapidly developing technologies comply with the requirements of the current state standard, curricula and curricula. The use of new technologies is another stage in the formation of the competencies of a teacher, a student. We will focus on the methods of using interactive whiteboards as one of the learning technologies in order to keep up with modern learning technologies. The article also noted that the use of new platforms in the classroom will increase the quality of knowledge and motivation for learning.*

***Keywords:*** *competence, modern training, interactive whiteboard, new learning technologies.*

**Киришүү.** Учурда билим берүү системасында олуттуу өзгөрүүлөр болуп, окутуунун ар кандай платформаларынан пайдаланып окутуу күч алып жаткан мезгил. Жогорку окуу жайындагы, орто кесиптик билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдарында заманбап сервистерден пайдаланып окутуу аркылуу азыркы мезгиле мугалимдердин өз билимдерин ар тараптан жогорулатуу милдеттери турат. “Азыркы коомдогу компьютердик инновациялык технологиялардын, өнүгүү деңгээли көрсөтүп тургандай, учурда компьютердик технологиялардын замандын талабына жараша тез темпте өсүү процессинен пайдаланбаган тармак жокко эсе” [2].

Билим берүү процессиндеги жаңылануу, окутуунун жаңы технологияларынан пайдалануу – тез өнүгүп жаткан коомдун талаптарынын бири болуп саналат [4]. Окутуунун күндүзгү жана сырттан окутуу түрлөрүндө да кеңири колдонулуучу платформалардын бири катары Padlet сервисинен пайдаланууга токтолобуз. Бул сервистен пайдаланып окутуу менен мугалимдердин да, окуучулардын да дагы бир компетенттүүлүгү артты деп айтууга болор эле.

**Изилдөөнүн методдору жана материалдары.** Окутуунун маалыматтык технологияларын жаңы теманы өтүү, бышыктоо, кайталоо сабактарында пайдалануу окуучулардын предметке болгон кызыгууларын арттырары шексиз. Бул багыттагы изилдөөлөр Шехонин А.А, Тарлыков В.А., Харитонова О.В., Багаутдинова А.Ш., Джавлах Е.С. эмгектеринде кеңири баяндалган [7]. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн М. Алтыбаеванын редакциясы алдында жарык көргөн “Билим берүүдө онлайн платформаларды колдонуу” аттуу методикалык колдонмодо окутуунун жаңы технологияларынын айрым платформаларынын колдонуу ыкмалары келтирилип, сабактарды уюштуруудагы ыңгайлуу жактары белгиленген. “... электрондук окутуу каражаттарын колдонууда жөнөкөй, маалыматтуу, көрсөтмөлүү, предметти өздөштүрүүдө мотивацияны күчөтүүчү, сапаттуу билим алууга умтулган бардык каалоочуларга жеткиликтүү, мыкты кесипкөй адистерди даярдоону камсыз кыла турган болуусу керек, ошондой эле заманбап телекоммуникациялык каражаттарды жана заманбап информациялык технологияларды кеңири колдонуусу абзел” [1].

**Талкуулоо жана жыйынтык.** Геометрия сабактарында учурда интеративдүү доска менен катар эле жаңы сервистерди доска, кошумча материалдарды жайгаштыруучу такта, ватман каражаттарын алмаштыруучу каражат катары колдонобуз. Ал эми бул каратажаттардын бири катары – padlet сервиси менен иштөөнүн ыкмасын сунуштайбыз. Аталган технология менен иштөө аркылуу мугалим окуучунун мамлекеттик билим берүү уюмдарынын жалпы стандартында белгиленген түйүндүү компетенттүүлүктүн бири маалыматтык компетенттүүлүктү калыптандыра алат. Окуучу padlet тактайчасында иштөө менен топтордо биргелешип иштөө мүмкүнчүлүгү жаралат.

Padlet – бул маалыматты жайгаштыруу, түзүү, биргелешип редакциялоо жана сактоо үчүн колдонулуучу мультимедиялык ресурс. Студенттер, окуучулар, окутуучулар үчүн пайдаланууга ыңгайлуу болгон кичинекей дептер деп которууга да болот. Сабак өтүү учурунда окутуучу студенттер менен биргеликте түзүлгөн тактайчага зарыл болгон маалыматтарды

жайгаштырып, аны талкуулоого, кошумча маалыматтар менен толуктоого, жайгаштырылган маалыматтарга карата ой-пикирлерин жазып калтырууга болот. Сервис менен иштөө үчүн алгач интернетке уланып, «Padlet» термини жазылат, же «Падлет» деп жазууга да болот. Экранга бир нече маалыматтар чыгат. Бул маалыматтардан сайтына киребиз. Сайтка кирүү менен катталуу баскычы чыгат. Бул команданы басып төмөндөгүдөй сайтка кирүүнүн үч кабинеттен турган бети ачылат: Google, Microsoft, Apple (https://teacher.yandex.ru/posts/doska-padlet-dlya-prepodavatelya-stsenarii-ispolzovaniya).

Интернетке кирип иштөөдө кайсы кабинеттен пайдаланган болсо ошол кабинеттен пайдалануу ыңгайлуу болуп саналат. Эгерде биринчи кабинет Google колдонгон болсонуз, бул кабинеттен кирүүгө болот. Бул кабинетке киреribиз менен сизден gmail.com аккаунт жана паролунузду сурайт.

Өзүнүздүн gmail.com аккаунтуңузду жана паролунузду жазуу менен катталуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болосуз, ал эми катталуу көп убакытка созулбайт. Сайтка катталгандан кийин тарифтик план сунуштайт. Бул сервистин акы төлөнүүчү жана акы төлөнбөгөн эки түрүн кездештирүүгө болот. Акы төлөнбөгөн сервис «базалык сервис» деп аталып, 10 мб өлчөмүндөгү стандарттык сервис болуп саналат. Бул сервисте үч гана тактайчаны түзүү мүмкүнчүлүгү бар. Эгерде төртүнчү тактайчаны түзүү каралса, анда акы төлөө шарты жаралат. Акы төлөнүүчү padlet-тактайчалар акысыз тактайчаларга караганда мегобайттык өлчөмдөрү жогору болот.

Акысыз тактайчаларды (padlet) түзүп, аны колдонуу шарттары деле ыңгайлуу болуп саналгандыктан, аны түзүүнүн ыкмаларына токтолобуз. «Basic» баскычын тандап, базалык акысыз тактайчаны түзүүгө киришебиз. Экранда башкы бет ачылат. Башкы бетти англис жана орус тилдеринде пайдаланууга болот. Биз орус тилин тандайбыз. Ал үчүн башкы беттин жогорку оң жагындагы кара баскыч менен «настройкага» кирип, орус тилин (русский) тандайбыз. Кайрадан башкы бетке келип, башкы менюдагы «+ тактайчаны түзүү» («+ создай padlet») баскычын басып тактайчаларды түзүүгө киришебиз. «+ тактайчаны түзүү» баскычын баскандан кийин экранда төмөндөгүдөй бир нече варианттагы материалдарды жайгаштыруу үлгүлөрү берилет.

«Стена» - бул үлгүдө материалдар тактайчага ирети менен жайгаштырылат. Дубал сыяктуу материалдардын жайгаштырылышы.

«Холст»- тактайчада материалдар биринин артынан бири чынжыр сыяктуу удаалаш жайгаштырылат.

«Транслировать в виде нерперывного потока» - материалдар үзгүзтүксүз ирети менен жайгаштырылат.

«Сетка» - жайгаштырылган материалдар тор сымал түзүлүшүндө көрүнөт.

«Полка» - тактайчага коюлган материалдар текче сымал жайгаштырылат.

«Backchannel» - окуучулардын маалыматтарын алып, чат түзүүгө болот.

«Мар» - картадагы ордун ар кандай абалда жайгаштыруу.

«Timeline» - убакыттар көрсөтүлгөн шкала, кандайдыр объекттерди кошууга болот [3].

«Стена» - дубал сымал үлгүсүн пайдаланып, тактайча түзүп көрөлү. Ал үчүн аталган үлгүнү тандайбыз. Жогорку оң жактагы кара «настройкага» киребиз. Алгач тактайчага тема тандоого болот. Биздин учурда «Европага саякат» деп алабыз.

Кийинки кадам темага түшүндүрмө (описание) жазууга болот. Теманын алдына жазылып, жайгаштырылат. Андан кийинки аткарылуучу иш аракетибизде темага карата сүрөт тандоо (иконка же значок). Мында темага ылайык келген даяр сүрөттөрдөн тандоого болот.

Кийинки кадамда дарек (адрес) жайгашкан. Бул жерге окуучулардын даректерин жазып, даяр болгон (материалдар жайгаштырылган) тактайчанын шилтемесин жөнөтүүгө болот. Шилтеме аркылуу окуучулар тактайчага кирип, өздөрүнүн ой-пикирлерин, комментарий жаза алышат. Бул акырында аткарылуучу иш аракетибиз болот.

Кийинки бөлүктө тактайчанын түсү тандалат.

Мында тактайчанын түсү, градиент, текстура, сүрөт кабинеттери берилген. Ар бир кабинеттин тактайчаны өзгөртүүгө ылайык кызматы көрсөтүлөт. Акыркы кабинет сүрөт жайгайштыруу.

Кийинки кадамда авторду жарыялоо, реакция баскычтарын активдештирүү командалары аткарылат. Тактайчага жазуудагы шрифти белгилеп, комментарийлерди жазуу мүмкүнчүлүктөрү жаралат. Реакция аркылуу ар кандай формадагы сүрөттөрдү окуучулар жайгаштыра алышат. Акыркы чекке чейинки көрсөтүлгөн баскычтарды белгилеп бүткөндөн кийин, жогорку оң жактагы «сактоо» баскычын басабыз. Демек, биздин тактайчабыз даяр. Эми бул тактайчага материалдарды жайгаштыруубуз керек. Ал үчүн жогорудагы түзүлгөн тактайчанын төмөнкү сол жагында жайгашкан «+» баскычын басабыз.

Жогорку оң жактагы англис тилиндеги сөзгө чычканды коюп, оң жагын басып, орус тилине которуп алабыз. Ар бир команданы басуу менен

тактайчага материалдарды түрдүү булактардан алып, жйгаштыруу мүмкүнчүлүгүн көрсөтүүчү бул тапшырмалардын ар бирине кирүүгө болот. Мындан сырткары акыркы экранга бардык командалар көрүнөт.

Ар бир белги менен берилген командалардын маалыматты тактайчага жайгаштыруу кызматтары көрсөтүлгөн.



- тактайчага компьютерден ар кандай формадагы материалдарды алып жайгаштырууга болот.



- тактайчага учурда аудио жазууларды жүргүзүү.



- бул команданын жардамында тактайчага сүрөт тартып, түрдүү түстөргө боёого болот.



- камера аркылуу компьютердин алдындагы сүрөттөрдү тартууга, же башка жазууларды, тартып коюуга мүмкүн болгон материалдарды түз эле тартып жайгаштырылат.



- экранга видео жазууну орнотуп, видеолорду тартып жайгаштыруу.



-даяр түзүлгөн тактайчаларды жана андагы материалдарды көрсөтөт.



- тактайчага видеону үнү менен бирге жазып, жайгаштырат.



- жайгашуу ордун картада көрсөтүү.



- материалдарды интернеттен алуу каражаттары [3, 218-б.].

Жалпы билим берүүчү мектептерде учурда интерактивдүү доскалар, компьютердик каражаттар ар бир кабинетте, ар бир предмет мугалиминде толук камсыздалып, маалыматтык технологиялык каражаттар жетиштүү дегенден алыспыз. Онлайн окутуу шарттарында билим берүү системасындагы талаптар мугалимди дагы да көп изденүүгө түрткү берип, жаңы маалыматтык технологиялар, окутуунун эффективдүү ыкмаларынан

пайдаланып окутуунун зарылдыгын көрсөттү. Ушул талаптардын негизинде окутуучулар, мугалимдер маалыматтык бир топ жаңы технологияларды окуп үйрөнүүгө мажбур болдук.

Орто мектепте геометрияны окутуу учурунда интерактивдүү стратегияларды пайдаланып, топтор менен иштөө максатында классты үч командага бөлүп, padlet тактайчасына темага ылайык материалдарды жайгаштырабыз. Тактайчанын шилтемеси ватсаб группага жиберилет. Окуучулар шилтеме аркылуу сервиске кирип, тактадагы тапшырмаларды тиешелүү топтордо аткарышат. Жоопторду тактайдагы топторго карата жазылган тапшырманын өзүнө кирип комментарий катары, же дептерге эле аткарышып, сүрөткө тартып жөнөтө алышат.

Тактайчадагы жайгаштырылган материалдарды «бөлүшүү» командасы аркылуу Facebook, Twitter, Classroom платформаларына да жайгаштырууга болот. Ал жактан окуучулар тактайчага жайгаштырылган материалдарды тапшырма, маалымат, суроо, ж.б. катары окуп үйрөнүүгө, тапшырмаларды аткарууга, же жаңы маалымат катары алууга болот [5]. Окуучулар тактайчага өздөрүнүн комментарийлерин да жаза алышат. Classroom га анда мурда түзүлгөн темаларга киргизилип, тапшырма, маалымат катары жайгаштырылат. Андагы тактайчага кирүү үчүн код (ачкыч сөздөр) аркылуу берилет.

Түзүлгөн тактайчадагы материалдарды шилтеме аркылуу почталарына жөнөтүүгө да болот. Ошондой эле тактайчадагы материалдарды печаттан чыгарууга, сүрөт катары, pdf вариантта, excelde жазылган вариантта сактоо мүмкүнчүлүктөрү бар.

**Корутунду.** Азыркы мезгилдин талабы компетенттүү инсанды келечекке карай умтулууга даярдоо. Окутуу процессинде пайдаланылуучу бул платформаны колдонуу менен окуучулардын, окутуучулардын дагы компетенттүүлүгүн өнүктүрүү мүмүкүнчүлүгүн жаратууга болорун белгилей кеткибиз келет. Ар бир калыптануучу компетенттүүлүктө окутуунун кайсы бир ыкмасы колдонулуу менен заманбап технологияны өз сабактарында ийгиликтүү пайдалануу окутуунун сапатын жогорулатууга зор өбөлгө жаратарына шек [1]. Башка сервистер сыяктуу эле биз сунуштаган тактачанын да жетишкен жана кемчилик жактарын белгилеп кетүүгө болот:

Padlet – тактайчанын жетишкен жактары:

1) Долбоор менен коллективдүү иштөөгө болот – окуучулар коллективдүү түрдө материалдарды жайгаштырышат, анализ жүргүзүшөт, талкуулашат. Бири-биринин пикирлерин толукташат. Кемчиликтерин, жетишкендиктерин айтууга мүмкүнчүлүктөр жаралат;

2) Онлайн сабактарда интерактивдүү доска катары пайдаланууга болот;

3) Аудио байланыш катары колдонууга болот;

4) Окуучулар үй тапшырмаларын тактайчага жайгаштырышат, мугалим текшерет;

5) Сабактан тышкаркы иштер үчүн колдонууга болот. Аудио, видео жазууларды, сүрөттөрдү жайгаштырууга болот.

Тактайчанын кемчиликтери:

1) 3 тактайчаны гана түзүүгө боло тургандыгы;

2) Ар бир сабак үчүн түзүү зарыл болгондо мурдагы досканы өчүрүүгө туура келгендиги.

Жалпы билим уюмдарындагы мамлекеттик билим берүү стандарттарынын окутуу процессиндеги жаңылануу, маалыматтык технологиялардан пайдаланып сабактарды уюштуруу, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана окуучулардын билим деңгээлдерин жогорулатуу талаптарына биз сунуштаган сервис туура келет жана окуучулар үчүн да, мугалимдер үчүн да ыңгайлуу болуп саналарына шек жок.

**Адабияттар**

1. Бекбоев, И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. Бишкек. - Улуу тоолор. 2015. 125 б.
2. Мадраимов С.М., Тагаева Д.А. Орто мектепте геометрияны окутуу процессинде компьютердик технологияларды пайдалануу аркылуу окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү// ОшМУнун Жарчысы. № 3-4. 2016. С. 108-111
3. Билим берүүдө онлайн платформаларды колдонуу/Методикалык колдонмо/М. Алтыбаеванын редакциясы алдында. - Ош, 2022. 223 б.
4. Тагаева Д.А. Окуучуларда түйүндүү компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун айрым ыкмалары.//КББАнын кабарлары. №2 (54). 2021. 61-65 бб.
5. Тагаева Д.А., Култаева Д.Ч., Кубатова Г.Н. Окутууга компетенттүү мамиле шарттарындагы математиканы окутууда калыптануучу компетенттүүлүктөр// ОшМУнун Жарчысы. Т. 1. № 4. 2021. 332-337 - бб.
6. Тагаева, Д. А., Токтомамбетова Ж. С. Компетентностно-ориентированный подход к обучению//Бюллетень науки и практики. Т. 6. №8. 2020. С. 260-263
7. Шехонин А.А, Тарлыков В.А., Харитонова О.В., Багаутдинова А.Ш., Джавлах Е.С. Интерактивные технологии в образовательном процессе Университета ИТМО. Учебно-методическое пособие. - СПб.: Университет ИТМО, 2017. - 100 с.

*ПЕДАГОГИКА*

УДК 371.15 (-057.87)
DOI: 10.52754/16947452_2022_4_172

# МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖДЕРДЕГИ БОЛОЧОК МЕДАЙЫМДАРДЫН МОРАЛДЫК МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮ ҮЧҮН ТАРБИЯ ПРОЦЕССИНДЕГИ ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАР

*Ысмайылов Кубатбек Закирович***,** *улук окутуучу*
kubat_oshsu@mail.ru
*Ош мамлекеттик университети,*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *Бул макалада медициналык колледждердин окуу процессинде болочок медайымдардын адеп-ахлактык маданиятын өнүктүрүүнүн теориялык негиздери, инсандын адеп-ахлактык маданияты жөнүндө түшүнүктүн маңызы, мазмуну жана кесипкөйлүктүн өзгөчөлүгү каралат. Медайыдардын ишмердүүлүгү жөнүндө талдоо жүргүзүлүп анын адеп-ахлактык маданият түшүнүгүнүн мазмуну такталып жана конкреттештирилген критерийлер жана көрсөткүчтөр иштелип чыгып, болочок медайымдардын адеп-ахлактык маданиятынын деңгээли мүнөздөлөт. Макаладагы илимий эмгектер адамдын адеп-ахлактык маданиятынын өнүгүү деңгээли, тажрыйбаларды өздөштүрүү даражасы, баалуулуктарды органикалык жана ырааттуу ишке ашыруу жөндөмдүүлүгүн чагылдырат, жүрүм-турумдагы жана инсандар аралык мамилелердеги нормаларды, принциптерди жана өзүн-өзү дайыма өркүндөтүүгө даяр болуу деңгээли каралат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *гумандуулук, интеграция, руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктардын эффективдүүлүгү, инсандын социалдык өнүгүүсү, өзүн- өзү өнүктүрүү, конкреттүү моралдык үлгү, медициналык этика, ишеним жана колдоо.*

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ В ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ ПРОЦЕССЕ ПО РАЗВИТИЮ НРАВСТВЕННОЙ КУЛЬТУРЫ БУДУЩИХ МЕДИЦИНСКИХ СЕСТЁР В МЕДИЦИНСКИХ КОЛЛЕДЖАХ

*Ысмайылов Кубатбек Закирович***,**
*старший преподаватель*
kubat_oshsu@mail.ru
*Ошский государственный университет*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация***. *В данной статье рассматриваются особенности развития теоретических основ нравственности, культуры, профессионализма будущих медицинских сестёр в процессе обучения. Будет дана оценка нравственности и культуре медсестёр после проведения анализа деятельности и культуры, будет уточнено их содержание, разработаны критерии и показатели деятельности будущих медсестёр. В данной работе будет рассмотрен уровень человеческой нравственности, культуры, применение опыта, способность ограничено и поэтапно использовать ценности, поведение, нормы межчеловеческих отношений, принципы и саморазвитие.*

***Ключевые слова***: *гуманизация, итеграция, эффективность духовных и нравственных ценностей, социальное развитие, саморазвитие личности, конкретный моральный образец, медицинская этика, доверие и поддержка.*

# PEDAGOGICAL CONDITIONS IN THE EDUCATIONAL PROCESS FOR THE DEVELOPMENT OF THE MORAL CULTURE OF FUTURE NURSES IN MEDICAL COLLEGES

*Ysmaiylov Kubatbek Zakirovich, senior lecturer,*
*kubat_oshsu@mail.ru*
*Osh State University,*
*Osh, Kyrgyzstan*

***Abstract.*** *This article discusses about theoretical foundations the development of moral culture of future nurses in educational process in the medical colleges, the essence, content and features the concept of moral culture of the individual. The analysis of the doctor's activity is carried out, the content of the concept of his moral culture is clarified and specific criteria and indicators are developed, and the level of moral culture of future nurses is characterized. This work will consider the level of human morality, culture, application of experience, the ability to use limited and stage-by-stage values, behavior, norms of interhuman relations, principles and self-development.*

***Key words***: *humanization, integration, the effectiveness of spiritual and moral values, social development and self-development of the individual, a specific moral example, medical ethics, trust and support.*

**Киришүү.** Коомдогу жана жашоодогу өзгөрүү талаптары адамдарда болуп жаткан бардык иш - аракеттерди жана моралдык маданиятын көйгөйлөрүн өнүктүрүүгө болгон кызыгуусун жогорулаты. Азыркы коомдо моралдык мүнөздөгү эски баалуулуктар идеологиялык сынга дуушар болуп жатат, ал эми жаңылары жетиштүү деңгээлде коом таанууга ээ боло элек оор кырдаалда турат. Жаңы өзгөрүүлөр дарыгерлердин кесиптик ишмердүүлүгүн, руханий жана адеп-ахлактык мүнөздөрүн олуттуу өзгөрүүсүн талап кылары анык. Буга байланыштуу болочок медайымдардын адеп-ахлактык маданиятын, алардын жеке жана кесиптик моралдык маданиятын өнүктүрүү бүгүнкү күндө болуп көрбөгөндөй актуалдуу маселелердин бири. Бул изилдөөлөрдүн теориялык жана практикалык мааниси талашсыз экендигине карабастан, бүгүнкү күндө медициналык окуу жайлардын окуу процесстеринде болочок медайымдардын адеп - ахлактык маданиятын өнүктүрүү боюнча маселе иш жүзүндө иштелип чыга электигин белгилей кетүү керек. Бул маселени чечүү үчүн бул багыттагы адистерди өз кесибине максаттуу даярдоону уюштуруу, медайымдардын адеп-ахлактык маданиятынын критерийлерин жана көрсөткүчтөрүн, ошондой эле, бул

процесстин натыйжалуулугун камсыз кылуучу педагогикалык шарттарды иштеп чыгууну талап кылат.

**Изилдөөнүн материалдары жана методдору.** Болочок медайымдардын адеп-ахлактык маданиятын өнүктүрүүнүн теориялык жана методологиялык негиздерин изилдөө жана аны иштеп чыгуу зарылдыгы бир катар карама-каршылыктар менен аныкталган:

- азыркы коомдун өсүп жаткан талаптары менен медициналык окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн  бул талаптарга жооп бербеген деңгээлдеги медайымдардын моралдык образы, адеп-ахлактык маданиятынын ортосундагы карама-каршылык;

- болочок медайымдардын адеп-ахлактык маданиятын өнүктүрүү боюнча ишти жакшыртуу милдеттери менен медициналык  окуу жайдын алдында турган жана  аны чечүүнүн теориялык жана методологиялык негиздеринин ортосундагы карама-каршылык.

Медициналык окуу жайдын окуу процессинде болочок медайымдардын адеп-ахлактык маданиятын өнүктүрүү төмөнкүдөй учурларда натыйжалуу болот деген гипотезага негизделген:

- медайымдын мүнөзү жана жүрүм-турум маданиятынын маңызы ачылат;

- критерийлер, көрсөткүчтөр иштелип чыгат жана анын өнүгүү деңгээлдери мүнөздөлөт;

төмөндөгүдөй педагогикалык шарттар аткарылат:

• болочок медайымдардын жана  алардын кесиптик ишмердигинде адеп-ахлактык тарбиялоонун милдеттерин жана мазмунун конкреттештирүү;

• болочок медайыдардын адеп-ахлактык маданиятын өнүктүрүүнүн моделин иштеп чыгуу жана аны окуу процессине киргизүү;

• медициналык окуу жайлардын аудиториядан  тышкаркы иштерин руханий жана адеп -ахлактык мазмун  аркылуу болочок медайымдарга билим берүү потенциалын күчөтүү;

• болочок медайымдардын адеп-ахлактык маданиятын өнүктүрүү боюнча иш алып баруу үчүн студенттик топтордун жетекчилерин даярдоо;

• педагогикалык диагностика жүргүзүү жана анын негизинде болочок медайымдардын адеп-ахлак маданиятынын өнүгүү деңгээлин оңдоо.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы төмөнкүлөрдө турат: -бейтаптарга жана алардын туугандарына, кесиптештерине, кесиптик ишмердүүлүгүнө, муктаждыктарга жана кесиптик даярдыктарга гумандуу жана жоопкерчиликтүү мамиле жасаган болочок медайымдын адеп-ахлак маданияты, анын моралдык өнүгүү деңгээлинин маңызы ачылат.

Адеп-ахлак нормаларын жана медициналык этиканы, медайымдын кесиптик ишмердигиндеги жүрүм-турумун жана инсандар аралык мамилеге багыт берүүчү моралдык баалуулуктарды жана өзүн-өзү өркүндөтүү үчүн дарыгердин кесиптик маданияты жөнүндө илимий түшүнүгүн жана билимин кеңейтет; -болочок медайымдардын адеп-ахлактык маданиятынын деңгээлинин критерийлери жана көрсөткүчтөрү болуп төмөнкүлөр саналат: мотивациялык-баалуулук (моралдык турмуштун жана кесиптик баалуулуктардын системасынын болушу, моралдык жана кесиптик өзүн-өзү өркүндөтүүгө мотивация; эмпатиялык мамилени өнүктүрүү); когнитивдүү баалуулук (морал жана медициналык этиканын негиздерин билүү); жеке баалуулук (гумандуулук, кайрымдуулук, жоопкерчилик); активдүүлүк (адеп - ахлак нормаларына жана медициналык этикага ылайык мамилелерди жана ишмердүүлүктү куруу жөндөмү);

Ар кандай тармактагы адистердин кесиптик ишмердүүлүгүндө моралдык маданият конкреттүү көрүнүштөргө ээ. Медайымдын кесиптик ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгү медицинанын уникалдуу моралдык мейкиндиги менен аныкталат. Дарылоонун моралдык негиздери жалпы адамзаттык моралдык баалуулуктар, принциптер жана нормалар болуп саналат.

Болочок медайымдардын кесиптик жүрүм - туруму жана алардын ишмердүүлүгү төмөндөгүдөй моралдык принциптер менен аныкталат: медициналык кийлигишүүлөрдү чектеген “зыян келтирбөө” принциби; “жакшылык кыл” принциби, калктын бардык катмарлары жана топтору медициналык кызматтарды алууда бирдей жеткиликтүү, ошондой эле, саламаттыкты сактоо ресурстарын бирдей бөлүштүрүүнү кепилдеген “адилеттүүлүк” принциби.

Медициналык кесиптин жогоруда аталган моралдык принциптерин сактоо, анын гумандуу маңызына – азапты жеңилдетүү жана оорулуу адамга жардам берүү жана аны ийгиликтүү айыктыруу шарты коомдо ар дайым болуп келген жана болуп келе берет.

Жогоруда айтылгандардын бардыгын биз болочок медайымдын адеп-ахлактык маданияты жана анын өнүгүү деңгээли катары карайбыз, ал оорулууларга жана алардын жакындарына, кесиптештерине гумандуу жана жоопкерчиликтүү мамиледе болуп келет. Медайым кесиптик ишмердүүлүккө, керектөөлөргө, моралдык жана кесиптик өзүн-өзү өркүндөтүүгө ар дайым даяр болушу керек.

Реалдуу шарттардын негизинде болочок медайымдардын адеп-ахлактык маданиятынын төмөндөгүдөй критерийлери болуусу зарыл:

1. Мотивациялык баалуулук критерийи: адеп-ахлактык жана кесиптик баалуулуктардын тутумунун болушу, моралдык жана кесиптик өзүн-өзү өркүндөтүү үчүн мотивация, эмпатиялык мамилени жашоосунда өнүктүрүү.

2. Когнитивдик критерий: моралдык жана медициналык этиканын негиздери боюнча билимдин болушу, болочок медайым ээ болгон моралдык идеялардын жана түшүнүктөрдүн толукталышы.

3. Жеке критерий: натыйжалуу кесиптик ишмердүүлүк үчүн зарыл болгон моралдык сапаттарды калыптандыруу (гумандуулук, ырайымдуулук, жоопкерчилик ж. б.).

4. Активдүүлүк критерийи: болочок медайымдар бейтаптар менен болгон мамилелерди, ишмердүүлүктү моралдык жана медициналык этиканын нормаларына ылайык куруусу керек, кабыл алынган моралдык талаптарды, жүрүм - турумдун ченемдерин жана эрежелерин эске алуу менен көйгөйлөрдү чечүүдө моралдык чечимдерди кабыл алуу жөндөмү.

Андан сырткары болочок медайымдардын адеп-ахлактык маданиятын өнүктүрүүнүн башка деңгээли бар экендигин эске алып, биз бул төмөн, орто жана жогорку деңгээлдерди аныктадык.

Төмөн деңгээлге: бейтаптарга карата баалуулук багыттары иштелип чыккан эмес, болочок медайымда моралдык мотивация жок, бейтап менен баарлашууда коркуу (эмпатия) деңгээли төмөн; болочок медайымдын адеп-ахлактык түшүнүктөр жөнүндө ойлору туура бирок жетиштүү так жана толук эмес, ошондой эле, медициналык этиканын негиздерин начар билет, негизги профессионалдык жана моралдык сапаттары өтө начар өнүккөн, адептүүлүктүн жана медициналык этиканын нормаларына ылайык мамилелерди жана иш-аракеттерди жасоодо өзүн өз алдынча өркүндөтүүгө демилгеси жок. Орто деңгээлде: болочок медайымдын моралдык баалуулуктарды толук түшүнүү процесси калыптанат, адеп-ахлактык нормалардын жана принциптердин болушу байкалат жана кесиптик иш-аракеттердин мотивациясынын туруксуздугу, кесиптик иш үчүн жетиштүү адеп-ахлак жана медициналык этиканын негиздерин билүүгө аракет жасай баштайт. Жогорку деңгээлде: моралдык баалуулуктарга карата туруктуу позициясы бар, моралдык мотивация өнүккөн, медициналык этиканын негиздерин жана моралдык мүнөздү терең жана толук билүү калыптанган; негизги профессионалдык жана моралдык сапаттары калыптанат жана дайыма көрүнүп турат.

**Жыйынтыктар жана талкуулар.** Көйгөйдүн учурдагы абалын талдоо болочок медайымдын адептик маданиятынын өнүгүшү, анын моралдык потенциалынын калыптанышы кесиптик даярдоонун абдан баалуу

компоненти экенин жана ошол эле учурда ага жетүү оңой эмес экендигин көрсөттү. Медициналык окуу жайлардагы болочок медайымдарга адеп - ахлактык тарбия берүү боюнча ишти татаал деп бааласа болот, бул билим берүүдө жаңы көрсөтмөлөрдү издөө менен, ошондой эле коомдун өзү ар тараптуу моралдык кризисти башынан кечирип жаткандыгы менен байланыштуу. Келечектеги медайымдарды кесиптик- этикалык жактан жана адеп- ахлактык жактан тарбиялоо азыркы кырдаалдын ыраатсыздыгынан улам барган сайын татаалдашууда. Бир жагынан, ал идеологиялык таасирдин начарлашынын, коомдук калыптануунун өзгөрүшүнөн, адамдардын өз алдынча болуу демилгесинин негизинде пайда болуп жатат. Экинчи жагынан, студенттерди тарбиялоодо медициналык мекемелердеги кризистик абалды түзгөн өтө оор жана жагымсыз шарттар болуп жатат. Студенттер жалпысынан өздөрүнүн көз караштарынын кеңдигин көрсөтүшөт, бирок өзүн-өзү ырастоонун жана өзүн-өзү өркүндөтүүнүн ылайыктуу формаларын таба алышпай жатышат. Мунун баары келечектеги дарыгерлердин моралдык-этикалык маданиятынын төмөндөшүнө, чынчылдык, милдетти сезүү, жоопкерчилик, адамдарды урматтоо, сабырдуулук, альтруизм, кайрымдуулук жана башка сапаттардын жетишсиздигине алып келет.

Биздин оюбузча, келечектеги дарыгерлерди адеп-ахлактык жактан тарбиялоодогу олуттуу көйгөйлөрдүн бири, азыркы коом жайгашкан заманбап социалдык-экономикалык, руханий жана билим берүү шарттарына жооп берген студенттерге адеп-ахлактык тарбия берүүнүн жаңы технологиялардын жетишсиз деңгээлде иштелип чыгышы болуп саналат.

Бул максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер аныкталган: студенттерди адеп-ахлактык билимдер, идеялар, түшүнүктөр, ишенимдер системасы менен куралдандыруу, жашоого жана кесиптик баалуулуктарга карата оң көз карашты, эмпатияны, адеп-ахлактык сапаттарды өнүктүрүү, адеп-ахлактык жүрүм-турумдун көндүмдөрүн, моралдык жүрүм-турум көндүмдөрүн жана адаттарын калыптандыруу.

Биз болочок медайымдардын адептүүлүк маданиятын өнүктүрүү боюнча студенттик топтордун жетекчилеринин ишинин негизги багыттарына кайрылдык: окуу процессинде айрым студенттердин жана студенттик топтордун адептик маданиятын өнүктүрүү боюнча комплекстүү педагогикалык иштерди жүргүзүү; келечектеги дарыгерлердин адеп-ахлактык маданиятын өнүктүрүү моделин ишке ашыруу жана өркүндөтүү; студенттердин кесиптик маанилүү моралдык сапаттарын ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү; адеп-ахлактык маданиятынын өнүгүүсү төмөн, адеп-ахлактык өзүн-өзү өнүктүрүүдө кыйынчылыктарга дуушар болгон

студенттерге ар тараптуу педагогикалык жардам көрсөтүү.

Биздин изилдөөлөр келечектеги медайымдардын адеп-ахлактык маданиятынын өнүгүшүнө кесиптик чеберчилик гана эмес, адеп-ахлактык мүнөзү, куратор-педагогдун жалпы маданияты чоң тарбиялык таасир тийгизерин тастыктады.

